Мубара АБДИЛАТИПОВА


# Жоогазын гүлүн ачканда



***Урматтуу, мени жана мен сыйлаган окурманым.***

***Сизге дайыма асмандагы күндүн жаркып тийишин, гүлдөрдүн бажырайып ачылышын, жан-дүйнөңүз күн сайын жашарып, тазарышын, анан да адамдык улуу инсандык сапатты каалайм. Жараткандын көзү түз болсун, оомат, жакшылык тилейм. Максаттардын ишке ашып, бай, бакыбаттуу жашоо кечиришиңизге тилектешмин. Сиздин эң чоң казынаныз - ден соолугуңуз чың болуп, ар убак оорубай жүрүңүз.***

***Сизге ыраазычылык билдирип, автор.***



**УДК**
**ББК**

**Бул китепте муктаждыктын айынан аргасыздан алынган насыянын-карыздын кесепетинен турмуштун оор запкысына туш болгон аялдын тагдыры, акыры көксөгөн максат-үмүттүн ийгилик менен ишке ашышы, жаштык сүйүүнүн кайтып келиши, аялдык наздык, аялдык пакиза, аялдык улуулук чагылдырылган чыгармалар топтоштурулган.**

**Абдилатипова Мубара**
**Жоогазын гүлүн ачканда. — Б.: “Улуу тоолор”, 2015-жыл.**

# Насыя

Аңгеме

Уйкудан сергилең турду. Керебетинен козголо берип, ачык терезеден жайдын таңкы сыдырым соккон жели жүзүн тосуп, кудум эле жакшы түш көргөн сыяктуу ордунан тургусу келбей кушубак жатты. Сыртта чоң арыктын суусунун шаркырап аккан добушу, куштардын тынымсыз сайраган үндөрү угулуп турду. «Кудай берген бактыңа шүгүр. Ыраазымын, көз жашымды көлдөткөн күндөрүм сенин берген сынооң экен, кантет, чыдаар бекен дегенсиң го, чыдадым, баарына чыдадым, мээнет бердиң, акыбети жаман болгон жок. Сүймөнчүк болгон бала бердиң, алар акылдуу жетилишти. Бул да сенин жакшылыгың. Оо кудай, ыраазымын сага, мындан ары эч убакта жамандыкты көрсөтпөгүн, эми бактылуумун, ушул бактымды ыраа көргүн оо Жараткан». Өзүнчө сүйлөнө ордунан туруп жатып, кийинип сыртка чыкканда таң эми гана агарып, куштардын сайраганы, суунун шоокуму болбосо, эл толук уйкудан тура элек убак эле. Адатынча шар аккан суунун жээгине келип, атайылап жасап койгон тепкичтер менен ылдыйлап, кочуштап, муздак суудан улам сузуп алып, бетин жууй баштады, ичиркенгени менен муздак суу бүт денесин жеңилдете, көңүлүн ачып жиберди. Кайра тепкич менен жогору чыгып баратып жүзүндөгү сууну колу менен сылагылады. Жашынан жүзүн сүлгү менен аарчыбайт, суунун тамчыларынын бетинен ылдый сызылып, өзү өзү кургашын жакшы көрөт. «Улам сүргүлөй берсең назик бетиңе бат бырыш түшүп, бат картаясың», деп сунуш берет курдаштарына. Кайсыл жерден окуганы эсинде жок, бирок, бир гезиттен окуганы бар.Бул ыраспы, дегиси жашы алтымышты таяп калса да, отуз жаштагыдай жүзүнүн бир жеринен бырыш көрүнбөйт. «Турмуштун

азабын көп тарттым, башкалар болгондо эмдигиче бетин самсаалап бырыш басып, өзү жүрөгү ооруп, же инсультка кабылып калмак»,-деп алат да кайра Жаратканга тообо келтирип, жакасын колу менен мыжыга кармап: « Кудай жамандыктан, ооруп калуудан сактагын», дейт ичинен кудайга жалынып. Муздак суу менен жуунуп, маанайы ансайын ачылып, жашоого болгон кумарлануусу күчөгөндөй, ырахаттана барып, үйдүн алдындагы гүлдөрдүн жанына атайын темирден ширетилип жасалып, үстүнө тактай менен бекемделип, лакталгандан соң сырдалып коюлган орундукка келип олтурду. Жайдын ортосу болгондуктан, келини экөөлөп олтургузган  көп гүлдөрдүн баары тегиз жайнап, ачылып, табияттын баары ушул жерге чогулгандай  кулпуруп калыптыр. Гүлдөр гүл ачкандагы ушул керемет аны бир башкача кооз дүйнөгө жетелеп келгендей сыяктанды. Ушул ажайып кооздукка телмире тиктеп, тээ алыска карай ойго бата түштү. Ал ойлор кыжалаттуу, жан дүйнөсүн эзгилеген, чарчоо, кыйноо, түйшүк берген ойлор болчу.

X X X

Маянасы аздыгынан мугалимдик кесибин таштап, бизнес жасап, бир уул, бир кызын эч нерседен кем кылбай жашоо кечирип жаткан. Заңгыраган тамы, астында унаасы бар. Жолдошунан жаш калып, уул-кызын ата-энесине таштап, Россияга барып иштеп, жакшы акча таап, балдары чоңойгончо бутка туралы деп, кабаттуу болбосо да, бышык кыштан чоң үй салган, анан да кийин  барып иштеп келип,    өтө чоң эмес дүкөн, ага жанаша  ашкана сатып алып, унаа минип, иши ойдогудай жүрүп жаткан. Капчыгы калыңдап, уул-кыздарын окутуп, эл керегине жараган адам кылып өстүрсөм деген аруу тилеги бар. Санаа тарттыра турган ашыкча ою жок, балдары менен жашоосу бир калыпта. Дүкөнгө, ашканага бирөөлөрдү иштетип, азык-

түлүк менен өзү камсыздап, капарсыз жашоо кечирип жатканда бир күнү жакшы санаалаш курбусу келип калбаспы.Азыр ошону эстегенде ичи туз жалагандай ачышты.

-Сайраш,-деди жаркылдай сүйлөп, Керез ага аялынан ажырап, жалгыз жүргөнүнө бир топ болуп калды. Ал жалгыз бой аялдардын арасынан сени жактырып, сага сөз айттырып жатат. Иш орду жакшы, башкы эсепчи болуп иштейт. Аялы каза болгондо жыйнаганын жумшап, төгүлүп-чачылып калды. Жок дебей, "эки бакыр, бир тукур" болуп, ошого турмушка чыгып албайсыңбы, балдарың жаш, анын да эки уулу, сенин балдарыңдан бир аз чоңураак, балдар кичине кезде боор тартып калышат. Бир-бириңдин балдарыңа ата-эне болуп, турмушуңар ойдогудай болот.

- Кой Дарыйка курбум, балдарымдын атасы жакшы адам болчу, өмүрү кыска экен, бизди таштап оо дүйнө кете берди, сөөгү нааразы болбосун, мага балдарымды эл катарына кошсом деген тилектен башка ой жок, эмне кылам, башымды оорутуп, канчалык мактаганың менен биринчи күйөөңдөй боло бербейт,- деген Сайраш Дарыйканын сунушуна чындап эле көнө бербеди.

-Балдар да чоңоет, өз ордун таап кетишет, карыганда бир-бириңе эрмек болосуңар, Керез агай мүнөзү жумшак, бирөөгө катуу айтпаган жакшы адам.

- Жакшы болсо, ага да ылайык бирөө турган чыгар, мени зордобой эле кой.Анын үстүнө аны менен бирге жашабагандан кийин жакшылыгын кайдан билесиң,-деди Сайраш көңүлдөнө бербей, күйөөгө чыгуу анын уктаса түшүнө кирген эмес.

Сайрашты көндүрө албай Дарыйка капаланып, " чай ич" дегенине көнбөй кетип калды. Жолдошунан ажыраганынан беш жыл өтүп, ошондон бери ар кимиси ар кайсыл адамды таап, баарына көнбөй, көптөн бери кулагы да

тынчып калган. Беш жылдан бери эркек менен жашабай, өз алдынчалыкка үйрөнүп бүткөн. Каалаcа жумушуна барат, каалаcа уктап эс алат, балдарынын каалаганындай тамагын жасайт, дайыма үчөө бирге, мындан артыктын да кереги жок, акчадан муктаж эмес. Көрүпатат күйөөлөрү бар курбуларынын жашоосун, баары эле тегиз эмес тура. Бири аялынын айтканын жасап, балдарын карап, кем-өксүк кылбай жашап жатса, бири күндө мас, аялы менен балдарын үйдөн айдап, азапка салып келет. Аялын иштетпей, баарын камсыздап койгонуна «аялга ушундан башка не керек» дегендей каалагандай башка аялдар менен жүргөндөрү да бар. " Деги кийинки турмуш кандай болот, балким жакшыдыр, же жамандыр, башымды оорутуп не кылайын, тынч оокатымды жасап, тиричилигимди өткөрө берейин. Неге жакшы болсо Сайраш өзү Керезге турмушка чыгып албайт, мурда-кийин сырын билбеген адамды не кылам".

-Апа, апа дейм, курсагым ачты.- Бир заматта ойго бата түшкөн Сайраш мектептен келишкен уул-кызынын үнүнөн оюнан алаксыды.

-Мектептен келдиңерби, кийимиңерди батыраак алмаштырып, колуңарды самын менен жууп келип, дастарконго олтургула. Силер жакшы көргөн тамагымды жасап алып, күтүп олтурганмын, чогуу олтуруп ичели,-деди уул-кызына имериле калып, экөөн катарынан бешенесинен сылап. Ордунан туруп, ашканага карай басты да, бышкан тамакты идиштерге куя баштады. Баарын белендеп, бүтпөй жатып, кызы апасынын жанына басып келди да, жардамдаша баштады. Жума күнү төрөлгөндүктөн атын Жумагүл коюшкан, ал төрөт үйүндө жатканда кыз төрөлгөнүн угуп, жолдошу Касым, дароо күбөлүк алып, ушул ысымды койдуруп келиптир, азыр бешинчи класста, үчүнчү класста окуган уулу Медердин атын да "бизге

медер болуп жүрсүн", деп атасы койгон.Азыр балдарына энелик мээримин төгө сүйө карап, ушуларды эстеп алды. Балдарын башка адамдын көзүн караткысы келбеди.

- Бүгүн ким беш деген баа алды? – Апасы экөөнө бирдей энелик мээримин төгө карап, суроо узатты.

- Мен кыргыз тилинен беш алдым.

-Мага эсептен эжейим төрт коюп койду,-баласы наараzы боло мостое сүйлөдү.

-Эмне үчүн? Сен төрткө ылайык жооп берсең керек да.

- Андай эмес, ал берген эсепти доскага чыгып туура эле иштегенмин, эжекем дайыма эле мага бир баа төмөн кое берет.

-Мен эжекең менен сүйлөшүп көрөйүнчү, а балким сен калп айтып жаткан чыгарсың, бирок, сен баага кызыкпа, төрт алганың менен сен бешке билишиң керек. Мейли, эжекең кандай баа койсо дагы, сен жакшы окуй бер, жаңы келген эжекең сенин мурда дайыма жакшы окуп,беш алып жүргөнүңдү билбейт да,-деди уулуна.- Азыр тамактанып бүткөндөн кийин, бириң идиштерди жыйнаштырып, экинчиң жууп койгун да, эртеңки сабакка даярдангыла, мен жумушума барайын.

Уул-кызына күндө жасачу жумушун дайындап, Сайраш жумушуна кетти. Түшкө маал ашканага тамактанганы келгендер толуп кетет. Бул учурда ашпозчулардын да, элди тейлеген кыздардын да бош убактысы болбойт. Сайраштын ашкананын ичинен аралап өткөндө төр тарапта өзүнчө иш бөлмөсү бар. Терезелерине гүлдөрдү өстүрүп, жаңы мебелдерди коюп, жасалгалап алган. Иш ордуна эми эле олтурганда кыздардын бири аны бирөө сурап жатканын айтты. Ким экенин сурабастан, кардарлардын бири чыгар деп, иш бөлмөмө киргизе бергиле,-деди. Көп өтпөй Керез кирип келди. Кымбат баалуу асман түстүү жаңы костюм кийип алыптыр, чачын да жаңы алдырганы байка-

лып турат.Оң тарап маңдайындагы чачы көгүш тарта агарып, ушул турушу да жарашык бергендей. Жүзүнөн нур таамп, күлүңдөй саламдашып, диванга чалкалай олтурду.

-Сайраш Дарыйкага болбойт деген пикириңди айтыпсың.- Керез түз келе келгендеги оюн баштады.Жашыбыз кыркка жетип, балалыгыбыз артта калды. Экөөбүздүн уул-кыздарыбыз толук акылына келип, эс тарта элек жаш кезинде үйлөнүп алалы, мага көбүн айтышты, аларды каалабадым, балдарымдын энесинен ажыраганыма жыл айланды, эркек кишиге жалгыз жүрүү болбойт экен, анын үстүнө балдарыма да апа керек, сенин балдарыңа ата дегендей... -Керез бир саамга башын ылдый сала тим олтурду да, кайра кебин улантты.-Макул десең, экөөбүздүн турмушубуз жакшы болот, кирпигиңе кир жугузбай асырап алуу колумдан келет.Баарына жар салып,эл чакырып чоң той кылмак белек,тууган-урук, жакшы санаалаштарды чакырып даам таттырып коебуз. Биздин жашообуз өзүбүзгө керек, сен да жалгыз, мен да жалгыз, сунушума каршы болбошуңду каалайм.

Керез мурдатан даярданып келгенби, айтор турмушка катыгып калганын билгизе дароо эле үйлөнүү туралуу сунушун айта салды да, Сайраштын жүзүнө тайсалдабай тике карады.Аппапак бетине кызыл жүгүрө түшкөн Сайраштын ушул турпаты эркекке жагымдуу сезилди. Боюна кынала тигилген боз көйнөгү анын келбетине ого бетер жарашып, билектей жоон чачтарын төбөсүнө чогултуп алыптыр, ушул олтурушу кызматта иштеген аялдын турпатын элестетип турду. Көздөрү күлүңдөп, тегиз терилген коюу капкара каштары да жарашыктуу. Бир көргөн адам ага отуздан ашып ашпаган жашты берер эле. Мурда көрүп, билип жүрсө да, мынчалык таасирленбеген Керез Сайрашты карап туруп, " баралына жетип, жаркырап турган гана кези экен, ойлогон оюм оң болуп, менин жарым

болуп калса, колума көтөрүп, барктап алаар элем”,-деген бүтүмгө келди. Эркектин көз карашынан айбыга түшкөн келин, анын зыңкыйган турпатына уурдана карап коюп, өз ою менен алек. “Жагынайын деп атайылап жасанып келиптир, чын эле барктап алмакпы, же үйлөнүп алгандан кийин кээ бир эркектерге окшоп, өз билгениндей жүрүп, үйгө күзөтчү, балдарына кызматчы кылып алабы,ара күндө жаңжал чыгарып, ур токмокко алса,жашым отуз бешке жеткенде кимге арызданып барам, же айтканындай жакшы күйөө болуп береби.Дегиси бирөөгө көз каранды болбой, бир калыпта жүргүзгөн жашоомду уланта бергеним оң го.Ошентсе да, дароо эле кесе айтканым туура болбос, анан илештирип алсам кантем, кандай болгон күндө да ойлоноюн дегеним ырас болор”.Ичинен ойлор менен алышып олтуруп,эркектин сунушуна дароо макул,же жок деп айтуу кыйын болду. Анын көздөрүнүн тээ тереңинен эч кимге айтпаган, айткысы да келбеген чоң сыр жаткандай Керез да келинди эркинче коюп, үн катпай, анын оң жообун күтө, зарыга олтурду. Оо бир топтон кийин эки ийини менен терең дем ала Сайраш оозун аста кыбыратып, сүйлөөгө камынып жатканда “ ооба, мен макулмун”, деген кепти күтө эркек чочулай,бирок үмүттүү карады. Келин да, катуу айтып, көңүлүн ооруткусу келбеди окшойт, мурдагы оюнан арыла калып,бутакта конуп турган чымчыкты учуруп жибербейин дегендей абайлаган таризде жай гана унчукту.

-Сиз жакшы адамсыз Керез ага, кандай гана аял болбосун сизге жар болууга ынтызар болот чыгар. Мен сыяктуу жолдошун жоготкон, же ажырашып, башы бош жүргөн аялдардын арасынан, мага келип сөз айтып жатканыңызга бир чети ыраазымын, а балким сиз каалагандай жан эместирмин, кимдин гана кемчилиги жок дейсиз, азыр төгөрөгү төп келишкен идеалдуу аялды, же эркекти табуу

кыйын. Бул тирүүлүктө бирөөн толук, бирөөн кемтик кылат экен. Менин тилегим балдарымды гана жакшы тарбиялап, элге кызмат кылган даражага жеткирсем деген үмүт. Кайрадан экинчи ирет турмушка чыгып,бүлө күтсөм деген ойдон алыс элем, ойлогон күндө да кандай адамга туш болом, алар менин балдарымдын бешенесинен сылайбы, же көңүлүн ооруткан кеп айтып, атасынан айрылып, жабыгып турганда капа кылып коюп, менин көз жашым агабы. Ошон үчүн экинчи ирет турмушка чыгуу капарыма да келген эмес. Сиз да, өз балдарыңызга эне болчу, жакшы аялды издедиңиз да, анан келип, мага токтолдуңуз чыгар, бирок, аялга бөтөн үй, түбөлүк турак болуп, балдарга бөтөн аял эне болуу өтө кыйын. Ошондуктан сиз да, мен да терең ойлонуп, акыл калчап, анан бир жыйынтыкка келишибиз керек. Мага убакыт бериңиз, кабыргам менен кеңешип, балдарыма айтып көрөйүн, алар акылга кирип калышты, сиз да ошентиңиз.

Керез сыртынан караганда зыңкыйып, бирөөгө ачылып, төгүлүп, сырын айта бербеген аз сөздүү бул аялды мынчалык деп ойлобогон. Ушул аялдын оозунан ойлонууга аргасыз кылган мындай терең ойлор чыгат деп билбеген экен. Азыр анын сөзүн канчалык жүйөөлүү дегени менен, бактысы ушул жерде тургандай, өзү колуна кондуруп албаса, кайсыл бир күнү ушул акылдуу аялды башка жат адам тартып кетчүүдөй шашылды. Оозун колу менен жаба салчуудай, ашыга үн катты.

-Туура айтасың Сайраш, мен буга чейин көп ирет ойлонуп, канча ирет толгондум. Досторум, аяштарым канча аялды табышты, алардын айрымдары менен сүйлөштүм,көңүлүмө толбоду, кээсине жолугууну каалабадым. Ошолордун арасынан сени туура көрүп, өз көңүлүм менен сунушумду айтып жатам. Ортомчуну жактырбайм. Кой дегениме болбой аяшым Дарыйка, өзү сага келип-

тир, “ мага көнбөдү, өзүң бар ”, -деди. Ансыз да ылайык келчү күндү күтүп жүргөм. Сенин айтканың туура, зордобоюн, ойлонуп көр, бирок, макул дешиңди күтөм. –Эркек сөзүн бүтө андан ашык сөз ашыкча экенин баамдап, ордунан жай тура, “жакшы кал”, дегенчелик кош айтыша аста чыгып кетти. Сайраш башын ийкегилей, ордунан козголбоду, Керез чыгып кетери менен эмелеки бөлмөдөгү кысылуу, толкундануу жоголуп, боштук ээлеп, дем ала түшкөндөй болду. “Эмне кылышым керек, бир караганда баары эле жакшыдай көрүнөт, макул десем алмончоктой болгон эки наристемди капа кылып аламбы, буга чейин канча эркек сөз айтты, ортомчу койду, бирин да ылайык көрбөдүм эле, Керезди мурдатан билем, терс жагын көрбөдүм, жакшы аялы бар эле, өмүрү кыска экен, бир жылдан ашты, үйлөнбөй жүргөн, мындай эркектер аялынын кыркынан кийин эле аял алып жатышпайбы, бул да анын сабырдуулугунан, жакшы адам экендигинен чыгар. Балдарым үчүн башкалардын сунушун жактырбадым, балким алар көңүлүмө толбогондон улам ошенткендирмин. Кантсе да ойлонуп көрөйүн”. Сайраш оюн жыйынтыктагандай, ордунан турду.Бөлмөсүнөн чыкканда залда киши калбай калыптыр. Тамак бышыруучу жайды тазалап, идиштерди ирети менен койгон ашпозчулар кийинки күнгө камылга көрүп жатышыптыр. Аларга жумуш бүткөндөн соң, кадимкидей эртең менен эрте келүүнү айтты да, үйүнө кетти.

X X X

Эки тараптын тууган-уруктары, жоро-жолдоштору чогулуп, Сайрашты эпке келтирип, Керез экөөн үйлөндүрүп коюшту. Он сегиздеги, же жыйырмадагы кыз болбосо Сайраш да көп эле кылыктана бергиси келбеди, анын үстүнө улуу-кичүүнүн назарынан калууну да туура көрбөй, бир чети өз жашоосун торбокелге салды. Эркек аялдын үйүн-

дө жашоону туура көргөн жок, эки баласы менен жакындары Керездин үйүнө көчүрүп барышты. Жаңы үй-бүлө бир бирине ык коюп, көнүшүп кетүү үчүн убакыт керек эле. Балдарынын кулагына куя берип, уул-кызы Керезге, анын балдары Сайрашка үйрөнгөнсүп калышты. Бара-бара турмуш өз нугуна түшө баштады. Керез күн сайын эртең менен жумушуна жөнөйт. А балдар болсо түштөн кийин сабакка барышат. Мурда өз балдарына тамагын камдап мектепке жөнөтчү болсо, эми үч эркек, бир кызына эртең менен оокатын даярдап, стол үстүнө коюп,бетин аппак сүлгү менен жаап, дайындап коюп, Сайраш да өз ишине жөнөйт. Турмушка чыктым деп, бар оокатын таштап коймок беле, кечинде келатканда балдарга деп тапканын ала келет. Аялынан ажырап, эки баласы менен алпурушуп жүрүп, арыктай түшкөн Керез жакасы агарып, эки бети кызара, толо да баштады. Өзү айткандай аялына жумшак сүйлөп, ортодо жылуу мамилесин өзгөртпөдү. Канча жыл башкы эсепчилик жумушун таштабаганы менен заңгыратып там салбаптыр. Чакан үч бөлмөлүү үйү алты жанга тардык кыла баштады. Биринде тамактанышса, эки бөлмө жатакана жетишсиз эле. Экөөнүн жашаганына жыл айланып баратса да, Керез үйдү кеңейтүүнү ойлонбогонун көрүп, күтүп жүрө берип, акырында өзүнүн сунушун айтууну эп көрдү.

-Балдар да чоңоюп баратат.Бала үйлөп, кыз чыгара турган учур да жакындап калды.Уулуңуз эми эле мектепти бүтөт, үйлөнсө келин менен кайда жашайт, же тигил тамга көчөлү,( өзүнүн чоң тамын айтып жатканы) болбосо бул жерге чоңураак үй куралы.

-Сенин үйүңө барганыбыз уят, бул жерге экөөлөп үй тургузганыбыз дурус. Короо кенен, ушунча иштегеним менен мурда заңгыратып, кабат там салууну ойлонбогон экенмин, сенин айтканың туура,-деди Керез.

Экөө макулдашкандан кийин жаңы үйдү кантип курууну Сайраш пландаштыра баштаганы менен дале Керез козголо койбоду. Кенен үйдө жашап көнгөн балдары "үйгө кетели", дей башташты. Эми алардын үйү ушул жер экендигин, улуурак бир туугандар Керим менен Турат экөөнүн да агалары экендигин түшүндүрө баштады.

- Эми бул жер өз үйбүз,мындан буюрса кетпейбиз, кете турган болсок, баарыбыз чогуу кетебиз, агаларыңды, атаңарды таштап кетсек туура болбойт,-деди Сайраш. Тар жерде жашоо ага да кыйын болуп жаткан. Күндүзү го мейли, кечинде уктай турган убак келгенде эле, балдарга бир бөлмөгө жай салып, кызын кайда жаткырышын билбей, алдастай түшөт, Керез жумушу чыгып ишинде калганда жанына жаткырып алса, башка учурда балдардын бөлмөсүнө жай салып берүүгө аргасыз болот. Анын үстүнө кыз баланы өспүрүм балдарга кошуп коюу да туура эместигин билип туруп, аргасы кеткенде ошентет. Чоңоюп калган кызды Керездин экөөнүн төшөгүнүн жанына дайыма алып жата да албайт.

Сайраштын тамакка табити болбой, жегенин кусуп, өңү да керсары тарта баштады. Үйдө балдарын карап, дүкөнү менен ашканасынын ишине көз салбаса да болбойт, түйшүгү көбөйүп, кээде тамактанса, кээде тамактанбай жүрүп, арыктай да түштү. Жумушунан бошобой жүрүп, Керез кийинки мезгилде жубайына көңүл бура албай да калды. Эртең менен күндөгүдөй тамагын белендеп, өзү да олтуруп, ысык шорподон болгону бир кашык ичкенде көңүлү айланып, ордунан тура жөнөдү. Кайра келип олтурганда биринчи көргөн Сайраштын ордуна өңү шапайган, арыктаган башка аял олтургандай жубайынын жүзүнө тигилип алып, Керез чочуп кетти.

-Сайраш, сага эмне болду, өңүң башкача, ооруп калдың көрүнөт, сени дарыгерге көрсөтүп, анан жумушума

барайын.

-Жумушуңуздан калбаңыз, бир аздан кийин өзүмө келе түшөм, мен да ишиме барышым керек,-деди Сайраш. Көптөн бери өзүнө көңүл бурбай, эртең менен жумушуна кетип, кеч келип жүргөн жолдошуна бир чети таарына түшсө, экинчиден дарыгерге баргысы келбеди.

- Жумуш менен алагды болуп, сага, балдарга, үйгө да карай албадым, үйдөгү тиричиликтин баарын сага арта салдым, кечир мени, азыр дарыгерге барабыз, үйдөн деле ийне сайдырып, дарыларыңды иче бересиң,-деди Керез.- Табитиң тартпай турса да, аракет жасап оокатыңды ичип алып, даярдан, мен кийине берейин. –Жолдошу тамагын ичип бүтүп, бата кылды да, кийингени кетип, Сайраш канчалык ичейин десе да иче албай, идиш-аякты жыйнаштырып, күндөгүндөй балдарынын тамагын белендеп, “Туруп тамагыңарды ичкиле”,-деп кызына дайындап коюп, бир заматта кийинип даяр болду. Турмушка чыккандан бери түйшүгү көбөйүп,мурдагыдай өзүн жакшы карай да албай калган. Ошентсе да, турпатынан жаштыктагы сыны, сыры да кете элек.

Курбусу Дарыйка ооруканада дарыгер-гинеколог, ошого эле барууну туура көрдү. Керез да ошону ойлоп бараткан. Катарлаша кирген жубайларды көрүп, Дарыйка кубана түштү. Толмочунан келген турпаты менен отурган жеринен жай козголуп, ордунан шашпай тура экөөнө бирдейинен эки колун узата саламдашты.

-Келгиле, жаштар,-деди тамашалай.- Сайраш өңүң жаман болуп турат, оорудан соо элесиңби? –Текшербей туруп эле Сайраштын өңүн көрүп,кабагын чытыды. Кан басымыңды текшерип көрөйүн, -деди да дароо мойнуна асынып турган өлчөгүчтү алды да, бир тарабын өз кулагына төшөп, экинчисин Сайраштын көйнөгүнүн жеңин билегинен өйдө көтөрө сала коюп,тыңшай кетти да, бир

саамдан кийин башын чайкай курбусуна, бир Керезге карай үн катты:

-Кан басымың түшүп кетиптир го. –Анан Керезге бурулду: -Аяш капа болбосоңуз, сыртта бир аз күтө турсаңыз, мен Сайрашты жакшылап текшерип көрөйүн, а сен Сайраш мобул керебетке жатчы.

Сайраш курбусунун айтканын аткарды. Шыпты тиктеп, чалкалай жатканда ан сайын көңүлү айный баштады.Дарыйка аны көрүп бүтүп, башын көтөрө берип, Сайраштын кабагын бүркөй, өңү керсары тарта түшкөнүн байкай бир саам үнсүз туруп анан: -куттуктайм, Сайраш балалуу болот турбайсыңбы, көңүлүң айныса да, табитиңе туура келген тамактар менен азыктан, көбүрөөк оокаттанышың керек, өзүңдүн ашканаң бар, кыздарга айтсаң каалаганыңды жасап беришет, эми эки адамды багууга туура келет. Эң сонун болуптур, курбум, бул эң жакшы, сүйүнүчтүү кабар.Бул бала буюруп, төрөлгөндөн кийин экөөңөрдү дагы да жакындаштырат.- Дарыйка жаркылдай сүйлөп, эшикти ачты да,сырттагы Керезди ичкериге карай чакырды. Ал кирери менен токтоно албай жаңылыкты айта кетти: - Сиз дагы ата болгону турасыз. Буюрса балалуу болосуңар, Сайраштын оокат-ашына жакшы караңыз. Жейм дегенин сатып келип берип туруңуз. - Дарыйкадан мындай жаңылыкты уккан Керез маңдайы жаркый түшүп,сүйүнгөнүн ачык эле билгизди.

- Бул кубанычтуу кабар, рахмат Дарыйка, рахмат Сайраш. Анын кыйналганын көрүп, өзүмдү айыптуу сезип жатканмын, жейм дегенин алып келип берем. Сайраштан эмнемди аяйын.

-Ошентсе да, балага зыяны келбегендей дарыларды жазып берейин, баары бир сен ичишиң керек, кан басымың аз, эртеңден тартып, анализдериңди тапшыр, калганын анализдердин жыйынтыгы менен көрөлү.

-Анда биз кетели. Рахмат Дарыйка,-деди Сайраш ордунан козголо берип, Керез аялынын артынан удаа басты. Үйгө барып эс ал дегенине көнбөй, Сайраш жумушунда калып, Керез андан ары өз ишине кетти.

Ошол күндөн дарыгерлердин көзөмөлүндө болуп, айтканын аткарып, Сайраш мурдагы өңүнө келе баштады. Ичи да ачык эле билинип, ошого карабастан жумушундагы ишчилерге баш-көз болуп, ага да алаксыды. Кыш өткөрүп, эрте жазда уул төрөп, атын Белек коюп, бул баланын төрөлүшү экөөнүн мамилесин дагы чыңдагандай болду.Ата-эне бирдейинен наристенин төрөлүшүнө кам көрө оорутпоого аракеттенип, Сайраш эне сүтү менен бага баштады. Эки ортодогу данакер болгон Белек да убакыт өткөн сайын көзгө сүйкүм көрүнүп талпынып,бир жаштан өтүп өтпөй тамтуң басып, анан тили да эрте чыкты. Керездин жумушунан кетишине себеп болбогондо балким, алардын жашоосу өз нугу менен жүрө бермек беле. Капысынан ал иштеген ГЭСке текшерүү келип, Керездин финансылык кемчилик кетиргендиги билинди. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен миллион сом мойнуна илинип, текшерүүчү эгерде бул сумманы бир айдын аралыгында төлөбөй турган болсо, үстүнөн кылмыш иши козголо турганын билдирди.

-Сиздин көп жылдык тажрыйбаңызды, мурдатан мындай кемчилик кетирбегениңизди, беш балаңызды эске алып, убакыт берип жатабыз, албетте административдик чара көрүлүшү тийиш, ага кошумча текшерүүнүн жыйынтыгы менен чыккан сумманы, ага айып пулун кошуп кайра кайтарышыңыз керек, болбосо, мыйзам алдында жооп берүүгө туура келет.

-Аракеттенип көрөйүң, бирок менин үч бөлмөлүү чакан тамымдан башка байлыгым жок,-деди Керез башын ылдый салып турган калыбында.

-Мурдатан ошону ойлонушуңуз керек болчу, сөзсүз төлөшүңүз керек, болбосо…

Чачтарын ак бубак басып, жашы бир топко барып калган улгайган текшерүүчү стол бетиндеги кагаздарды жыйнай берип, териден тигилген кара сумкасына салды да, башын чайкай, Керезге колун бере коштошуп,чыгып кетти. Ордунан козголбогон Керез ошол отурушунда көпкө чейин жылган жок. Миллион сомду кайда, кантип иштеткенин өзү билет болчу. Убагында майдалап олтуруп, “ жаап салам”, деп жүрүп, улам кошула берип, кийин көнүмүш болуп, кайталанып, миң сомдуктар, миңдегенге,миңдеген, миллионго айланып, мынчалык болуп кетерин ойлобоптур. Эгерде дүкөнчү Бурулга жолукпаганда балким, мындай мүшкүл башына түшмөк эмес. Бурул туурасында Сайраш билбейт, бирок, алардын таржымалы көбүнө маалым болуп калган. “ Жаркылдаган аялынын көзүнө чөп салып, акылдуу десек Керездин да акылы аз тура, мындай экен мурдатан Сайрашка үйлөнбөй эле койсо болмок, анын байлыгына кызыгып, Бурулдун азгырыгына алданып жатат”,-деген сөздөрдүн бирин да аялы уккан эмес болчу. Миллион сомдун да дарегинен кабарсыз. Акыркы мезгилде күйөөсүнүн кабагы салынып, сабыры суз болуп жүргөнүн көргөн Сайраш текшерүүчү келип, жумушунан чарчап жаткан го деп божомолдогон. Анын сизге эмне болду? деп сураган суроосу да жоопсуз калган. Бешиктеги баласы, калган балдары менен алаксып, бөбөгүн чоңдоруна таштай салып, уктаганда ишине чуркап, эми мурдагыдан да жумушу көбөйүп кеткен. Ага кошумча уулдуу болгонунан кийин Керезге ишенсе, аракети, ою да жоктой, жашагандан кийин түбөлүк болобуз го, минтип уулдуу болуп калдык, той өткөрсөк, кичине тамда өткөрбөйлү деген ойдо үйдүн жанына эки кабат үйдүн курулушун баштап, үч айда, дубалын бүткөрүп, ча-

тырын жаап, усталар ичи-тышын шыбап жатышкан учуру эле. Буюрса бир айга жетип-жетпей уулу Белек менен үйдүн тоюн өткөрүп киребиз деп, элеп-желеп болуп турган кези. Дүкөнү менен ашканадан түшкөн каражаттын баарын мына ушул үйгө жумшап жаткан. Ага чейин деле топтогон акчасы да ушуга сарпталды Андан мурда Керимди үйлөндүрүп,анын тоюн кафеде өткөрүп, ага 300 миң сомду да Сайраш жумшады. Экөөбүз бирге жашап жаткандан кийин, менин тапканым Керездики да деген ойдо болгон Керез Сайраш үйдү кантип куруп жатат, канча каражат жумшалды? Муну сурабаганы менен өзүнүн кесиби эсепчи болгондуктан, болжоп билип турат, бирок, Сайрашка жардамдашмак түгүл, акыркы мезгилде иши да жүрүшпөй баратканын сезип, аны аялына айта албай жүргөн. Акыры келип, айта турган убак да болду көрүнөт, минтип башына мүшкүл иш түшүп турганда Сайрашка айтууга аргасыз болчу. Кечинде жумуштан үйгө келгенде Керез кадимки оорулуу адамдай босогодон араң кадам шилтеп кирди. Өзү да жумуштан келгенине бир сааттай болгон. Тамактандырып жаткан баласын жердеги төшөккө олтургуза калып, ордунан тура берип, сүйөй, жетелеп келип, отурууга жардамдаша чочуй үн катты.

-Эмне ооруп турасызбы, тамак даяр, ичип алсаңыз, бир заматта жакшы болуп каласыз,-эч нерседен кабары жок Сайраш күндөгүдөй эле мамилесин жасай, өнтөлөй түштү. Керез ачка да болчу, эртеден бери текшерүүчү менен алек болуп, аны тамакка алып барганы менен текшерүүнүн жыйынтыгын угуп, тамак оозуна барбаган. Бир чети теңселе басып келгени да ошондон болсо керек, дарманы кетип, шалдайып араң олтурду. Аңгыча Белек там-туң басып келип, атасынын тизесине асыла түшкөндө кабагы бир азга ачыла, уулун колуна алып, бооруна кысып, бешенесинен жыттагылай эркелете кетти:

-Асылым менин Белегим, акылсыз атаңдын абалы менен кабарсызсың, сен билбей эле кой, бирок кийин баары бир эс тартып, өзүң таразалап көрүп, айыптаарсың.- Негедир буулугуп,өзүн башкара албай калды. Колуна булоосу чыккан тамак-ашы салынган патносту көтөрө кирген Сайраш Керездин көзүнөн аккан мөлтүр жашты көрүп, чочуп кетти да,колундагы пияланы дастаркондун четине кое сала, жанына учуп жетти. Жакындарынан кимдир бирөө каза таап, ал кабарды айта албай турган го деген ой жадына келе калды да,аста үн катты:

-Тынччылыкпы, сизге эмне болду?

-Өзүмчө эле Сайраш, сен кабатырланба баары жайында.-деген Керез өзүн да, келинчегин да сооротууга аракеттенди.

-Жакшылык эле болсун, келиңиз баланы мага бериңиз да, ысыгында тамагыңызды ичип алыңыз. Суроо берип, кыйнабайын деген Сайраш баласына тамак берүүсүн улантып,көз кыйыгы менен күйөөсүн тиктеп коюп олтурду. Керез тамакты толук аягына чейин ичип, пиялага куюлуп, муздап калган чайды шимире жутуп, өзүнө бир аз келе түшкөндөй болду. Өзү айтар деген ойдо Сайраш ага суроо катпады. Бир учурда Керез сүйлөөгө камынды. Өзүн карманды, табиятында сөзгө чечендигинин пайдасы ушул жолу да тийди көрүнөт, сабырдуу сүйлөп, келинчегинин көңүлүн өзүнө бурууга аракеттенди, ага оор тийерин билсе да айтышы керек болчу.

-Сайраш кечир мени, сага берген убадамды аткара албай калдым. Келген текшерүүчү миллиондон ашык акчаны мойнума илип салды.

-Эмне дейсиз! Кайдагы миллион, балким адашкан чыгар.- Сайраш уккан кулагына ишене албай кетти. Мүнөзү оор, ар бир сөздү териштирип көрүп,анан жыйынтык чыгарууга үйрөнгөндүктөн сабыр күттү.Кээ бир аялга ок-

шоп, буркан-шаркан түшүп албууттанган да жок. Бирок, муну күтпөгөн дене бою муздап кетти.

-Чын эле ошондой болуп калды.

-Кантип чын болсун, кабаттап үй салсаңыз, миллион жеди десе болоор эле. Ушунча жыл жепирейген жаман тамда жашап келип, ал миллионду кайда жумшадыңыз, же дагы башка үй-бүлөңүз бар беле?!

Бул сөз талуу жерине тийгендей болду, Сайраш дал өзүн айтты. " Бурулду билген го, болбосо кантип ушундай дейт",-деди ичинен. Кандай десе да, аялынын, балдарынын алдында чоң күнөөгө батты. Кучагында термелип, бал тилине арбалып, Сайраш менен алмаштырып, ага тең келбеген Бурулга айлангөчөк болбогондо, азыр жубайынын алдында башын ийип, жардам сурагандай алдастап турмак эмес эле. "Атаганат эркектин акылы пас болот мойунга албай, арданып жүрүптүрмүн, ушул акылым пастыгынан минтип, миллионду желкеме артып турмак белем". Ушуну айтып Бурулга барганын эстеди. Анысы сөзүн уккусу келбей, үйүнө киргизбей койду. "Уялбай миллионду мени жеди деп турасыңбы,балдарыңа жегиздиң, Сайрашыңа бердиң,эки кабат үйдү кайсыл акчаңа салат эле, мындан кийин мага догурунуп келбегин, түрмөдө чирийсиңби, атылып өлөсүңбү мага кызыгы жок, лөлүгүңдү Сайрашыңа барып көрсөт". "Бүркүтүм деп жалбарган, башына кыйынчылык түшкөндө бут алдында ийилип, бутун жууп, кийиндирип, таттуу тамагын белендеген Бурулду тааный албады. Анын иниси бирөөнүн унаасын сүздүрүп кетип, 150 миң сомду алганын, атама аш беребиз деп, 50 миң сомду сураганын,элчилеп шуба кийем, үйүмө гарнитур алам,"деп канча ирет мойсогонун, андан башка алган белектерин, Керездин эбинен жеген таммк-ашын унутуп койгонуна күйбөгөн жери күл болду. Өз үйүнө барбай бир түнөгөндө шыңкылдап күлүп, жанында имер-

чиктеп, көздөрүн сүзүп, жалооруп жалбарганда баарын унутуп, колунан келсе асмандагы айды да алып берүүгө даяр боло калып, ичи эзиле, ушул аялга багынып,колунан тартып, кулагынан мойнуна чейин бриланттан белек бергенин кара, ойлоп көрсө үйүндөгү ак никелүү зайыбына да мынчалык чоң белекти тартуулабаган экен.Керезди алдап алып жүрүп, үйүнүн сыртынан тартып, ичине чейин оңдоп алды, мебелдерин баарын жаңылап, жегени май токоч, ичкен идиши хрустал, кийгени кымбат баалуу норка пальто болду. Эми карыз болуп, алдастап турган Керездин ага эмне кереги бар,ошону үчүн да катуу айтты, эки бети кызарбай, бир заматта жеген-кийгенин унутту. Анын албуттанган турпатын карап туруп, көргөн көзүнө ишене албай кетти.Бурулдан пайда жок экендигине көзү жеткенде аялынын алдынап теңселип келген жайы болчу.

Азыр ушуларды ойлонуп олтуруп, заманасы куурулуп, зээни кейип,кабыргасы кайышты. Булардын баарын Сайрашка айтууга дити барбады. Акылдуу аял күйөөсүнүн айыбын жүрөгү менен сезип турса да, ал андан жардам күтүп турганын байкады.

-Сайраш азыр суроoңо жооп бере албаймын, бирок, ошол каражатты кайтарып беришим керек?

-Кантип кайтарасыз, жакшылык ой-максат, арзуу үмүт менен салып жаткан,өзүбүз кире элек үйүбүздү сатабызбы?Же менин тигил жактагы үйүмдү айтканы жатасызбы?!

-Жок,сата албайбыз, катарынан уулдарыбыз турат?-деди Керез башын ылдый салган калыбында.

-Анда, башка жерде биздин жашырып жыйнаган байлыгыңыз болсо, мейли таап төлөңүз, кантип,мынчалык каражатты мойнузга илдиңиз, билбейм, өзүңүз...

-Сайраш, мен ишимден да кол жууйм, түрмөгө түшпөсүн десең. Банктан насыя алып кутулалы. Ортодо

балабыз бар.

-Болор иш болуптур, мурда балдарды ойлоо керек болчу. Аракет кылып көрөйүн,кредитти өзүңүз төлөйсүз.

- Төлөйм,-деди жеңилдей түшкөн Керез.

... Сайраш буга чейин кредит, же бирөөдөн карыз алып көнгөн эмес болчу. Эки соода жайын күрөөгө коюп, акча алып, Керездин карызын жапты. Керез жумушунан да ажырап,башка да жумуш караштырбай үйдө олтуруп калды. «Ала бер, өзүм төлөйм», деген убадасы унутулган. Өзүнө келгичекти деп, Сайраш да унчукпады. Баягыдай эле балдарын да карап, ашканасы менен дүкөнүн иштетип, түйшүгү ан сайын көбөйдү. Жаңы тамынын ремонту да аягына чыкпай, токтоп калды. Ага сарапталчу каражатты эми ай сайын банктан алган насыяга жумшачу болду. Керээлиден кечке тыным албай иштеп, айдын соңунда топтогон акчасын, олчойтуп, банкка төлөп жатканда кабыргасы кайыша түшөт,"Жебеген самсага пул төлөп, анысын да ашыгы менен берип" өзүнө өзү түйшүк арттырганына кейип кетет. Эгерде Керезге турмушка чыкпай, өз тиричилигин жасап жүргөндө жашоосунда мынчалык дүрбөлөң түшүп, кыйноо тартмак эмес. Өзүнүн ден соолугун карап, балдарынын тамак-ашын кенен-кесири жасап жүрмөк. Уул-кызы катарынан мектепти бүтүп,аларды окута да албай калды, апасына каралашып, кызы кошо иштейт, уулун Аскерге чакырып, бир жылдан кийин милдетин өтөп келип, анысы да дүкөндө, тапкандары карызга кеткенине алардын да ичи ачышат.Өзүнө өзү түйшүк үйүп алганына бирде өзүн жемелеси, бирде Керезге ачуусу келип, ага болгон жылуу сезими да өчө баштады. Керим болсо, аялы экөө тең иштебей үй толук бүтпөй бирөөнүн үйүндө башпаанек алып келишет, оокат-ашынын баары Сайраштын мойнунда. Турат да жакшы окубай, мектепте тентектик кылып жүрүп,кесиптик лицейге кеткен, балким

кесип алса, бир жерде иштер деп турушат.Ошол арада Жумагүлгө жайлуу жерден куда келип, кызынын бактысын тилеп, анын тоюн өткөрүп, күйөөгө узатты. Бир чети көңүлү тынып калганы менен, ага жакшы жардамчы болуп жүргөн. Эми таянганы уулу, анысына дүкөндү биротоло берип койгону менен эсеп-кысабына өзү көзөмөл жасайт, ашкананын иши да "какаганга муштаган" болуп, жакшы иштебей калды. Канчалык кыйналбасын, ичи муздай баштаса да бир да ирет " сен кылдың" деп кабагын бүркөп, Керезге жаман пейилин көрсөтпөдү. Ал да саламатчылыгы начарлап, бирде кан басымы көтөрүлсө, бирде жүрөгү кармап жүрүп, акырында төшөккө жатып калды. Кредиттен калганын үнөмдөп жүрүп,үйүнүн ремонтун бүткөрүп, эч кандай шаан-шөөкөтүсүз кирип алышып, Керим менен келинчегин көчүрүп келишкен. Өзү жумушунда болуп,келини кайын атасын карап, үйдө болсо, кыйынчылыктан батыраак чыгарбыз деген ойдо болчу. Бирок,уул-келини айтканындай болбоду.Керездин абалы оорлошо бергенинен Бишкекке алып барып, дарылатууга туура келди.Баласы дүкөндөн тапкан акчасын утуру жөнөтүп жатып, өзү кошо карап, бир айдан соң, үйүнө келишкенде, уулу балалык кылып, акыркы күнү дүкөндү жакшылап иштете албай, ашканасында ашпозчулар кетип, жумушу токтоп калган эле. Жолдошу менен алпурушуп жүрүп, соода-жайын да жакшылап иштете албады. Кредитин төлөө да кыйынчылыкты туудургандыктан, банктан экинчи ирет акча алууга туура келди. Дарыланып келгени менен көп өтпөй, улам ооруп, Керез дарысыз жүрө албай калды. Он күн ооруса, бир күн соо күн кечирип, ушундай азаптуу жашоо беш жылдай уланып, акыры тирүүлүк менен кош айтышты. Атасынын кыркын белгилеген күндүн эртеси Керим, жаңжал чыгарып, " бул үй биздики, эми сенин акың жок", деп Сайрашты эки баласы менен үйдөн

чыгарып салды. Дүкөнү менен ашканасын тыным албай иштетип, Керезге келерден мурда күкүмдөп чогулткан каражатын бүт сарптап салган үйүн, өзү үйлөнгөндө жумшаган 300 миң сом каражатын билип турса да, билмексендикке салган Керим Сайраштын аста айткан сөзүн түшүнбөдү.

-Баары бир, уруп болсо да сени кетирем, биз менен жашоого акың жок, үй сеники эмес,-деген Керимдин сөзүн угуп туруп, баары бир " бекеринен өгөй",-деп айтылбагандыгына ынанды. Эртеси да Керездин тууган уруктары толук тарай элек болчу.Керимди бала десе, кайын энеси, кайын эже менен кайынсиңди,кайнилери да анын сөзүн кубатташты.

-Мен го мейли. Белек силердин каныңардан жаралган эмес беле?

-Аны үйлөндүрүп, жайгаштыруу эми сенин милдетиң,-деди кайын эжеси.

-Өз үйү туруп, Керим квартирада жашап келди, ошондо да сага унчукпадык, сени менен жашап, уулум Керез оорулуу болду, акыры айыга албай, минтип балдарынын убайын көрөр кезде жарыкчылыктан кол жууп, кете берди,-кайын эне бышактады.

- Уулуңуз карызынын айынан ойлоно берип, жүрөк оорусуна кабылды, мен банктан насыя алып, төлөп кутулбадыкбы, силер да четин билесиңер, ошондон тарта, анын карызынан кутулганыбыз менен мойнума чоң өлчөмдөгү карыз илинип,эмдигиче кутула албай келатам,калыс болуңуз апа,минткениңер жарабайт,ортодо бала бар.

- Баса үйүң бар эмес беле, аныңды эмнеге жашырасың?

-Эне, ал үйдү балаңыздын карызы үчүн алган кредиттен кутула албай сатып, жибергенбиз,-деди Сайраш. -Катарынан кредит ала берип, эптей албай калганда үйүн туугандарына арзан эле сатып жиберген болчу. Сайраштын

«апаңа,бир туугандарыңа айталы, балким акчадан жардам беришээр»,-деген сөзүн укпай, Керез өз күнөөсүн апасы менен бир туугандарынан жашырып келгендигинин кесепетинен эми айыптын баарын Сайрашка жүктөп коюшту.

-Өлгөн баламды күнөөлөбө, жайында тынч жатсын, балам иштеген, иши жакшы болчу, кайдагы карызын айтып, биздин башыбызды оорутпагын. Ашкана, дүкөн иштетем деп алган өзүңдүн карыздарың чыгар. Анын үстүнө тирүү жансың, сенин колуңдан баары келет, жаңжал чыгарбагын да, балдарыңды алып чыгып кеткин!

- Эне антпеңиз, сиз энесиз го, уулуңуз менен аз жашаган жокмун, кадырым сиңип калды эле го, келгениңизде төрүмдө олтургузуп, « апалап» ысык чайымды бергенден башка жаман кебим тийбеген эле эне.

-Келсем да, анда-санда бир келчү элем, бир пияла берген чайыңды милдет кыла бербегин, башында эле сага үйлөнгөндө каршы элем, жаткан жери жайлуу болгур балам, менин сөзүмө кирбеди, өзүнчө жашап, эркин жүрүп үйрөнгөн неме сага жыргатып аял болуп бербейт дегенмин, мунум ырас чыкты.

Кайын эненин кебине күйбөгөн жери күл болгону аз келгенсип, туубаса да тутунуп, бешенесинен сылап, караган баласы да опураңдап бир тийди:

- биз да эркин жашайлы, жакшы кепти укпадың, тур чыгып кет! –Керим олтурган жеринен тура калып, колунан бекем кармап, көкүрөгүнөн сыртка карай түртүп жибергенде теңселип барып оңолду. Ошол кезде уулдары Медер менен Белек чыркырап жиберишти.

-Апа, бул үйдөн кетеличи.

-Тигине балдарың да айтып жатышат,бизге кесириңди тийгизбей кеткин!

-Бир күнү туура эмес иш жасап жатканыңды билесиң балам, баарын унуткан турбайсыңбы, эне ордуна эне бо-

луп, өз колум менен келинчегиңе жоолук салып, тоюңду өткөрүп, боорума тарттым эле, жакшылыгым, жамандык менен кайтаарын билбептирмин. –Сайраш айтпайын деген сөзүн жаны ачыганынан айтып жиберди.Бирок, ал күтпөгөн окуя болуп кетти. Кара өңү ан сайын карарып, мүнөзү корс Керим турган жеринен жакындай түштү да, аны беттен ары уруп жиберди. Заматта көзүнөн от чагылыша, мурдунан кан атып кетти. Мындай болору оюна келбегендиктен, боюн кармай албай, жерге күп этип жыгылды. Медер жүгүрө келип, башын жөлөй калды, ыйлап жиберген Белек колунан тарткылай тургузууга аракеттенди. Дендароо адамдай абалга келе калган Сайраш өзүн кармай, бул үйдөн тезинен чыгып кетпесе жамандык болоруна көзү жетти. «Кой» деш ордунан жардана карап турушкан кайын энеси баш болгон кайын журтун сыдырата карап, башын чайкай алсыз үн катты. Өз жеринде кадыр-баркы бар,абройлуу башы менен мына ушундай абалга туш болгонуна ичи ачышты.

-Керим Белек сенин бир бооруң эле, мына ушул баланын жанында туура эмес иш жасадың, мейли биз кетебиз. Бирок « аккан арыктан суу ага берет», бүгүн какыраган чөлдө жер кезсек, эртең суусу толгон көлдө кеме менен жүрөбүз, мейли менин бешене терим менен тапканым сага качанга чейин буюрат экен. Биз азыр кетебиз, сени менен соттошуп үй талашпайм, бул да болсо маркум атаңдын урматы үчүн, ал киши менин башыма канчалык оорчулукту келтирсе да, эми көзү өткөндөн кийин күнөөлөбөйм, бейиши болсун,бирок жакшылык да, жамандык да иштин кайтарымы болот. Иниң да чоңоет, бели катып, бир күнү балким бек болор, ошондо акылың кирсе, кечигип болсо да бул кемчилигиңди түшүнөөрсүң.

-Дагы бирди көрө элегиңде көп акылдуусуна бербей жолуңа түш, тентиреп көчөдө калсаң,кантип балаңды бек

кылмаксың, падыша болот деген үмүтүң чоң го, ошондо да көрө жатарбыз. Азыр болсо, кеткин дейм, кеткин! Азыр бирди...-деди Керим опурулуп, колун көтөрө бергенде кайын эне токтотуп калды.

-Болду эми балам, кетишет, кетпегенде отурмак беле.

Сайраш кайын энесин аянычтуу бир тиктеп алды да, кетүүгө камынды.Баары бир ооз болуп, биригип алышкандыктан, кийген кийимдерин алып, мурдагы өзү айдап жүргөн, эскирип калган унаасынын артына салып, башка буюмдарына кол тийгизбей, эки уулун олтургузуп, көзүнөн аккан жашын билгизбей жөнөй берди, артынан аялдардын ооздоруна ак ит кирип, кара ит чыгып, эркектери сөгүнүп,кала беришти. Өз колу, бешене тери менен тапканына жакшы үмүт, жакшы тилек менен там салып, бактылуу жашайбыз го, деген арзуусу ордунан чыкпай калганына ичи ачышып баратты. Кантсе да, тирүү жан болгондон кийин жоготконун таап алар балким, аны жалооруп тиктеп арткы орундукта көз жаштарын тыя албай баратышкан эки баласына бир кылчайып карап алды да, буркурап ыйлап жиберүүгө даяр болуп, балдарынын алдында өзүн тыйып, жол улады. Сыртка чыкканда эркин дүйнөгө киргендей бир аз жеңилдей түшкөндөй болгону менен, кайда бараарын ойлоно калып, кимдин үйүнө барып, дагы кеп угалы, андан көрө бүгүнчө иш жайыма барып, эс алалы, анан эртеси көрө жатарбыз деген таризде машинасын ошол тарапка айдады. Апасынын абалын көрүп-билип турган Медер тигилерге канчалык ачуусу келгени менен апасынан өтүп,сөз сүйлөөгө үйрөнбөгөндүктөн үн катпады, бешке чыгып калган Белек чочуп калган сыягы, апасынын иш бөлмөсүнө келишкенде эреркеп ыйлап жиберди. “Апа, апа биерге эмне келдик. Ушул жерде жашайбызбы?”. Уулунун сөзүнө эмне деп жооп беришин билбей турганда “Белектай бүгүн эле ушунда турабыз.

Эртең үйүбүзгө барабыз”,-деди Медер инисин сооротуп.

Медер экөөлөп, эки кишилик диванды жайып, кечинде эки баласын ошондо жаткырып, өзү креслодо олтуруп чыкты. Кайдан уйку болсун. Бир чети жайылып салган кенен оруну болбосо, экинчиден мындан кийин кантип жашайбыз деген суроо, тынчтык бербей, жан дүйнөсүн эзгиледи. Акырында белин бекем бууп, кыйынчылыктан чыгуунун жолун издеди. Эки банктан алган кредит, аны убагында төлөй албай калганда үч ламбарддан насыя алган, акыркы мезгилде алардын үстөк пулун араң берип келет.« Ашкана менен дүкөндү кандай гана болбосун жакшылап иштетпесем болбойт сыягы, кызым го турмуштан орун тапты, кудаларга күлкү болуп, Жумагүлдү уят кылбай, эки баламдын келечеги үчүн баарынан кутулуп, үй-жай кылайын, жок болсо бир жөн бизди кыйынчылыктан чыгара турган мына эки жайым турат, ошолордун эсебинен кыйынчылыктан чыгып кетээрмин»,-деди кыялында. Бирөөнүн үйүнө барып, ижарада тургандын ордуна өзү иштеткен ашкана менен дүкөндүн ортосундагы өзүнүн иш бөлмөсүндө убактылуу туруп турууну ылайык көрдү. Ар кайсыл ойлор башына келип, кирпик какпай таң атырды. Терезенин айнегинен таңдын билинери-билинбес шооласы түшүп, асман агара баштаганда олтурган жеринен козголо бергенде, бели катып, буттары талып калганынан жеңил тура албай, эки колу менен креслону таянып, араң көтөрүлүп,бир кыйладан кийин түзөлүп, ашкана тарапка басты. Бул мезгилиде ишчилер келе элек болчу, арткы эшигин ачып, балдарына жеңилирээк тамак бышырууну көздөп, «эмне кылсам?», деп бир азга ойлоно калды да, муздаткычты ачып, сүт бар экенин көрүп, ага кошуп күрүч бышырып берүүнү көздөдү. Бирдейинен койгон чайы да кайнап, тамагы да бышып, ашкананын ичиндеги столдун үстүнө баарын коюп, балдарына киргенде

Медер туруп, Белеги магдырап уктап жаткан. Апасынын бутунун шыбыртынан анысы да ойгоно калып, таңыркай кайда жатамын? дегендей шыпты тиктеп бир аз жаткандан соң, « апа ушул жерде уктадыкпы?», -деди кечээ кечинде келишкенин унутуп койгондой. Бала болуп, эртең менен уйкудан ыйлабай турганга үйрөнгөн уулун кийиндире сала, « Белектай тамактанып ал, сени бакчаңа алып барып келейин»,-деди эне. « Кайра уктайын, уйкум келип турат, бүгүн барбай эле коеюн апа. Мейлиби, эртең барайын. Апа сураныч».

-Болбойт балам, эжекең капа болот, күн сайын калбай бакчага барсаң, тартиптүү бала болосуң, апасы жакшы тарбия бериптир дешип, мага да ырахмат айтышат. Анан чоңоюп, окуп, иштегенде да жумушуңдан калбай жүрсөң, сенин сөзүңдү баары угушат, айтканыңды кылышат, анан эч ким сага каяша айтпайт.

- Анда мен элди башкарамбы?

- Ооба, буюрса эл башчы болосуң.Апасынын айтканын аткарган бала кийин чоң кызматта иштейт, элдин уулу болот, -деди Сайраш баласын ордунан тургузуп,кийиндирип жатып. Эне -бала сүйлөшүп, сөз арасында баласынын бети, колун жуундуруп, ашканага алып кирди. Күндө өз үйүндө тамактанып жүрүшкөнгө көнүп, бул жердеги апасы иштеткен ашканага сейрек келишкендиктен, балдарга өз үйүндөгүдөй болбой жатты.

Сайраштын иш бөлмөсүндө бул үй бүлөнүн жашоосу улана берди. Жаңы килем сатып келип, полуна төшөп, телевизор, стол, орундук коюп, бир аз шарт түзүмүш болгону менен бар болгону бир бөлмө эки уулу менен өзүнө тардык кылды. Кээде Жумагүл келгенде ан сайын жүдөй түшүп жатты. Кызы өгөй атасынын эки уулунун жана алардын чоң энеси менен эжелеринин жоругун уккан. Телефон чалып, «силерге баратамын» дегенде апасы

жумушта болом деп койгон, Жумагүл бул жерге келип, апасы өзүнүн иш бөлмөсүндө бир туугандары менен жашап жатышканын көрүп, себебин уккандан кийин ачууланып, бул кылганы үчүн Керимди күнөөлөгөнү менен апасы «сен баласың, бир күнү өзүнүн айыбын түшүнөөр, сен аралашпай эле кой», дегенинен өзүн токтотуп калды. Ал үйдө бир жашап калгандыктан, Керезге көнүп, анын балдарын бир тууганындай көрүп,көнүп калган,өзүнүн инилериндей эле аларды өз агалары катарында сезип, боор тартып турчу,атасы тирүү кезинде алардын мынчалык боору таш деп ойлобогон экен, канчалык жамандык кылышканы менен иниси Белек үчүн алардын бул жоругуна ишене албай турду. «Силерге бирөө жамандык кылып,жаман айтса да, ал адамга теңелбегиле,кайсыл бир күнү өз жаңылыштыгын сезет, эгер түшүнбөсө баарын кудай көрүп-билип турат,өзү жазалап коет кези келгенде», деген апасынын сөзү Жумагүлдүн эсинде турганы менен аларга таарынычын жашырган жок.

-Апа биз өгөй болгонубуз менен Белек алардын бир тууганы го, бир тууганын кантип дити барып көчөгө чыгарып койду, ушул да адамгерчиликпи. Өз колуңуз менен салган үйүңүздөн өзүңүздү кубалап чыгарса, төрүнөн гөрү жакындап калган кемпир, небересинин келечегин неге ойлободу,түбөлүк жашоом ушул жерде деп. жаныңызды карч уруп, жаңы там салдыңыз эле, ошолор деп, күйөөңүздүн банктагы насыясын төлөйм деп жүрүп, үйүбүздөн да ажырадык, эгерде ошол адам сизди кредит алып күйдүрбөгөндө, үйдөн чыгарып жиберишсе да, балдарыңыз менен өзүңүз бешене териңиз менен курган үйгө көчүп келмексиз, апакем ай, кайдан жүрүп, ошол кишиге турмушка чыктыңыз эле, мындай түйшүктөн алыс болуп, өз үйүңүз өлөң төшөгүңүздө, жылуу ордуңузду суутпай, жашооңузду уланта бермексиз.

Кызынын күйүп-бышып айткан сөзү ага оор тийгени менен туура көрдү. Мындай азаптүү күндөрү башталгандан тартып, Керезге турмушка чыкканы үчүн өзүн миң мертебе күнөөлөп келет. Аны да мурдатан жашап келген үйүнөн ажырады, дүкөнү менен ашканасын да жакшы иштете албай калды. Тапканынын баарын Керезге жакшы там салам деп ага жумшады, ал аз келгенсип, ал олтургузуп кетти, анын карызын жабам деп жүрүп, эми минтип өзү не кыларын билбей аргасы кетип турат.Ушуларды ойлоп, өкүнгөнү менен Белекти тапканына кудайга миң мертебе шүгүр деди. « Душманга күлкү болбой, кандай гана болбосун кыйынчылыктан чыгышым керек»,-деп ойлоду ичинен. Жан дүйнөсүндө өжөрлүк, чечкиндүүлүк пайда боло калды.

-Жумагүлтай сен кабатырланба, өз жашооңду ойло, биз карыздан тез эле кутулуп кетебиз, атаңдын ( Керезди айтып жатканы) арбагы ыраазы болсун, сен наараазы боло бербе, маңдайыбызда Белек турат,-деди кызына.

-Апа бир боорум Белек үчүн жанымды берүүгө даярмын,бирок кантип кыйынчылыктан чыгасыз, ошол киши деп жүрүп, өзүңүздү кароону унутуп, жаштыгыңызды да алдырдыңыз. Кандай гана сонун жүрчү элеңиз, өзүңүздү күзгүдөн карасаңыз, аябай жүдөгөнсүз, жүзүңүзгө бырыштар түштү, ден соолугуңузду жоготсоңуз, Медер менен Белектин тагдыры эмне болот, өзүңүздү аябадыңыз да.

Зыңкыйып иштеп, каражаттан өксү болбой капарсыз жүргөн апасынын башына түшкөн бул мүшкүл кызы Жумагүлдү да дендароо кылып салды. Кыз бала боорукер болот эмеспи, бирде ыйлап, бирде сооронуп, апасы экөө бир бүтүмгө келе алышпай, уулу Камчыны көтөрүп, үйүнө кеткен кызынын артынан кейиштүү кала берген Сайраштын да башы маң. Кантсе да, иштеп көнгөн аял белин

бекем бууп, «кыбыраган кыр ашат», дегендей аракет кыла берүүнү туура көрдү.

X X X

Жамгыр көнөктөп төгүп, бирде чагылган чартылдап, бирде катуу шамал жүрүп, дегиси табият долулангандай, бул жаан бүгүн-эртең токтоочудай эмес. Бүгүн жекшемби, жума күнү башталган, бир азга сээлдей түшкөнү болбосо, кайрадан эле катуулап кирет. Карылардын айтканы бар:"Жумада башталган жаан кийинки жумага чейин жаайт». Эчак эле ыргытып таштаса болчудай эскиси жеткен кол чатырына жамгырдын тамчылары тык-тык тийип, четтеринен аккан суу өңү өчүп, бир тарабы кыйшая түшкөн ботинкасынын ичине чейин кирип, байпагы сыгып алма суу болуп, буттары кадимки кыш мезгилиндегидей үшүп, денеси калтырап чыкты. Зарыл жумушу болбосо көчөгө чыкмак да эмес. Бир жыл мурда бирөөгө элүү миң сом берип, эмдигиче ала албай жүрөт. “Караан калгыр” ламбарддан алган карызы да өсүп кеткенинен, курулай дегенде ошол акчаны алса, анын кошумчасын төлөп берип, бир аз жеңилдетип алайын деген.Эки күн мурда эптеп чогулткан акчасын катарынан банктагы эки насыясынын үстөгүнө төлөгөн. Эми болсо кекиртектен алган ламбарды келип калды. Аны да Керездин карызы үчүн алган. Атайын барса, балдары “апам Бишкекке кеткен, качан келерин билбейбиз”, дешкенинен шаабайы сууп, кайра келаткан жайы. Аялдамага араң жете келип, үстү жабык болсо да, тамчылар чачырап суу болгон орундукка олтурду. Карызы бир азап,үшүгөнү ага кошумча болуп, калтырак басып, денеси чыйрыгып жатты. Эрксизден ар кыл ойлорго батып, өткөнүн эстегенде ичи туз жалагандай ачышты. Өзү өлсө да белчесинен карызга баттырып, жанын тынчытып оо дүйнө кете берген жолдошуна эми чындап ачуусу келгени менен арга жок эле.

Карызын өндүрөм деп барып, жолу болбой калганына кейип жатты. Жамгыр токтобой койду.Унаа күткөн Сайраш аябай үшүдү. Денеси калчылдап , эки колун бириктире ушалап, жылытууга аракеттенди. Бирок, үшүй берди. Нөшөр улам каттуулап, ал олтурган орундукка чейин жетип, тамчылар кадимкидей ургулап жатты. Бир оокумда жанына келип токтогон унаанын кабинасынан башын чыгара айдоочу жаш жигит үн катты:

-Олтуруңуз.

Суу болгон кийимдеринен ыңгайсыздана унаанын арткы эшигин ачып келип олтурду.

-Нөшөр токтобой койду го,-деди угулар-угулбас үн менен.

-Көпкө олтургансыз го, суу болуп калыптырсыз.

-Ии,-деди жай гана, ашыкча сөз сүйлөгүсү келбей турду. Бир чети жамгырдан үшүп, анан курсагы да аябай ачып турган.

-Кайда барасыз?

-Ушул көчөнүн баш жагына,-деди Сайраш. – Жаш жигит унаанын айнегинен аялга боору ооругандай бир тиктеп алды да, өзүнчө эмнегедир улутунуп, баштагы суроосунан башка сөз айтпады. Үйүнүн тушуна жеткенде Сайраш чөнтөгүнөн алган жыйырма сомдукту жигитке узата, токтотуп коюуну суранды.

-Акчаңызды ала бериңиз, өзүңүз да үшүп калыптырсыз. Мен таксист эмесмин, жамгырда калганыңыздан гана келатып ала келдим,-деди жигит Сайраштын жүзүнө кайрадан бир карап алып, « кол чатырын унуткан го,», деп ойлоно кетип, капысынан тааныгандай үн катты.

-Аяш апа, сиз белеңиз, мен жакшылап карабай, кечирип коюңуз, Жумагүл келип турабы? Менден салам айтыңыз.

Бул кайсыл бала дегендей, таңдана карап алып, Керез экөө жашап жатканда кошуна турчу Абдыразактын кызы

менен мектепте бирге окуган баласы экенин тааный коюп, жамгырда калып, шөмтүрөгөн турпатына ыңгайсыздана көптү көп узарта бербей, ыраазычылыгын айтып, түшүп калууга шашылды.

-Аман бол балам, жаманчылык көрбө. –Ыраазы болгон Сайраш адамгерчиликтүү жигитке алкышын айтып, түшүп калды. Турмушка чыккан кызы Жумагүл үйдө болчу. Бешиктеги баласын уктатып, дастаркон жайып олтуруптур. Казанда булоолонуп бир нерсе кайнап жатат. Медер китебин окуп, кичинекей Белек оюнчагын ойноп жатыптыр.

-Апа аябай суу болуптурсуз го. Кийимдериңизди алмаштырып алыңыз, Жумагүл Сайраштын артынан арткы бөлмөгө кирип, кийим салуучу шифонерден апасынынкөйнөгү менен жылуу жемпирин ала коюп, узатты. -Ички кийимдериңизден бери алмаштырып алыңыз,-деген кызы апасына жардамдашып жатып, денесин кармай өтө муздап кеткенин байкап, ооруп калбагай эле, деп чочуркай кетти.- Апа,ооруп калбаңыз, ыссык чай жасап берейин, ысык чай ичип, артынан калемпирден салып шорпо ичип алыңыз да, жылуулап бир азга жатсаңыз, жеңилдеп каласыз.

Эч нерсе таппай куру кол келгенине ичи ачышып турган аял, ооруп калбоо үчүн кызынын айтканын кылып, тамактангандан соң, жатып, уктап кетиптир.

...Күн тынымын, түн уйкусун билбей, өжөрлөнүп иштеп жүрүп, үч ламбардынан араң дегенде кутулду. Ошол ортодо Жумагүл да турмушунан жолу болбой, баласы менен келип алган. Жолдошу экөө айтыша кетип, ага кайын энеси кошулуп, апасынын насыя төлөп жатканын туура келбесе да сөз арасында кыстара салды. « Апаң ашканада жашап жатыптыр го, өгөй балдары үйүнөн айдап чыгып, көчөдө калыптыр деп эл айтып жатат. Тойдо олтурганы-

бызда баягы Жамал оозуна алы келбей, « сенин кудагыйыңды кайын энеси айдап жиберген турбайбы, үй-жайсыз калыптыр»,- деп ошончо элдин арасында мени уят кылбаспы». Ушунча жашка келгенде апаңа не болгон, карызга белчесинен батып, үйүн, дүкөнүн, ашканасынан бери алдырып жибериптир дешет го, бул жакта туруп, аябай уят болдум, чогулган жерде эле сенин апаң тууралында сөз кылышат, деги ушул чын окшойт, сен кайсыл арыңа кыйынсынып, менин балам менен айтышасың. «Тең теңи менен», дейт. Буларды дурус немелер экен десе, эмне эле кызынын себин бербей жүрөт десем, чөнтөгүнүн түбү тешилип калыптыр да»,-деп айтканда ансыз да акыркы күндө жолдошу көп ичип, анын айынан жаңжал чыгарып, пикири келишпей жүргөндө, кайын энеси тутанган отко күкүрт чагып жибергендей эле дүрт эте түштү. «Бизге тексиз келиндин эмне кереги бар!» Кайын энесинин ушул сөзү башына жаңгак чагып жибергендей өтө оор тийди. Ага теңселе баскан уулу да кошулду. « Ооба десең апа, өзү да тең эмес болчу»,-деди эси жок күйөө. Жумагүлдүн артынан калбай жакшы көрөрүн айтып, колумдан келсе асмандагы айды алып берем деп жүгүрүп жүрүп,үйлөнгөндүгүн унутту.Эне-баланын бирдейинен айткан сөзү Жумагүлдү алдастатып барып, оңоду. Бат өзүнө келе калды да, баласы экөөнүн кийимдерин тез-тез жыйнап, жолдо көтөрчү сумкасына ныктай салып алып, уктап жаткан баласын колуна көтөрө сыртка карай жөнөй берди. Келини кетип жатканына кубангандай кайын эне артынан үн салды: « Балам жаш, энеси өппөгөн кызды алып берем». Күйөө сөрөй булдуруктады: « Эртең эле кайра келесиң, апаңдын жашаганга үйү болбосо...». Мыскыл сөздөр Жумагүлдүн сай-сөөгүнө тийгени менен өзүн кармай, токтоо басып, жол четинде бир азга тургандан соң, жанына келип токтогон унаага олтурду да апасынын жумушуна карай келе берди.

Үйдөгү болгон окуяны апасына айтууну туура көрбөдү, ансыз да кабыргасы кайышып турган Сайрашты кыйноого салгысы келбеди. Болгону «экөөбүздүн жашообуз болчуудай эмес, сиз сурабаңыз, мен айтпай эле коеюн, бир балалуу эмес, беш балалу болгондо да ажырашып жатышпайбы, мен да ошолордун биримин, бешенеме салганды көрө жатармын, Камчыны аман-эсен чоңойтуп, түйшүк тартып жаткан сизге жардам бергеним туура экен, апа мага эч убакта сарсанаа тартпаңыз, баары жакшы болот»,- деген кызы ичинен эзилип, ыйлагысы келип турганы менен өзүн кармап,бошошо бербей, апасынын далысынан каккылап, кайра аны жубатып койду.Эми тар бөлмөдө жашоо ан сайын оор болду. Анын үстүнө банктагы насыясын төлөй албай, дүкөндү арзан наркта сатып жиберди,ошондо да бир банкты толук жаба албады. Эми бир ашкана менен кантип тиричилик кылышат, кийинки мезгилде ашканадан тамак ичкендер да азайды, той, же туулган күн, башка бир салтанаттар болгондо таза, тамагы жакшы деп буюртма бергендер болбосо, дайыма эле той боло бербейт экен, киргендер сейрек. Балдар улам чоңоюп жатат, керектөөлөрү да көбөйгөн, айына эки жолудан банкка насыя бергенинен ашканы тамак-ашка өөп-чөп гана жетет. Жумагүл Россияга барып иштемекчи болуп, апасына кайрылды.

-Апа Медер да чоңоюп баратат, үйлөнүшү керек, куда күтсөңүз, кайсыл үйүңүзгө келишет, иним экөөбүз барып, иштеп үй-жай кылалы. Менин турмушум да ойдогудай болбой калды, үйдө бир ашкананы баарыбыз карап олтура бергенибиз менен болбойт, ашкананы ижарага берип коюп, Белек менен Камчыны карап үйдө олтуруңуз,турмуштун түйшүгү деп, анан күйөөңүздү оорусунан айыктырам деп чапкылап жүрүп, акырындагы окуялар да сизди кыйнап койду,өзүңүз да аябай чарчадыңыз, эч нерсени ойлобой,неберeңиз менен гана болуңуз, небереңиз үчкө

чыкты, чоңоюп калды, айтсаңыз сөзүңүздү угат, унааңызга олтургузуп алып,  ары-бери барасыз, биз иштеп сизге акча салып туралы, банктан да кутулабыз, үйлүү да болобуз, биз да чоңоюп калдык, сизге жардам берели,-деген кызынын сөзүн жөндүү көргөнү менен кайда барат, барса эле иш даяр турабы.

- Сөзүң туура, бирок тааныш, билишибиз болбогондон кийин, барышын барып алып, кантип ишке жайгашасыңар, кайда жашайсыңар?

-Апа кабатыр болбоңуз, менин классташ-курбу кызым Алима Питерде го.Мектепте бирге окуганбыз, биздин үйгө көп келчү го, экөөбүз кабарлашып турганбыз, сизге кеңешпей туруп, аны менен байланышып, жумуш тап дегенмин, чүчпара түйүшөт экен, Медер экөөбүз тең ошол жерге барабыз, үйрөнүп алабыз, ашканага каралашып жүрүп, Медер да тамак жасаганга үйрөнүп албады беле, бат эле көнүп кетет. Жол киребизге акча салат, барганда иштеп кутулабыз да, ал тың чыккан, өзү бир үйдү алган, анын үстүнө кошуп,  ижарага берет экен. Үч бөлмөнүн бирөөсүндө өзү, силер мени менен турасыңар деп айтты.

Кызынын сунушун макул көрүп, жактырганы менен мурда-кийин сыртка чыгып көрбөгөн балдары кыйналышабы деп, ичинен ойлоп, бир чети жибергиси келбегени менен, үйдө абалы оорлошо баштаганын эстеп, « барса барышсын,үй-бүлөсү бузулуп, жабыгып турганда,  анысын унутуп, балким иштери жүрүшүп, кызы айткандай баардык азаптан  кутулуп, мурдагыдай тынч жашообузду улантып каларбыз, деген жакшы үмүттөргө жетеленип, ошол аптанын этегинде эле кызы менен уулун Питерге жөнөтүп, кенже уулу Белек, небереси Камчы менен үчөө бир бөлмөдө жашоо кечирип кала берди. Кийинки аптада ашкананы ижарага берип, эки баласы менен  убактылуу бир таанышынын кабаттуу үйүнө көчүп барды. Ошол ортодо

кызы аман-эсен жетип алганын, Алима менен чогуу жашай турган болушканын, ал ошол жерде фабрикада бир цехтин башчысы экенин, Медер экөө тең барган күндүн эртеси жумушка чыгышканын, баары ойдогудай болгонун айтып, өз кабарын билгизди. Балдарымдын жумушу кандай болот, кандай жок деп, ашканасы үчүн беш айлык ижара акысын алдын ала алып, банктагы эки насыясына бирине жыйырма, экинчисине он миңди төлөп, калганына бир айга жете турган азык-түлүгүн камдап, азыраак артканын жанына сактап, тиричиликке бышкан Сайраш, баарын белендеп алган. Экинчи айда Жумагүл жөнөткөн акчасын банктагы насыядан ашканын дагы бир зарыкканда кереги тиер деп, иштетпей катып койду. Өзүнүн да, башкаларга карызга берген акчалары бар эле, Белек мектебине кеткенде небересин жанына олтургузуп алып, карыздарын өндүрүүгө киришти, аларын алса, банктагы насыясынан кемите турганын оң көрдү, мурда жумушунан бошобой, телефон чалса, бере албай турганын айтса, ишенип калчу, эми албаса болбой турганын билди, анын үстүнө балдарына эле таянып алышын туура көрбөдү, бирөөлөргө берген акчалары да бешене тери, бирөөсүнө да үстөк кошуп берген эмес, сурагандарга кийин берерсиң, деп иши жүрүшүп турганда өзүн эле кайтарып берүүнү айтып берген учурлары көп болгон. Эми минтип, өзү иштебей турганда албаса болбойт.Бир барган жерине нечен курдай барып жүрүп, бир кыйла карызын кайтарып алганда ошол замат банктагы негизги сумма үчүн төлөп, насыясын улам кыскартууга аракеттерди жасады. Анын баарынын башталышы күйөөсүнүн карызы экенин билип турса да, баары бир өз мойнуна алгандан соң, төлөп берүү керек болчу, ошонун карызын төлөймүн деп, кыйналганда кийин банктардан өзү келишим түзүп, кол коюп алгандан кийин, анын төлөшү шарт. Өзү карыздарын доолап,

өндүрүп алууга аракеттенип, балдарынын жөнөткөн каражатын үнөмдөп чогултуп жүрүп, эки жылда араң дегенде карызынан кутулду. Апасынан бул кабарды укканда Жумагүлдүн кубанганын айтпа, ага кошулуп бүт балдары менен желкесинен оор жүктү бирөө алып таштагандай кубанышты. Анын бешенесине кызы менен уулунун жумушу ойдогудай болуп, жакшы иштеп, ошого жараша жогорку маяна алып,тапканын жөнөтүп турушту. Ал жакта балдары бул каражатты оңой жол менен таппагандан кийин, өтө этияттап пайдаланып, балдарына да ашыкча нерсени сатып бербей жүрүп, кыйынчылыктан чыгышты. Карыздан кутулгандан соң, үй сатып алуунун аракетин көрө баштады. Бир чети үй сатып алгандын ордуна, жер сатып алып, жаңы там салууну ойлоду. Бул сунушун Жумагүл менен Медер да колдоду.

-Апа жер караштырыңыз, биз дале тапканыбызды сизге жөнөтүп турабыз, чогултуп жер сатып алыңыз,-деди Жумагүл. Кызынын айтканын кубаттады.

-Ошентейин кызым. Жаңы үй салалы.

Ай сайын ашканасы үчүн он беш миң сомдон ижара акысын беришет.Шаардын дал ортосунда болгондуктан кирип чыккандар көп, анын үстүнө мындай жерлерде башкалар ижара акысын 30-40 миң сомго чейин коюшат, өзү көп кыйналып кыйынчылык эмне экенин билгендиктен, ал ижара акысын көп эле көтөрө бербеди. Жаш үй-бүлө, экөө тең тың жаштар болгондуктан,кардарлардын табитин бат эле таап алышты, айына жакшы эле пайда табышат. Эки жыл иштеп,кабаттуу үйдөн эки бөлмөлүү квартира да сатып алышты. Мейли бутка туруп алсын деп койду, бир күнү нысап берсе, өздөрү айтышар, айтышпаса, мейли кудай берерин унутпаса, алыста жүргөн кызы менен уулу аман болсо, өзү да бир күнү үйлүү болот. Үнөмдөп олтуруп,өзү да бир топ эле каражат чогултуп коюптур, «

апа жер сатып алганга топтой алдыңызбы», деп Жумагүл эскерткенде сандыг

ын ачып, эсептеп көрмөй болду, көбүнө окшоп, ал банктан эсеп ачкан жок, үйүндө эле катып койчу. Келин кезде Жумагүлдүн чоң энеси башына салган аппак жоолугуна кабаттап катып койгон, акчасын алып чыгып, санап көрсө, бир чектен да ашат сыягы, чогулта баштагандан тарта, жер издеп, бааларын сураштырып жүргөн. Эми чындап эле жер караштырса болчуудай.Эртеси Жумагүл телефон чалганда  жерге акчасы бардыгын айтты, «Жакшы, кенен жер караштырыңыз, Медер экөөбүздүн айлыгыбызды аларыбыз менен жөнөтөбүз,эми эле жаз келе буюрса быйыл курулушту баштайсыз,  жакшы үйдүн долбоорун чийдириңиз апа, азыр баарын интернеттен алууга болот,Белек чоңоюп калды го, үйдө интернет бар, карасын, сиздин да тандооңуз жаман эмес, бизге жөнөтсөңөр, чогуу талкуулайбыз, анан үй кура бересиз»,-деди Жумагүл  жер албай туруп эле баарын пландаштыра.

-Кызым шашылба, ушунчалыгына шүгүр кылалы, этият болуп иштегиле, силер  аман-эсен жүрсөңөр баары болот,-деген эне Жаратканда  алыстагы балдарынын эсенчилигин тиледи. Өткөн жылы базарды жардырышып, бир тааныштарынын ай чырактай келинчеги кошо жарылып,  денесин Россиядан алып келишкен. Ошондо да Жумагүлү менен Медеринин өмүрүн тилеп, кудайга жалдырап жалынган.Батыраак  үйлүү болушса, кызы менен уулун чакыртып алмак болгон. Бул жерге келсе Медер үйлөнсө, Жумагүл турмушка чыкса деген тилеги бар. Кызы жаш али, баласы Камчыны өзү багып алмак, анткени, баласы кийинки турмушуна да себеп болбосун дейт. Алыста жүргөн балдарын да аябай сагынды, алар да араң эле чыдап жүрүшөт деп божомолдойт.Телефондон сүйлөшсө ыйлай бергенинен, бир бирибизди көрүп тура-

лы деп, көрүшсөк да сагынычыбыз тарайттыр деп ойлоп, Жумагүл апасына атайын ноутбуг жөнөтүп, ай сайын интернетке деп өзүнчө каражат салып турушат. Чын эле, экрандан кызы менен уулун көргөн сайын, жанында жүргөндөй бир саамга сагынычы таркап калат. Кызы ак жумалынан келип,бир аз толуп алыптыр, Медер да чоңое түшкөн. Баягы эле Алима менен чогуу турушат. Жумагүл жакшы иштегендиктен, кызматын чоңойтуп, он кызга башчы кылып, маянасын көтөрүп беришиптир, Медер кечкисин окууга тапшырып алган. Аны да мугалимдикте окуп, бирок турмуш шартына жараша иштей албай калган эжеси Жумагүл айткан, ал мектепти кызыл аттестат менен бүткөн, институтта да жакшы окуган, турмушу ойдогудай болсо, балким иштесе, курулай дегенде мектептин директорлугуна чейин көтөрүлмөк.«Россияда иштей бербей, окуп да ал, Кыргызстанга барганда кереги тиет, качанга чейин кара жумуш жасайсың, мамлекеттик каттоо деген мекеме бар, кайсыл учур болбосун каттоо кызматы жоюлбайт, кайра күчөйт, бири сатса, бири сатып алат, бири жаңысын курат дегендей, ошентип, ишсиз калбайт ал жерде иштегендер, сен барганда сүйлөшүп болсо да, ошол мекемеге ишке киргизип коем» дегенинен жер инженерликке окуп жаткан. Питерге кеткендерине үч жылга чукулдап баратат, барышканынан бери бир ирет келип кетишти, тапкандарын өгөй атасынан калган карызга төлөп жүрүп, араң кутулушту, эми өздөрү үчүн иштөө керек, болгондо да шаардагы эң мыкты үйлөргө окшогон там салышыбыз керек деген Жумагүлдүн максаты бар.

Небересин жанына олтургузуп, каражаттын тартыштыгынан жаңылай албай жүрүп,эски унаасы менен жер кыдырып келатып,Дарыйканы жолуктуруп калды. Ал унаасын жол четине токтотуп коюп,бирөө менен сүйлөшүп туруптур. Анын унаасынан өтө берип токтогон, Сайрашты

көрө сала Дарыйка кубана үн салды.

- Сени да көрөр күнүм болот тура, барайын деп жумушумдан бошобой, небере багып үйдө олтура бербей, ал жак-бул жакка чыксаң боло, эми кайда немереӊ менен… деген Дарыйка жанындагы эркекти калтырып коюп, унаанын ичинде олтурган Камчыны бешенесинен өөп, Сайраш менен кучакташып, учурашты. –Жол болсун.

-Неберем экөөбүз үй салалы деп жер издеп чыкканбыз.

-Таптыңарбы анан.

-Ылайыктуусу жоктой.

- Мобул аяшым баламды үйлөндүрөм деп, жерин сатмак болуп жатыптыр, бир айдан бери кардар жок дейт. Бирок, мунуку эки чек экен, бөлбөй сатам,- дейт.

Дарыйкадан бул сөздү угуп, Сайраш кандай жер экенин билүүгө кызыкты, жери жакшы болсо, эки чек болсо деле акчасы жетсе алмак. Кайра жакшы болойбу, ичинен кубана түшкөнү менен анысын бөтөн эркекке билдирбеди, балким алат деген ой менен баасын асмандатып жиберсе, бир чекти да ала албай калышы мүмкүн. Дарыйка кол булгалап, ары жакта турган эркекти жанына чакырды.

-Аяш сенин жериңе кардар табылды окшойт, барып көрбөйлүбү,-деди Дарыйка дароо курбусунан оозунуп, анын оюн сурабай туруп.Эркектин кубанып кеткени жүзүнөн байкала түштү.

-Мейли азыр эле баралы,-деди шашкалактай сүйлөп, бул аял айнып кетпесин деген ойдо. Акчага көзү чачырап, чын эле шашылыш болуп калган сыягы.

- Дарыйка мен эртеден бери неберемди жаныма алып жүрө берип чарчады, түшкө маал уктатып коер элем. Үйгө Белекке тапшыралы да, менин мобул кылдыраган эски машинамды калтырып, сеникине олтуралы, макул десеӊ.

-Сен айткандай болсун, чын эле Камчы мырзаны көп кыйнабайлы.-Дарыйка унаадан түшө келип, тайэнесинин

көйнөгүн этектеп, улам эстей калып,көзү уйкуга кете баштаган наристени карай берип, курбусунун сөзүн туура көрдү. –Сиз аяш унааңызга олтуруп,биздин артыбыздан жүрүңүз, Сайраштын небересин калтыралы да, анан үчөөбүз бир унаага олтуруп алып,сиздин чегиңизге барып келели.

- Макул, сиз айткандай болсун, эптеп эле жер участкам сатылып, уулумду карыз болбой үйлөндүрүп алсам, анан иштеп дагы чек, же үй сатып аларбыз,-деди эркек.

Сайраш небересин үйүнө жеткирип, « тамагын берип,уктатып кой»,-деп Белекке дайындап, Дарыйканын унаасына олтуруп, жер көрүү үчүн кетти.

Дарыйканын аяшынын жер участогу шаардан өтө алыс эмес жайда экен. Саналуу гана жерлер бош турганы менен негизинен көпчүлүгү үй куруп алышыптыр. Болгондо баары катарынан эки кабаттуу заңгыраган «хан сарайлар». «Мында жашагандар Россияда иштегендер, же Кыргызстандагы капчыгы калыңдар го, болбосо мамлекет берген маяна менен мынчалык келиштирип, чоң там салышмак эмес»,-деп ойлонууга да үлгүргөнчө Дарыйканын аяшы чети бышкан кыш менен тосулган кызыл дарбазанын кулпун ачып, ичкери киришти.

- Мына ушул жерди атайын келинчек алып берейин деп жаткан уулума үй курам деп алган элем. Бирок,капысынан кыз алып келем деп калды.Анысы да бир чиновниктин кызы экен. Кудамдын алдында сөзүм кыска болбосун деп жакшы калың берип, той жасайын деп, ушул эки чекти бирдейинен сатайын деп чечтим. Шаркырап аккан каналдын боюнда, жакшы жер. Сатам дегенде ичим ачышты, бирок, акча керек болгонун эстегенде сатууга туура келди,-деди эркек күндөн көзүн калкалай чоң шляпасын ылдыйраак тарта.

Сайраш бир караганда эле эки үйдүн чеги экенин бил-

ди. Бир тарабына катарынан  бак көчөттөрүн олтургузуп коюптур.

-Алма, гилас,шабдаалы,өрүк,анжир,бадам, деги кандайы болсо, баарын мындан үч жыл мурда көчөтүнөн олтургузуп койгонмун, ушул жерден неберелерим өз колу менен үзүп жесин деген оюм бар эле.

Келин алам деп сатып жатканын уккан Сайраш « чынында эле жакшы жер  тура, бир жеринде ташы жок, кара топурактуу жер экен, баасы келишсе сатып алып, үй салсак, неберелерим бактан өз колу менен үзүп жесе кандай сонун болоор эле, өтө эле кымбат айтса, кантип алмакмын», -деген ойго кабылып, оюнун аягына чыкпай туруп, эркек үн катты.

- Көп сурабаймын, суу түтүгүн орното элекмин, электр жарыгын болсо алып келишкен, пайдаланганда мобул эле каналдын суусун буруп  иштетебиз. Бирок,алсаңыз уттурбайсыз. Жарым саатта шаардан келесиз да,  ошончо убакытта шаарга барасыз.

-Канча дейсиз?,-деди Сайраш эң оболу баасын билмекке.

-Канча бересиз? –Эркек кайра ага суроо узатты.

- Жердин ээси сизсиз, баасын да өзүңүз айттыңыз.

-Шашылыш болуп калбаганда... Чынында бул жерди мен да сыртындагы тосмосу жаңы эле курулганда  шашылган бир таанышымдан сатып алганмын. Менин эмгегим тигил олтургузулган бак-дарактар гана. Сиз мага он бериңиз.

«Он дегени», АКШ доллары экенин Сайраш  сурабай эле түшүндү. Анын топтогон каражаты ага жетпейт болчу. Карыздан араң кутулганда дагы карыз болгусу келбей, айный түштү. «Карызга жер сатып алып, кайрадан башыма карызды үйбөйүн». Дарыйкага  кеттик дегендей башын жаңсады,  курбусунун абалынан кабары бар, Да-

рыйка анын белгисин түшүндү да, чыканагынан тартты, токтой калды.

- Чындап эле жериңизди сатасызбы, аяш. Сатууга көңүлүңүз болсо баалашалы. Жериңиз жакшы болгону менен шаардан алыс, суу түтүгү киргизиле элек,газ келбеген, буга да көп каражат керектелет. Сиздин утканыңыз,четтери тосмолонуп, дарбазанын курулганы болбосо, сиз айткан сумма үчүн үйдүн пайдубалы курулуп бүтсө жакшы болмок. Мен ортодо калыс болоюн, жарым миллионго эле жер болсо, үйдү канчага курат, жети миңге бересизби?- Болор ишти бат чечүүгө үйрөнгөн Дарыйка ушул ирет да чечкиндүүлүгүн көрсөттү. Эркек ыргылжың боло түштү. Ошондон пайдаланып, Дарыйка Сайраштын колунан тарта кетүүгө умтула бергенде, эркек акча зарыл болуп турганга кетип калышса, дагы кайдан кардар издейм дегендей шаша унчукту.

- Сиз айткан суммага макулмун, бирок, дароо толук беришиңиз керек. Балам ушул кызга үйлөнөм деп ыйлактап турганы, анын үстүнө керектүү адамдар болгондуктан, жерди сатып, калганына банктан насыя алып, болсо да каражат кошуп, жакшылап той бергени максат кылып койдум эле, эгерде болбогондо…

- Жакшылык ишке «болбогондо» дегенди коюңуз. Үйдүн каражаты сиздин уулуңуздун бактысы үчүн, ал эми бул жер курбумдун балдарынын ырыскысы үчүн жумшалып, ылайым, заңгыраган там салынып, бардар жашоо улансын. Курбум деле көргөн-билген зайып, акчанын баркын да, адамдын кадырын да билет, эгер буюруп, насип этип алчу болсо, бешене тери менен тапкан каражаты. Бул сизге да ак болот. Жакшылык ишке сарптайын деп жатасыз, жакшы адамга сатканыңыз сизге да жакшылык берет деген ниеттемин.

-Мейли кадыр-көңүл жарашкан досумдун зайыбысыз,

сиз айткандай болсун, калганын насыя болсо да, кошуп жеткирем,-деди жер ээси шашкалактап.

«Насыя» деген сөздү укканда жүрөгү бир дирт этип алды. Насыядан эми гана башы бошогондуктан, ушул сөздү кулагы чалганда дене бою үркө турган болду. Анын үстүнө жерди саткан акысына эле уулун үйлөндүрсө болбойбу, кайра банктан насыя албаса деле жетишет го. Кедей ортого, ортосу байга, байы андан байына теңелем деп жүрүп, кыргыз качан өнүп-өсөт экенбиз. Башыбыз насыядан чыкпай жүрө береби, мен го, күйөөмдүн карызы үчүн карызга батып, араң кутулдум, ал эми мобул эркек баласын да насыя менен үйлөндүрүп, карыз менен үй-бүлө курдурабы?! Ал үй-бүлөсүн багабы, же банктагы карызын төлөйбү?!

- Банктан дагы насыя алсаңыз, аны ким төлөйт?- деди ага.

- Мен төлөмөк белем, уулум келинчеги менен иштеп кутулушат да.-Эркек камырабай сүйлөдү.

-Насыя албай эле той жасасаңыз, жердин акчасы жетпейби, көп чыгым кылбасаңыз деле болмок, анын жарымын жумшап, жарымын балдарыңыздын турмушту улантып кетүүлөрүнө бербейсизби?!

-Аяш андай болбой калат, азыр тойго канча кетет билесиз да, болбоду дегенде жарым миллион, эмесе миллионго чукул кетет, акча деген суу турбайбы, билинбей кетип калат. Чиновник кудама уят болбоюн, банктан насыя алып болсо да калганын жеткирем, кийин балдар Россияга барып иштешип кутулуп кетишет.

Россияда акча жолдо жаткансып сүйлөгөн эркектин сөзү ага жаккан жок. Анын айтканы бекер сөз экен. Анын үстүнө жери мыйзамдуу бекен? деген ойго келди.

-Жердин документтери барбы?- деди Сайраш баарын толук убадалашып алууга аракеттенип.

-Албетте, баары мыйзамдуу, жерди өзүмө документтеширип койгонмун, акчаны аларым менен бүгүн болсо бүгүн,эртең болсо эртеси, дароо каттоо мекемеси аркылуу өткөрүп берем,-деди эркек. Муну укканда Дарыйканын көңүлү жайланып калды. Ошол жерден эртең менен каттоо мекемесинен үчөө жолугушуп, Сайраш жети миң долларды, ал эми тигил эркек жердин документтерин алып келмей болуп, убадалашып, тараштты.

Апасы жер сатып алып, жанында дагы эки миңдей доллары калганын укканда Жумагүл менен Медер аябай кубанышты. Жерди мыйзамдаштырып бүтүшөрү менен, үйдүн курулушунун пайдубалын баштаңыз апа,- деди Медер шашылып. Балдарынын кубанычына, Сайраш ан сайын сүйүндү. Салына турган үйдүн долбоорун да тандап алышкан. Ысык-муздак суусу, бардык шарты менен эки кабаттуу сегиз бөлмөдөн турган үйдүн курулушун пайдубалын быйыл бүткөрүп. каражат топтоп эрте жаздан курулушту кайра баштамай болушту.

-Апа жаныңызды кыйнабаңыз. Ансыз да пайдубал бир жыл турса жакшы болот дешет го. Каражат топтоп, келерки жылдын жазынан баштайлы, азыр башпаанек алган жайыңыз бар, дагы чыдап ижара акысын төлөп жашап турасыңар. Келерки жылдан баштап,күзгө чейин бүткөрүп кирип аласыз,-деди Жумагүл. Экөө сүйлөшүп алышкан го, аны Медер да кубаттап койду. – Апа банктан насыя албаңыз, макулбу?!

-Кызым насыядан араң кутулганда, кайрадан насыя алат бекенмин, ал насыя өзүбүздүкү болсо бир жөн эле, жебеген самсага пул төлөдүк го, эсиме салбай эле кой жан эркем, ашканабыз турат, өзүм кайра иштетем, силер болуп үчөөлөп үй курабыз.

X X X

-Тайэне, тайэне алма бышыптыр, тайэне! дейм. Жаш-

тыгынан гүлдү сүйүп, жан дүйнөсү менен гүлдөр гүл ачкан маалды жакшы көргөн Сайраш небереси Камчы жанына келип, түрткүлөгөндө уйкудан ойгонгон сымал селт эте түштү.

- Мынчалык кыйкырбасаң, мени кереӊ дейсиңби?

- Анда укпайсызбы, кыйкыра берип, тамагым ачышып калды. Мына, алма бышып калыптыр, кыпкызыл бекен, жерге ийилип турган жеринен үзүп алдым.

- Ыя балам, алманын бул сорту ушундай, түйгөндөн тартып, өзү кызыл болот, бышкыча дагы бир ай убакыт бар, бышпаган алманы неге үздүң,эми жеп көрчү, бышкан бекен. Каап, бышканда үзсөң болмок экен, али даам кире элек эмеспи.

-Чын эле тайэне тишим өтпөдү го, каттуу экен, бышпаганын билгенимде…

-Бышканда өзүм үзүп бермекмин, баласың да,-деди небересинин бышынан сылап.

-Тайэне Медер агам жумушунан келди, жеңем тамак бышты, жейбиз дейт. Жумагүл апам менен жездем да келди.

-Бул эмнеси апаңды апа дейсин да, атам дегин, уктуңбу, ал сенин атаң болот.

-А эмнеге Медер, Белек агам менен жеңем жезде дешет, мен да жезде дейм да.

Сайраш небересинин балалыгына күлдү. Үйдүн курулушу бүтүп, той жасап көчүп киришкенде кызы менен уулун кайра иштегенге жөнөтпөй койгон, ал жакта окуусун бүтүп келген Медер эжеси айткандай каттоо мекемесине жумушка орношкон. Жумагүл шаарга турмушка чыккан. Жолдошу экөө Питерде иштеп жүрүп таанышкан экен.

Балдары келгенде топтогон акчасына дүкөнүн кайра сатып алып, ашканасын да өздөрү менен иштетип жатышат. Аны да балдарына тапшырган. Өзү неберелери

менен үйдө, теңтуш аялдарына жолукканы, же башка жумушу чыкса, балдары сатып берген жаңы унаасын айдап жөнөйт. Бир кездеги эски унаасын балдары мингизбей, сатып жиберишкен. Өткөндү эстетип турган ошол унаасын сатканга каршы болгон деле жок, анын ысык-суугуна кошо чыдаган бул унаасында анын акысы деле калбаган. Жашы элүүдөн ашып, алтымышка чукулдап, улгайып баратса да, жүзүндө бырышы билинбей, баягы жаш кезиндеги келишимдүү турпатынан, сулуу чырайынан кете электей. «Сыры кетсе да, сыны кетпей баягы эле Сайраш». Ар жолукканда курбуларынын айтчу сөзү ушул,башкаларчылап көп эле көчөгө чыга бербейт. Жазынан тартып, күзгө дейре үйдөгү анын жумушу неберелери менен эрмектейт, аларга да эмгекти үйрөтөт, алардан алаксып калганда короодогу гүлдөрү менен алек, анан көз айнегин тагып алып, телевизорду коюп ыр угуп,жакшы кино көрүп, китеп окуйт. Ар жылы жайында өзү сындуу курубулары менен Ысык-Көлгө барып, эс алып келет. Ошентип, Сайраштын жай турмушу өз калыбы менен өтүп жаткан убагы.

Колу менен күндөн көзүн калкалай ачык асманды бир карап алды да, ары-бери сүрүлгөн аппапак булуттарды телмире тиктеп туруп, небересинин артынан үйгө карай басты. Чоң арыктагы шаркырап аккан суунун добушу, аны коштогондой шактан-шакка секирген чымчыктардын безелене сайрашы, кудум эле музыкант аспабын ойноп жаткандай, кулагына сыбызгыган күү сымал угулуп, ушул кереметтен алыстагысы келбей турду.

# КӨЧ

**Аңгеме**

Жыл мезгилинин ажайып сулуу учуру. Жайлоонун жашыл шибери жайкалып,жыты аңкыган гүлдөрү жайнап, керилген сулуу кыздай толукшуп турган убагы. Ушул учурда кыргыз көчү уланып,көч башында койкое олтурушу салабаттуу, ажаардуу ак элечек байбиче келатат. Бул Сүйүмкан байбиче. Анын жанында үкүлүү тебетейчен айжамалдуу, татына кыз Күлүмкан. Ата-энесинин эрке кызы. Эки көзү бир башкача жайнап, чар тарабын курчаган карагайлуу тоолорду суктана тиктеп баратты. Тоо этектеп, анын боорунда кыпкызыл тоо кызгалдактары кудум эле кызгалдактуу килем төшөп койгондой бир татына. Ушул көрүнүш кызга жагымдуу таасир этти.

- Апа, апаке ушул жерге токтойлучу, бир аз тыным алып, кайра жол алабыз,-деди кыз салабаттуу байбичеге.

-Ошентелиби кызым? – Мээримдүү сүйлөгөн эне кызынын чыйпылыктап турган келбетине кызыга карады. Айжамалы жайнап, бышып-жетилип, мына бул тоо кызгалдагындай кулпуруп турган эрке кызына өзү суктанып, өзү ичи тарый түштү, « кудай жаман көздөн, жаман сөздөн сакта». Байбиче кызын кыя албай, бир чети өзү да жолдо жүрүп, денеси жанчылып, эс алгысы келип турган болчу. Ошондуктан, кызынын айтканын туура көрүп, артына карай колун жаңсады. Бул анын «эс алалы» дегени. Бул буйрук анын артынан биринен экинчисине уланып, аягына чейин жетти. Баары минген унааларынын тизгинин тартып, аттарын байлап, төөсүн чөктүрүп, жол четтебирээк, тамак аштарын жайып,жайгашып, өзөк жалгаганга киришти. Күлүмкан тамакка келген жок, кудум эле артынан жоо кубалап келаткандай, бир чети самаган жеринде

ашыгы күтүп тургандай шашкалактап,өзүнчө эле жүрөгү элеп-желеп болуп, түз эле адыр бойлой, кызгалдактарга карай жүгүрдү.

-Сен кайда, эми эле тыныгалы дебедиң беле, сенин каалооң менен токтободукпу,-деди эне башка тарапка баскан кызынын ниетин билип турса да.

-Мен азыр апа,-деди кыз өйдөлөп баратып. Эки тизесин ийе эңкейе басып, эки көзү адыр боорундагы кызгалдактарда, батыраак жетсем да, жытынан искесем деген тилеги. Бийиктеп басканга заматта чарчап, энтиге жетип, сындырып албайын дегендей таризде абайлай гүл арасына аста келип, дароо жытын искей кетти. Ага бир башкача ажайып жыт келип, каңылжаарын өрдөп, ошол керемет бүт жан-дүйнөсүн каптап кеткендей болуп, өзүнчө ичи элжиреп, толкунданды.

-Бийкеч! – Күтүлбөгөн жерден чыккан бейтааныш үндү угуп, кыз чоочуй дароо этек жакты карады, көчтөгүлөр, апасы баш болуп, ар кимиси ар кайсыл жерде даам татып олтурушту.- Жалгыз коркпойсузбу? – Эмелеки үн артынан угулду. Чочулай аста бурулуп, артын карап, ат үстүндө суусар тебетейин сеңселте кийген, сулуу сымал жигитти көрүп, кайдан чыга калганын биле албай, бир чети таң кала, бир чети чочулай тиктеди.

- Сиз кимсиз, кайдан чыга калдыңыз?

-Чогуу келатпайбызбы, көчүбүз бир, бара турган жерибиз да бир. Биз силерден аркы айылдан болобуз, жайлообуз бир, дайыма жанаша конобуз. Мен сизди билем, а сиз болсо алигиче биле элексиз го.

-Күлүмкан, кызым кел бери. - Ал жигитке жооп бергенче этек жактан апасынын үнү угулду.

- Мени апам чакырып жатат, жылат окшойбуз.

- Шашпаңыз, жыгылып түшөсүз, чогуу басабыз.

- Апам көрсө урушат.- Кыз ордунан аста туруп, дагы

кызгалдактарды бутум менен басып албайын дегендей ылдыйды карай, этектеп абайлап басып баратты. Жигит бир саамга үнсүз, сөзүнүн уланбай, кыздын кетип калганына ичи ачышып, атын жай бастырып, кыздын артынан түштү да, өз көчүнө карай жөнөдү.

- Бир нерсе жалмап ал кызым, жол алыс курсагың ачат,-деди эне жанына келип олтура калган кызына. –Кызгалдактар көп бекен?

-Көрүп турасыз го, жанына барып жытын искесем, \ тим эле укмуш,кооздугун айтпаңыз жайнайт го.- Күлүмкандын көзү ошол кызгалдактардай жайнап, кудум жаш баладай кубанганынан эки колун чапкылап сүйлөдү.–Сиз чакырбадыңызбы? Болбосо бир аз көкмөк асманды тиктеп, гүлдөрдүн аңкыган жытына машырланып, жан сергите эс алып олтурмакмын.

- Жол алыс, ар кайсыл жерде убакытты кетире берсек, бара турган жайыбыздан кечигебиз. Анан сенин жаныңдагы кайсыл жигит, кайдан чыга калды? –Эне кызына тынчсыздана суроо салды.

-Билбесем, силер менен бирге баратабыз деди го.

-Мм. Атаңдын досу Канболоттун бойго жеткен уулу ушул жигит турбайбы. Атасынын сени суратып жүргөнүнүн да жөнү бар экен.

-Кызыке, кымыз ич.- Жеңеси чыныны узата берди. Күлүмкан энесинин сөзүн көңүлүнө түйүп калды да,чыныны колуна алып, жарымын араң ичип, « ох», деп ичиркене жеңесине кайра узатты.

- Болсоңор тургула эми, дастарконго батаа кылып, жол арбыталы. Омиин, жолубуз ачылсын. Кызыр Ата, Умай эне колдоп, Жараткан Алла жакшылыгын берсин. –Сүйүмкан байбиче эки колун жүзүнө сүртө, ордунан козголду. Көч кайра сапар улады.

«Атасынын сени суратып жүргөнүнүн да жөнү бар

экен». Апасынын ушул сөзү Күлүмкандын оюнан кетпеди. Ошол көчтөгү кызгалдактуу жайыкты кийин да, бир топко чейин унута албады. Ат үстүндө күлмүңдөгөн көз караш эмнегедир оюна келгенде жүрөгүн кытыгылап жиберчү.Ошондогу суусар тебетейчен сулууча жигит Бекжан кийин анын өмүрлүк жолдошу болуп калды.Андан кийин да ар жылы жайлоодон жайлоого, жайлоодон кыштоого нечен курдай көчүп жүрүштү. Бул учур өзүнчө бир керемет, өзүнчө бир майрам, ажайып бир укмуш кез эле.

X X X

Быйылкы жаз эрте келди, эрте келгени мындай турсун өтө эле сулуу жаз болду. Эртең менен турса, теребел бүт жапжашыл, дарактардын баары келбети келишкен татына кыз жашыл көйнөк кийгендей көрктөнө түшүптүр. Мынчалык сулуулукту мурда көрбөгөндөй айланасын суктана карап, короо алдында ары-бери басып жүрдү. Бул сулуулукту коштоп, чымчыктар шактан-шакка конуп, чырылдашат. Сөз менен айтып түшүндүрө алгыс ажайып кооздук, анын жаштыгын эске салды.

-Энекебай, чөөгүнгө суу даярдап койдум, мына эне.- Артынан, назик, жумшак үн угулду. Бурула берип, ыманы ысык, айчырайлуу келининин күлүмсүрөп турганын көрдү. Ак көйнөгү, кынала тигилген кемсели өзүнө куп гана жарашып калыптыр. Башындагы бир байлам ак жоолугу да бир башкача көрк берет. Келининин турпаты өзүнүн толукшуган жаштыгын эске салып, эмнегедир ичи туз жалагандай ачыша түштү. Өмүрдүн учкаяктыгын карачы, кечээ эле ал да мына ушул жапжаш келиндей кулпуруп турган убагы эмес беле.

-Кудай жалгасын кызым, багың ачылсын, мени сыйласаң, өз балдарыңдан сый көрөсүң,-деди ага ыраазы боло. Катарынан эгиз төрөп, жыйырма экиге чыгып чыкпай төрт балалуу болгон келини, он сегиз жашында анын уулу

Жаныбекке жубай болгон. Ошол күнүнөн ушул күнгө чейин башынан ак жоолугу, үстүнөн кемсели түшпөй келет. Анысын да каныккан чеберге өзү монччоктон тиздирип, оймо түшүрүп, тиктирип берген. Эрте жазда, кеч күздө асемдеп тигилген кыргыз чапанын кийип алат. Анысында да кыргыздын оймосу түшүрүлгөн. Келининин кыргыздын каада-салтын кармап, үрп-адатын сактаганы жагат. Конокко барса, же майрамдарда өзү да жашына жараша эзелтен элибиз баалап келген улуттун кийимин,башына заңкайган элечегин кийет. «Кайын эненин камыртурушунан», деген сөз чын го. Кыргыз кийимин кийип жүргөндү өзүнө окшоп, келини да жакшы көрөт экен. Азыр келининин колунан чөөгүндү алып жатып, ушундай татына, акылдуу келининин бар экендигине ичинен ыраазы боло, кудайга шүгүрчүлүк келтире кетти.

Ушул келининин турпатынан улам өзүнүн жаштыгын эстей кетет. Дааратын алып, намазын окуп бүтүп, келини даярдаган дастаркондун төрүнө, өз ордуна барып олтурду. Күн сайын эртең менен саат жетиден кечикпей, бир маалда неберелеринен башкасы таңкы чайды ичишет. Бүгүн да адатындай көп өтпөй намазын окуп бүтүп, жанына балдарынын атасы келип олтурду.

-Байбиче, бүгүн маанайың кандай, жүзүң тамылжып турганына караганда көңүлүң көтөрүңкү го,-деди Бекжан карыя. Күлүмкан байбиче суроого дароо жооп берген жок, негедир бир саамга ойлуу тунжурады.

Илгертен эл ичинде ар тараптан өрнөк болгон кадырбарктуу карыяны аксакал дешкен. Орточосун абышка дешсе, дайыма чыр-чатак салып баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү орунсуз жүргөн кишини чал дешет. Ал эми аброй менен жашаган урмат-сыйлуу аялды байбиче дешсе, өз орду менен жүргөнүн кемпир деп, ал эми эл бузар, чырлуу аялды мастан дешчү экен. Элдин каада-салтын, үрп-

адатын билген карыялар, бирин бири, «балдардын атасы, же «карыя», «байбиче» , деп урмат менен кайрылышат. Буга өздөрү да, балдары да көнүп калган. Уул үйлөп, кыз бергенден кийин, эми улгайдык дешип, ушинтип атай башташкан.

-Кудайга шүгүр балдардын атасы, өзүңүз кандайсыз, жакшы жатып, жай турдуңузбу? – Алгач ушул үйгө келип, бүлө болгондон тартып, «сиз» деген сөзүнөн жаңылбай келген байбичеси карыясына сый менен кайрылды.

-Бу жашоого алып келип, ар күнү таңга маал минтип, бир дастаркондо даам сызууга насип эткен Аллага ырахмат. Ушунчалыгына шүгүр дейли,-деди карыя байбичесине жооп узатып, карыса да сымбаттуу турпатынан жазбаган аксакал ордунан козголо жайлана олтуруп, сырттан салам айта кирген уулу Жаныбекке аталык жылуу мээрими менен карай берди.

- Ата-апа,жакшы турдуңуздарбы? - Кош колу менен атасынын колун бек кысып, апасынын колуна аста сылай уулу Жаныбек карылардын ортосунан орун алды да, дастарконго ийилип, ысык жабылган дандыр нанын четинен тарта сындырып, эң оболу эки карыянын астына, анан ар кимисинин отурганына карап, дастаркон четине кое, акыркы бир туурамды өзүнө алып, четинен ооз тийе, аста койду да, келинчеги берген пияланы колуна алды.

- Баарына шүгүр дейли балам. Бүгүн не жумуш жасайсың, ишиң барбы?

-Жок ата, жүгөрүлөр чыгып калыптыр, аны чаап, анан жөөк алып, помидордун көчөтүн олтургузуп коеюн. Бүгүн, эртең жалаң, огороддо иштеп, баарын иретке келтирип алайын дедим ата.

-Мейли балам, апаң экөөбүздүн колубуздан келбесе, өзүңдүн ишиң, билип жасай бер.- Карыя уулунун ишине ыраазы.

Келиндин берген таңкы оокатын ичип, чакан үй-бүлө аксакалы батаасын берип, дастаркон жыйнаштырылып, баары өз жумушуна тарады. Карыя аркы айылдагы кызынан кабар алганы, уулу жүгөрүсүн чапканы, келини үй тиричилиги менен, а байбиче эшиктин астындагы сөрүгө жай салдырып, кыңкая жата кетти. Кайын энесинин ойлуу тараткан жүзүн көрүп, келини алаксыткысы келбеди. Балдары ички үйдө уктап жатышкандыктан, кайын энесинин тынчтыгын бузар эч кимиси жок, өзү да идиштерин калдыратпай, үн чыгарбай жумушун жасап жатты.

Байбиченин аты Күлүмкан. Ушул тапта өз апасы Сүйүмкандан уккандарын эмнегедир эсине салды. А апасына, өз апасы Сүйүмкан, тайэнеси Күлсүн байбиче айтып берген экен. Бул баян энеден энеге уланып келаткан окуя.

Х Х Х

Укканына караганда кыргызды калмактар басып, айылды бүт тоноп, секелек кызы Күлсүндү апасы жүккө орой жыя салып, сактап калган экен. Бой жетип, суйкайган куракка келгенде айылдын бардар байынын баласынын көзү түшүп, кадимкидей кыргыздын салты менен ата-энесине калың берип, бүлө кылып алыптыр. Кайын атасы күтүрөгөн жылкысы, кокту-колотко толгон малкою бар болуп, бирок жарды-жалчыга кайрымдуулугунан элге «жоомарт бай» деп, аты чыгып, колунда жоктор чочулабай эле жардам сурап, же карызга алып, көбүнө көмөгүн берчү экен. Күлсүн мына ушул үй-бүлөгө бүлө болуп, кедейдин кызы, байдын келини болуп, эч нерседен кем-өксү болбой, карды ток, кийими бүтүн доор сүрдү. Төрткүлөткөнү барганда да, күтүрөтүп мал айдап, ата-энесине белек-бечегин аябай берип, кайын-эне, кайын ата, жоро-жолдош, келин-кесек менен коштоп келишти. Кызынын шарапаты, бай кудаасынын берген калыңы менен

ата-энеси боз үйүн жаңылап, тиричилигин оңдоп, ирденип алышкандыктан, кудааларга, күйөө балага арнап, атайын боз үй көтөртүүгө жарап, көкүрөк көтөрө,бай кудаасын каадасы менен тосуп алды. Жашыл шибер, арча-карагайлуу жерге олтурукташкандыктан, ошол учур бир башкача асемдүү болуп, көргөндүн көзүн талдырып, денени магдыратып, жибите сергиткен маал эле. Үч күн катарынан мал союлуп, бир үйдө куда-кудагыйлар сый көрүп, экинчи үйдө күйөө жолдош, кыз-кыркын комуз чертип, ыр ырдап, сыртта селкинчек ойноп, шапар тебишти. Кызынын бешенесине жакшы жерден куда күткөнүнө кубанган ата-энеси меймандарын кушбак узатты.

Март кайын ата, ак пейилдүү кайын эне, арзып алган күйөөсү Кудайберген Күлсүндү ак жибекке ороп, байдын кызындай жасантып алып жүрүштү. Кыздын багынан дейт го, ал акжолтой келин болду. Апасынан үйрөнгөн колунан көөрү төгүлгөн аялга таандык чеберчилиги менен да баарына жакты. Жашында « чебер келин» аталса, кийин колунун сындуулугунан « чебер байбиче» атка конду. Жаңы төрөлгөн наристесинен тартып, балдарынын баарына, кала берсе кайын ата, кайын эне, күйөөсүнөн бери көйнөгүнөн тарта, тебетей, тон, элечегинен бери келиштире тигип, көргөндүн көз сугун арттырды. Жыгачын устага жасатып, ички-тышкы жасалгасын өз колу менен келиштире көркөмдөм боз үй тигип, дагы аты чыкты. Келгенинен көп өтпөй кайын атасынын алтымыш жашына атайын өзү асемдеп боз үй көтөртүп берди. Бул күндөн бир топ күн алдын ал бир күнү күйөөсүнө ой айтты.

- Балдардын атасы, атабыз алтымышка келип, бириң ак тон кийгизип, бириң ат мингизип, деги баш этегине сарпай берүүгө камданып жатасыңар. Мен атама, апама кошуп, бир сый тартуулайын дейм. Ага сиздин жардамыңыз керек.

- Акылдуу айымым, кандай жардам сураганы турасың?- Жолдошу сырдуу күлүмсүрөп жанында турган жарын дагы кандай кеп айтаар экен деп тигиле карады. Ушул тапта артына байлаган ак жоолугу жубайынын ак жүзүнө жарашып, үстүндөгү ак көйнөгүнө кынала кийген четине кыргыз оймосу түшүрүлгөн кемсели өзүнө көрк берип, кудум эле жаңы келген келиндей ажаары чыгып турду. Жолугунун четинде чыгып турган чачын колу менен кулагынын артына көздөй беките, таңдана карап турган жолдошунун суроосуна жооп суроо узатты.

-Чочубай эле коюңуз, сизден чоң нерсе сурабайм. Чебер устага алты канат боз үйдүн жыгачын асемдеп жасатып берсеңиз болгону, ичи, тышын жасалгалоо менин мойнумда болсун. Сизден көптөн көп өтүнөөрүм ушу.

-Ар бир үйгө бирден боз үй, аны эмне кылганы турасың, же өзүңө арнап, өргө тигейин деп жатасыңбы?

- Эч кимге айтпасаңыз гана айтам.

-Айтпайм. Күйөө-зайыптын сыры сыртка кетчү беле.

- Мен кайын атамдын алтымыш жылдыгына карата апам экөөнө жасалгалуу боз үй белек кылайын деп турам.

- Өтө чоң кетипсиң го, мaараке күздө белгилене турган болуп жатат, үлгүрөт бекенсиң, бир чети бу сенин белегиң баарынан ашып кетет го. Башка уул-келини, кыз-күйөө ичи ачышпайт бекен?

-Ошон үчүн эч кимге айтпаңыз, ошол күнү гана билишкендей болсун деп жатпаймынбы, бир чети бу үйдө менин жасаган ишиме эч кимдин деле ичи ачышып, кызганганын келгениме төрт-беш жыл болду көрө элекмин го. Андай деле болбойт го. Сиз жыгачын тездетиңиз, боз үйдүн жасалгасынын жарымын камдап койгонмун, калганына кенен-кесири эле жетишем.

Жубайынын тил билги, акылгөйлүгүнө ичи жылыган Кудайберген бооруна бек кыса, маңдайынан сүйдү да,

ордунан туруп, сыртка карай жөнөдү. Анын күлө баккан жүзүнөн сураныччын аткарарына ишенич арткан Күлсүн жолдошу киргенде шырып жаткан шырдамалын кайра колуна алып, ишин улантты. Ошол кезде сырттан шагыраган чачпактын добушу угулду. Кайын энеси келатканын сезген келин, ишин жыйыштыра коюп, ордунан тура калып, Каным байбичеге эшик ачты.

-Келиңиз апа,-деди келин жаш күнүндөй эки колун бооруна алып, бир аз ийиле берип. Биринчи күнү ушул үйдүн босогосун аттаганда жүгүнгөн, ошондон бери ушул сыйын таштабай келет. Кайын эне келинине ыраазы боло, боюна жарашкан шайы көйнөгүн шуудуратып келип, төрдөгү калыңдап салынган төшөккө олтура кетти. Олтура берерде чачпагы шуудур дей түштү коңгуроодой үн салып. Ушул үн алыстан угулганда эле салабаттуу байбиченин турпаты көз алдыга тартыла түшөт. Чачпактын шуудуру бүт айылдын зайыптарына сес болот.

- Эмне иш жасап жатасың? – Каным байбиче жүктүн бурчундагы кийизди карай үн катты.

- Шырдамал апа. Неберелериңиз чоңойгончо көз курчум кете элегинде бирден жасай берейин, балдарга, болбосо өзүбүзгө, деги бүтүп калган буюмдун зыяны болбойт го. –Дароо жеңил кыймылдап, дастаркон жайып, тамакашын кое жатып, кайын энесине жооп бере Күлсүн ичтеги ой-максатын айтпай турууну жөндүү көрдү.

-Быйыл атаң алтымышка чыгыптыр балам. Канча жерге барды, той-маарекелерге катышты, сый көрдү. Эми балдарымдын жардамы менен жакшылап, куда-сөөктү, тууган-урукту, тааныш-билишти, сыйын көргөн адамдардын баарын чакырып, элге чай ичирип коеюн деп жатканын билесиң да.

- Билем да апа, кеңешпедик беле. Атам күнүн белгилеп берсе, балдарыңыз эле өткөрүп берет атамдын мааракe-

син. Сиздер ошол күнү төрдө сый көрүп эле олтурсаңыздар болот.

- Кудайбергенге айт кудаларга да киши жөнөтүп, кабарлап койгула. Куданын да сыйы болот, балам. Сырттагы жат бирөөдөн угушуп, капа болуп калышпасын. Анан алар маарекеге барабыз деп, көп чабылбай эле коюшсун. Биз эмне дүйнө жыйнаганы чакырмак белек. Балдардын баарынын атаң бөлүп берген энчиси бар, мына силердики деле мал-коюңар көбөйдү. Эки, үч үйүр жылкыңар бар. Башка балдардыкы деле кудайга шүгүр, биздин да ырыскыбызга жараша дүйнөбүз жетишет. Бай-кедей, жарды жалчыга карабай, ысык шорпо ичип, эт жеп кетсин, бу атаңдын байлыгына, бийлигине, колунда жоктугуна карабай улуу-кичүүгө бирдей жоомарттыгын дагы көрсүн деген эле ой. Анан элдин ынтымагы ушундайда билинет тура. Уруу-урууларга, кокту-колотко бөлүнбөй биригели деген да тилеги бар атаңардын. Дайыма ынтымак бололу, бир элбиз, бир жербиз деп айтканын баарыңар билесиңер. Байлык колдун кири, бир күнү суудай агат да кетет, аны да кудай бергенге берет, топук кылбаса заматта жок кылып койчу да кудай. Ошондуктан, силерге да дайыма кайрымдуу болгула дегени ошондон. Мына атаңар, жарды-жалчыны көз кырынан кетирбей сурап келсе үйдөн куру чыгарбай, кой, улагын, саап ичкенге саан уйун карматып эле келатат. Жаман болгон жок. Баягы эле саны азайбаган малы турат, кайра улам төлдөп, жыл сайын көбөйгөнү көбөйгөн. Ар төлүндө жыйырма-отуздан өзүбүздүн кол алдыбызда кызмат кылгандарга берип келет. Кызматыбызды кылгандардын баарынын эшигинде ондогон кою, малы байлануу турат. Жакшы байдан жугат экен, сараң байдан неси жугат. Колу менен мыжыгып сыркытса, тамганын жалап, козу союп, эт жебеген сараң байлардын малы кышында суукка кайыгып, канчасы

өлүп жатат. Биз теңирдин жаратканына да, бергенине да шүгүрчүлүк дейли, балам. Дале Жараткандын көзү түз болуп, балдарыбыздын аманчылыгын тилейли. Кудайберген экөөөңө да балдарыңар менен бирге жакшылыгын бере берсин.

-Омиин,-деди байбиче батаасын берип, алаканын жая, келини да эки колун эки бетине сүртө кайын энесин коштой берди.

Каным байбиче көп сүйлөдү. Пияланы чайпап ичип, Күлсүн улам сүт аралаштырып куюп берген бир чайнек чайды өзү эле түгөткөндөй болду. Келини ашыкча сөз кошпой башын ийкеп коштоп гана олтурду.

Күлсүн Каным байбиченин бешинчи келини. Башкалардыкына караганда ушу келиникине көп кирет. Алты уулунун баарына ар ар жерге бирден келиштире боз үй көтөртүп берген. Ар биринин тегерегинде кызматкерлери бар. Алар айланта өздөрүнүн турмушуна жараша боз үйлөрдө жашап, ар баласы өз бүлөөсү менен өзүнчө бир айыл. Кыштоосу да, жайлоосу да бир. Ушу келини келгенден бери Жанболот байдын мал-кою дагы көбөйдү. Аны үйдөгүлөрү Күлсүн ак жолтой келин болду деп жоорушат. Кайын ата, кайын энеден көрүп, билип жүрүп, Күлсүн да, анын эшигинде кызмат кылгандарга кайрымдуу. Оокат-ашка кенен. Тез-тез жандык союлуп, казан асылганда баарынын карды этке тоюп, калганын да, жыйнап кетишет. Аны да Күлсүн өзү айтат. Келинин баскан- турганына, жасаган ишине, акылынын тетиктигине ыраазы болгон кайын ата менен кайын эне анын жасап жаткан жумушуна аралашпайт.

Каным байбиче бешенесинен терин агыза чайын ичип, бир кезде дастарконго батаа берип, ордунан козголду. Күлсүн олтурган жеринен бат козголо, эки жагынан жөлөй калды. Жашы алтымышка жете элек байбиче тың,

жаш келиндей керилип, байбичелигине карап, сынынан бузулбай, зыңкыйган турпатынан жазбайт. Ордунан жеңил туруп, келинин алкай, жыла басып сыртка чыкты.

-Агарып-көгөрүп, ушул салабатыңдан жазбай, мендей байбиче бол,-деди баратып.

-Айтканыңыз келсин апа, бат-бат кирип, даам татып туруңуз. –Күлсүн кайын энесин ызаттай, жылуу узатып, кайра өз ордуна барып олтурду. Кызматчы келин, дароо дастаркондуу жыйнай салды. Байдын алты баласынын баарынын тиричилиги өзүнчө. Кенжеси бирге. Аны да тектүү жердин кызына үйлөндүрүшкөн. «Кайын эненин камыртурушунанбы», айтор бу келини да тил билги. Каным байбиченин айткан дегенин кынтыксыз аткарып, ал да купулуна толуп алды.

Жанболот байдын алтымыш жылдык мааракеси «кой үстүнө торгой жумурткалаган» күркүрөгөн күздө, бышыкчылык маалда өттү. Апталап күн чайыттай ачылып, бир чети мээлүүн тартып турду. Ар үйдө жандык союлуп, казанда эт кайнап, конок күтүлүп, күндүзү кенен жайыкта улак тартыш, күрөш, эңиш сыяктуу оюндар ойнотулуп, жаштар селкинчек тээп, «бекинбечек» ойноп, көпчүлүк бака-шака. Байдын жоомарттыгын мактап, ырчылардын доошу басылбайт. Аларга да өзүнчө сый көрсөтүлүп жатты. Жанболот бай менен Каным байбиче Күлсүн тойдон бир күн мурда тартуу кылган, колунун күчү, көзүнүн нуру менен бүт жасалгасын асемдеп, көтөрткөн алты канат боз үйдүн төрүндө эң сыйлуу коноктору менен. Куттук айтып, киргендерге келини Күлсүндүн аларга атап атайын тиккен боз үйү экендигин айта берип тажаган жок. Уккандар да ыраазы. Айрыкча жоомарттыгы менен аты алыска тараган Жанболот байдын мааракесине агылып көп эл келди. Кызынын шарапаты менен байып алган Күлсүндүн ата-энеси калган кудаалары менен өзүнчө

боз үйдө. Кызынын кадыр-баркы менен анын ата-энесине өзүнчө сый болду. Той таркап, жакшы өткөнүнө курсант болгон Жанболот бай менен Каным байбиче аларды да бир күн калтырып, кечинде башка жандык сойдуруп, эт бышыртып, жилик тарттырып, эртеси түш оогондо кабаттап сарпай кийгизип узатты. Ата-энесине болгон кайын атасы менен кайын-энесинин сыйына Күлсүн ичи жылып, кубанып калды.

Баарын жыйыштырып, суй жыгылып, эми эс алалы деп турганда «Бай атам, байбиче, келишсин »,-деди деп кызматчысы келгенинен дагы эмне болуп кетти деп, балдарын ишчи келиндерге табыштап, Күлсүн менен Кудайберген чоң үйгө барышты. Төрдө Жанболот бай менен Каным байбиче олтурушуптур. Дастаркон жыйылбаптыр.

- Келгиле балдарым, дастарконго карагыла. Элди күзөтөм деп, жарытылуу даам да сызбадыңар чыгар,-деди кайын ата уул-келини олтура бергенде. – Эт алып келгиле.- Кайра сыртка үн салды.

- Ата убара болуп… Казан толо тамактан ачка калмак белек, элге да бердик, өзүбүз да жедик эле. – Баласы атасына кайрылды. Күлсүн ызат кылып, жолугун маңдайынан бир аз түшүрө салынып олтурган калыбында күйөөсүн кубаттагандай үн катпай башын ийкегилеп койду.

-Ошентсе да, алдыңардагы тамактан алгыла. –Каным байбиче сөзгө кошулду.- Күлсүн сенин атаңа арнап тиккен боз үйүңө ыраазыбыз. Баарын таң калтырып койдуң. Сенин ишиң купулуна толуп, суктанып кеткендер көп болду. Келин болуп келгениңден бери сыйлап келесиң, ырахмат кызым. Кошконуң менен кошо карып, агарып, көгөрүп, тең карып, тең арыгыла. Биздей кадыр күткөн карылардан болгула. Уул-кызыңардын тоюнда бололу. Кел эми, атаң-экөөбүздүн атаганыбызды силер да кийип

койгула. Кудайберген кел мында.- Каным байбиче ордунан ыкчам тура, жанында турган ак жибек жоолукка түйүлгөн сарпайын алып, уулунун башына суусар тебетей кийгизип, үстүнө ак тон жапты. Күлсүнгө карай бурулганда ордунан шып тура калып, башын ийди. Кайын энеси башына ак жибек жоолукту жаба берди, чебердин колунан саймалары келиштире тигилген чапанын кошо кийгизди. «

Сарпайыңар кут болсун, балдарым »,-деди карыя уулкелинине батаасын берип жатып. Мынчалык сый көрөбүз деп ойлобогон Күлсүндүн ичи дагы жылый түштү да, карылардан кетүүгө уруксат алышкандан соң, ээрчише өз үйлөрүнө карай басышты.

... Күлсүн жолдошуна он бала төрөп берди. Ар бир небереси төрөлгөндө тойчук жасап, айыл-апаны бүт чакырып, той өткөрчү кайын ата, кайын эне оо дүйнө узап, Күлсүн уул-кызы чоңоюп, баары өзүнчө орун-очок алып, жолдошу Кудайберген ак сакалдуу карыя болду. Он баласынын эң кенжеси жалгыз кызы Сүйүмкан эле. Анысы төңкөрүш болуп, бай- кедей деген жоюлуп, жарды-жалчы жерге ээ болуп, маңдайы жаркып турган маалда төрөлдү. Эркек балдардын арасында жалгыз кыз агаларындай эркекче кийинип, атка минип, эмне десе, айтканындай болуп, эркелеп өстү.

Ал кезде айылдын четинде жумурткадай болгон чакан мектеп болгон. Жаңы заман орноп, элдин сабаттуулугун жоюу саясаты жүрдү. Ошондо Сүйүмкандын жашы ондо болчу. Агаларын туурап мен да окуйм деп, ыйлап жүрүп, Сүйүмкан мектепке барды. Атасы Кудайберген эл аралап, шаарга каттап турчу. Ал жактан жаңы кабар угуп келсе, үй-бүлөсүнө да айтаар эле. Аларга жаңы заман болорун мурдатан эле четин чыгарып келген. Келечек башкача болоорун баары бир жаштар сабатсыздыгын жоюушу

зарылдыгын мурда эле уккандыктан, балдарын мектепке берди. Агалары менен кошо барган Сүйүмкан өзүнөн эки жаш улуу агасы Касым менен бир партада окуп жүрдү. Тамгаларды да агасынан бат тааныды. Бешинчи класска барганча уул баланын кийимин үстүнөн түшүргөн жок, эркелигине жараша ата-энеси да унчукпады. Он беш жашка келгенде апасы Күлсүн өз колу менен көйнөк тигип кийгизди.

-Эми сен чоң кыз болдуң, кыз бала көйнөк кийбесе, намыс болот,-деди эне. Сүйүмкан кийгиси келбей, араң кийди. Чебер колдуу апасынын тиккен көйнөгү кыздын боюна куп гана жарашып калды. Көйнөк кийбеген жаны эртеси бир колуна китеп салынган баштыгын, экинчи колу менен бир көйнөгүнүн этегин кармап алып, мектепке барды. Сырттан киргенде эле баары аны таңыркай карашып, алгач таанышпай да калышты. Эки көзү карагаттай капкара, тегерек бет, ак жүздүү тааныш өңдү көрүп, классташтары чурулдай түшүштү.

- Оо, бу биздин Сүйүмкан го, сулуу болуп кетиптирсин.- Мурду кетирейген бала тийишке кетти. Агасы Касым аны артка түртө салып, карындашынын колунан тарта, жетелеп келип жанына олтургузду.

-Бириң тийишип көр, менден капа болбогула,-деди Касым. Бойлуу болгондуктан, ага батынып эч ким сүйлөй албайт болчу.Агасынын коркпогонуна сыймыктанган Сүйүмкан өзүнүн коргоочусу бардыгына суктанчу. Азыр да жанагы тийишкен баланы тигиле карап, « менин агам кыйын», дегендей өзүнчө кудуңдап койду. Аңгыча класска колуна дептерин көтөрүп, мугалим эжейи кирди. Анын көзү дароо Сүйүмканга тигиле, көйнөк кийип алганын кубаттагандай сүйлөдү.

-Мына, кыз бала деген ушу, көйнөгүң жарашып калыптыр. Эң сонун кыз болуптурсуң.Көйнөгүң күзгө, өзүң

жүзгө чык. – Классташтарынан эки жаш кичүү болсо да, баарынан жакшы окуган Сүйүмканды мугалими да жакшы көрчү. Ушул тапта анын сөзүнө бир аз ыңгайсызда్нып, башын ылдый сала жооп берген жок.

Сүйүмкан жетинчи классты бүткөндө он жети жашка келип, бой жетип, толукшуган сулуу кыз болду. Шаарга барып окуйм деген тилеги бар эле. Бүтөрү менен кудалап кетишти.

-Жакшы жер, жаңы заманды түшүнгөн бүлөгө бүлө болосуң, окуйм десе, окутабыз деп жатышат. Кыздын бактысы анын турмушу. «Тең теңи менен», деген кеп бар элибизде, болочок жолдошуң ойлосоң оюңа, бойлосоң боюңа тең бала. Биз сенин көз жашыңды агызып, эшигибизге ыйлап келишиңди каалабайбыз,-деди Күлсүн байбиче кызынын маңдайынан сылай, жаштуу көздөрүн аарчый, бооруна кыса. Сүйүмкан башын жөлөй шолоктоп ыйлады. Сырттан атасы Кудайберген кирди.

-Сүйүмкан кызым сага эмне болду?

-Ата. –Кыз жаштуу көзү менен атасына тигилди.

-Эмне кызым, апаң экөөбүз сага жакшылык гана каалайбыз. Биздин эрке кенжебизсиң, кантип жаман жакка түртөлү. Күйөө бала, окуп, көзү ачылган, илимдүү адам. Буюрса кор болбойсун. Байбиче, кызыңа түшүндүр, жөн эле жашын агыза бербесин.Кудалар тойду тездетели деп жатышат. Камдан Сүйүмканды узатабыз.

Атасынын бир айткан сөзү сөз. Ал туура, туура эмес болсо да экинчи кайталанбайт. Апасы кызына кайра акылнасаатын айтып кирди.

- Мен деле атаң менен баш кошуп, өнүп-өстүм. Он бала төрөп, аларды чоңойткончо ушул бүлөнүн ыгынан түшпөдүм. Жаман болбодум. Жакшы жашап келатабыз. Агаларыңдын сегизи үйлүү-жайлуу болду. Мына эми тигил агаңды да үйлөйбүз. Ага да акыл-эстүү колукту та-

былса деп турабыз. Сенин бараар жериң да жакшы адамдар. Баласы жаңы замандын адамы экен. Атаң айткандай окуп, билимдүү болгон эл башкарчу жигит. Түшүнгөн киши кантип сени кор кылчу. Өзү көрүп, жактырыптыр. Көрүшөсүң, азыр кыздардын баары эле көшөгөнүн ичинде көрүшүп, жакшы эле жашап жатпайбы.

Апасы айткандай Сүйүмкан да көшөгөнүн ичинде болочок күйөөсү менен таанышты. Сырттан аста басып кирген жигит жанына жай келип олтурду да, кыздын бетин жаба ташталган ак жоолукту аста көтөрүп, бир саамга тиктеп турду. Кыз башын ылдый салган калыбында жүрөгү үркө, денеси титирей ичинен ойго батты. «Кандай адам, үрөйү учкан бир немеби, же жаркылдап сүйлөгөн жылдыздуу жигитпи? Мага жар болчу кандай адам?». Бир заматта ойлоору будуң-чаң. Башын көтөрүп, тике кароодон чочулап олтурганда ээгине жигиттин ысык алаканы тийип, ээгин аста көтөргөндө денеси калчылдап кетти. Кыз жумулган көзүн ачпай турду. «Көзүңдү ач, эркем, бул менмин». Үнү жумшак экен. Жумулган көз ачылды. Бет алдында көздөрү күлүңдөгөн, буудай өңдүү, ыманы ысык, кыл мурутчан жигит турду. «Ушул тура». Кыз ушинтип ойлоого үлгүрдү. «Кудая шүгүр, үрөйүнөн киши коркчуудай эмес экен. Түстүүдөн түңүлбө »,-деген. «Шаардан окуп келгени чын го, шаардыктарча кийген турпаты да келишимдүү экен, кийимдери боюнча жарашканын кара». Кыздын ички туйгуларын жигиттин сөзү бузду.

- Сүйүмкан мен сени досумдун тоюнда көргөнмүн. Кыздын жанында олтургансың, а мен күйөөнүн жанында. Ошондо көрүп, көзүм түшүп калган эле, өзүм бет келүүдөн айбыгып, ата-энемди орточу кылганмын. Ошондо кыздын сүрү, укмуш го, сүрүңдөн сүрдүгө сөз ката албай, тойдун аягына чейин бир көрүп, жактырып калганымды айта албай кеткенмин. Азыр да жамалыңдан тайсалдап,

ушул кебимди араң айтып олтурам. Мен сени туурума кондуруп, колума көтөрүп багам. Мага бала төрөп берсең болгону.

Көшөгөдө көрүшүп, убадасын берген Шержан сөзүндө турду. Апасы  Күлсүн сымал катарынан уул төрөп, жети уулдан кийин Күлүмканы жарык дүйнөгө келди. Согуштан кийин, эл кыйналып, чарба аксап турганда, окуусун жаңы бүтүп келген Шержанды башкармалыкка шайлашып, үй бетин аз көрүп, тыным албай иштеп, түн бир оокумда үйүнө келээр эле. Ал кайсыл убакта эшик кагып, үйгө кирбестин  казанда тамак бышып, чайы кайнап, дароо  колуна суу куюлуп, дастаркон жайылчу. Жаш кезде «эркем» деп эркелетсе, жашы өткөндө « байбиче» атыкты. Үйдө сарамжалдуу, колу сындуу, сөзгө бай, акылы терең Сүйүмкан айылда да кадыр-барктуу, абройлуу байбиче болду. Ошондуктан, баары «Сүйүмкан  байбиче»,-дешип атын сый менен аташчу.  Сегиз балалуу болсо да жаштыгындагы ажаары, келишимдүү турпаты, жумшак мүнөзүнөн жазбады. Салабат менен басып, орундуу сүйлөп, ажылдаган аялды, чырлашкан бүлөнү акыл сөзү менен аста гана теске салып коер эле. Өз апасынан үйрөнгөн уздук өнөрүн эс тарткандан тартып, кызы Күлүмканга үйрөттү. Кийиз жасап, оймо оюп, шырдак жасап, сайма сайып, боз үйдүн бүт жасалгасын жасоону апасынан биле баштап, Күлүмкан да тетик өстү. Ата-бабадан келаткан салт-санааны, үрп-адатты жүрө үйрөндү. Мектептен келгенден кийин, сабагын окуп, бошогондо апасына кол ишин  жасашып, убактысын текке кетирбей укканын  кулакка түйүп, көргөнүн көңүлүнө сактады. Ата-энеси жайында жайлоого  чыгышып, мектеби бүткөндө ал да, кошо жүрүп,  тоо арасындагы айылда жашаса да, жайлоодогудай кооз кереметти улам көрсө да өз көзү менен көргөнүнө ишенбей кетээр эле. Карагай, арча өскөн, тулаңы жайкалып, кызгалдагы жайнаган су-

луулук жайлоодон кайткандан соң да, оо көпкө карегинен кетпей турчу. Уулдарынын ичинде эрке, бирок тарбиялуу өсүп, апасынан жетик насаат алып, салтты да, турмушту да үйрөндү. Алыс кеткен жок. Жайлоого көч менен баратып жолуккан жылдыздуу жигит Бекжанга жар болду.

X X X

Турмуштун оорун, жеңилин, кубанычы менен капалыгын кошо көтөрүп, экөө жашоо кечиришти. Бекжандын тапканын сарамжалдуу пайдаланып, Күлүмкан дүйнөсүнө кошсо кошту, бирок кемитпеди. Уул-кыз төрөп, аларды багып, чоңойтуп, үйдө энелик да, жардык да милдетин өтөдү. Өз энесинен апасына, андан өзүнө калган уздук өнөрдү аздектеп келди. Ага кошумча кошок, уламыштарды саймедиреп, көптү билген Күлүмкан сөзмөрлүгү, чечендиги, акылгөйлүгү менен да элге белгилүү болду. Кезеги келгенде кынаптап кеп айтып, акыл-нускалуу, тарбиялуу сөзү менен көбүн таң калтырчу. Мунун баарын кайдан билет дешчү.Чоң энесинен, апасынан, улуулардан уккандарын унутпай, кийин өз уул-кыздарына, келиндерине айтчу болгон.

Турмушту көп көргөн Күлүмкан байбиче «Башында таажысы бар киши башчылыкка келгенде Союз тарайт экен»,- деген сөздү мурда эле угуп, ичинен тооба келтирип кыжалат болуп жүргөн. Кийин чынында эле ошондой болду. Бир Союзга бириккен он беш улут эл тарап, алардын ичине кыргыз башчылары баш болуп, эли эмне кыларын, кайсыдан баштаарын билбей, алапайын таппай турганда Күлүмкан байбиче аябай кейиди, буулугуп, ыйлап да алды, ичинен кан өтүп кеткенин сезди. Апасынын бир нерсеге өтө капа экенин көргөн балдары сурап, жообун биле албай коюшту. Бекжан карыя гана билди анын ички ооруусун.

-Ээ атасы, эми заман кантет. Башчыбыз тигил Москва-

ны күтөлү кылбай, өзү эле тизгинди колго алып, кыргызды башкара бергенде, балким баары жакшы болуп кетер беле. Ак сүйлөп, таза иштеп, таза жүргөн киши эле. Бул эмнеси,анын сөзүн көпчүлүк угаар эле го. Артынан ээрчиир эле. Журт башкарып, элдин каада салтын, наркнасилин да билчү эле. Мына эми Кыргыз эли башчы таба албай бушайман. Ким келет да, ким алып кетет, ата-энесинен ажыраган жаш бүлөдөй калдык го.

-Ээ, байбиче кылымда кырылып, түгөнбөгөн кыргыз бутка туруп кетет. Мына көрөсүң. Журт башына жолу ачылган бирөө келет да, эл болгондон кийин эл башы болот.Журт башчысыз калмак беле.

-Кана эле ошондой болсо. Илгертен ууру-уруу болушуп, хандан хандыкты талашкан бу кыргыз, оңой менен бир башчыга баш ийбейт го. Буга чейин улуу орус элинин сүрү бар эле. Ээнбаш болуп кетпегей элек.

-Азыр башка заман байбиче.

Бекжан карыя ишенип турду, Күлүмкан байбиче кыргыздын бат оңолуп кетишине негедир көзү жетпеди ошондо. Башка бир топ мамлекеттер кыргыздардай болушкан жок. А бизде көрбөгөндүн көргөнү курусун болуп, колунан келерлер мамлекеттин байлыгын талап алышты. Мамлекет жерди, малды элге менчикке берип жиберди. Лөкүйгөн СССР багып келгенине көнгөн эл эмне кылаарын билбей башы-маң, бергенине кубанып, курсант. А башчылары кантип жерди иштетип, кантип малды, анан элди багышын билбей баарын бөлүп таштады сыягы. Ошондо да шылуундарга малдын эгизи, жердин семизи тийди. Баягы эле алакөөдөн, ишенчээк кедей байкуш чоңдор сеники деп бергенин алды. Заңгыраган короо-сарайлардын, ири ишканалардын таланып, кийин талкаланып-тонолуп баратканын көргөн Күлүмкан эненин күйбөгөн жери күл болду. Энелик жүрөгү ооруп, бала эмизген эмчеги сыздап

турду. Баары талана берсе, жок боло берсе, биздин балдарыбыз, неберелерибиз кантип жашайт, ушинтип, мамлекеттики жок болуп, кыргыз мамлекети да жок болуп кетеби? деген коркунучтуу суроо жаадына келе калганда денеси бир катуу силкинип алчу да, ушундай кыжалаттуу ойлор көөдөнүн эзип жиберчү.

Ушунун баарын балдары да көрүп турду. Аларга да он жандын ар бирине сегиз тешеден жер берилди. Бир күнү эле алардын короосуна колхоздун адамдары « силерге тийди»,-дешип, он чакты арык-торук кой -козуларды айдап келип беришти. Ушуну көрүп, Күлүмкан байбиче дагы эзилип кетти. Ага ушул тапта мамлекет да ушул арык козулардай теңселип тургандай сезилди. «Эртең эле өлүп калат го булар», -деп алды ичинен түйшөлүп байбиче. Бекжан карыя мал сырын жакшы билгендиктен дарысын берип, жем-чөбүн кылдат жегизип, арык-торук козуларды ирдентип алды. Кыштан семиз чыгышты. А канчасы карай албай, өлтүрүп алышпадыбы. Мурдагыларына кошулуп, ошол он чакты кой-козулары менен дагы байып алышты. Беш уулуна он-ондон кылып, энчисин бөлүп беришти карылар. Кыздары балалуу болгондо аларга да энчи беришти. Бул кыргыздын эзелтен келаткан салты дешип, кенже баласы менен өз короосундагы жандыктары кийинки жылдары дагы төлдөп берди. Балдарыныкы деле ошондой болду го. Буга да ата-эне себеп, ар убак « кийинкилигиңерди ойлогула, бүгүн жеп, түгөтүп алсаңар, анан кантип тиричилик кыласыңар, бу силердин окуп, иштеп тапкан эмгек акыңар да ченелүү, эмнеңерге жетет»,-дей берип, уул-кыздарын да сарамжалдуулукка үйрөтүп бүтүшкөн. Жакшы тарбиянын пайдасы жаман болгон жок. Ушулардын баарын көрүп, өз башынан кечирип жаткан Күлүмкан байбиче мамлекетти мына ушул бир үй-бүлөдөй элестетти. Байыгандар байып кетти. Бул да

өз балдарынын мисалынан эле көрүнүп турду. Тун уулу, мектепти бүткөндөн кийин атасы окууга алып барып, өткөрсө,качып келип, окубай койду. Жаш үйлөнүп алды. Келинчеги мектепте иштеп, өзү машина айдап, бир чети ата-эне тарбиясын алганга турмушун ирдеп, бутка туруп кетти. Кийинки уулу окуду, окуган кызга үйлөндү. Ошонусу бышык чыкты. Чакан там салып, бөлүп койду. Бир күнү намазга баратып, короосунун жанынан өтө берип, жарыктын күйүп турганынан кайрыла калган Бекжан карыя бир чети чочуп кетсе, бир чети таң калды. Баласы аялы менен огороддо иштеп жүрүшүптүр.

-Үрөң-баранда да иш кылабы балам, жер агарса болот эле го,-деди уулуна.

-Келиңиз ата,- уул-келини огороддон чыга беришип карыянын таң калганына бир чети ыңгайсыздана түшүштү.- Үлгүрбөй калат экенбиз да ата, эрте ишибизге кетип, кечинде кеч келебиз. Эртерээк эгип койсок, эрте бышып, балдар да базарда кымбат кезде жашылча-жемиш жеп калышат,-деди уулу.

-Ата дастарконго келиңиз, короонун алдындагы сөрүгө карай орун көргөздү келини.

Балдарынын камдуулугуна ыраазы болгон карыя нандан ооз тийе, батаа кылып, намазга мечитке баратканын айтып, жолуна түштү. Үйгө келгенде байбичесине үйкусу аз,мээнеткеч уул-келининин ишин айтып бергенде Күлүмкан байбиче да таң калмак түгүл жактырды.

-Ырас кылышат, мен алардын ишин мурдатан эле билемин. Ошентип тиричилик кылышса өздөрү үчүн эмеспи. Бирөөдөн сурап олтурбай кардылары ток, кийими бүтүн болот.

Ошол баласы келини экөө, өкмөттүн маянасы менен жашап, жер иштетип жүрүп, мээнет менен бышык кыштан эки кабат там салышты, эки үч жылдан кийин баягы

атасы салып берген чакан тамды бузуп, ошол эки кабат тамына жанаштырып, экинчисин курушту. Уста менен кошулуп, өздөрү, чоңоюп калышкан балдары менен бирге иштешти. Короосуна, үйдүн ичине чейин суу киргизип, эшиктин астына асфальт бастырып, шаардагыдай шарт түзүп алышты. Келин алышса, келиндери да өздөрүндөй мээнеткеч чыгышты. Келин демекчи, Бекжан карыя бак тигип, көчөт олтургузганга бардык балдары келип, жардамдашып, түштөнүүгө чыгышканда ошол келини бир саат мурда тамак жасаганы кеткен. Барышса, казанда тамагы бышып, чайы кайнап, келини эшик алдындагы помидор, картошкасын чаап жатышыптыр. Күн чак түш, так төбөдө күндүн нуру ойноп, ысыгы мээден өтөт. Бешенесиндеги тамчылаган терин да аарчып албаптыр. Ошондо Күлүмкан байбиче ушул келинине ичи жылып, ыраазы болуп, башка келиндерине сабак болсун деп кеп айтты:

-Көрдүңөрбү, жашоо мына ушундай мээнеттен таттуу болот. Мына салкында көчөт эгүүгө жардамдашып, түшкүсүн силерге тамагын жасап, короосундагы жашылча-жемишин да чаап, тазалап алыптыр. Көрөсүңөр булар силерден да алдыга озуп кетет.

Күлүмкан байбиче айткандай болду. Жашында ушул баласы менен келини бешене тер агызып, турмуштарын оңдоп, өздөрүнүн балдарына пайдубал куруп беришти эле, азыр балдары аларга жардамчы болуп, жумуштары жеңилдеп, кабат-кабат там салып, катар катар машина минип, жаркылдап кийинип, бакубат жашоо кечирип калышты. «Кулдай иштеп, хандай жашап» жатышат.Буга ыраазы.

Иштеген иш тандап, же жерин жарытылуу иштете албай, башка бирөөгө сатып ошого курсагын тойгузган бир баласы атасы салып берген тамын же ремонттоп ала албай, же чоңойто албай баягы эле жашоосун кечирип келет.

Көрсө баарына бирдей тарбия бергени менен баары эле бирдей кабыл албайт экен. Ошентип, он баласынан бири жалкоорок чыкты. Ушунусуна ичи ачышат. Балдары жаш кезде турмушун оңдоп, тамын жаңылап алса деди эле, ага болбойт го. Эрте жаздан өзү киришип, баласын сүйрөп жүрүп, балдарын чогултуп, бетонун куйдуруп, жыгачтан сынч кылып, бышыктап тургузуп, үстүн кызыл туникe менен жаптырып салды. Эми калганын келин-экөөңөр бүткөрүп алгыла, деди эле уялышты окшойт, атасынын айтканындай болуп, ичи-тышын күзгө дейре бүткөрүп, элди чакырып, чай берип, карылардын батаасын алып, жаңы үйгө киришти. Эми ата-эненин да көңүлү жайлана түштү. «Мурдатан эле ушинтип көтөрмөлөп койсок болмок экен», деп алды ичтеринен эки кары. Эми деле кеч болбогонун айтып, кайра өздөрүн сооротко болушту.

Булардын баарын Күлүмкан байбиче көрүп турду. Бу заман мээнет жасагандын заманы болуп калды. Буга кубанат байбиче,мамлекет берет деп олтура берсе кантет. Кошуналары да тырбалаңдап тиричилик кылып жатышат. Жерин иштетип, оокаты бышык болгондор канча, дурустап иштете албай, бирөөгө сатып, ошо менен курсак тойгузгандар да бар. Дегиси колдун беш манжасы бирдей эмес болот тура.

90-жылдагы окуя аны аябай капа кылды. Ошто, Өзгөндө кан төгүлүп, эч ким ойлобогон эки-элдин ортосунан жарака кетти.Башчылар калыстык кылбай койду. Күнөөлүүлөр табылбай, жазаланбай кала берди. Ошонун кесепетинен дагы экинчи ирет 2010- жылы чоң чатак чыгып кетти. Ошондо Күлүмкан эненин жаны кашайды го. «Өз жеринде өз элинде эки эл кагылышканы эмнеси ботом, 90-жылдагы окуя сабак болгон деп жүрбөдү беле»,-деп алды ичинен күңгүрөнө. Короонун жанында көлөкөлөп олтурчу сөөрүсүндө тынч олтура албады. Эки элди атай-

ын касташтырыш үчүн ортодо жат бирөөлөр от жакканына көзү жетип турду карт адамдын. Сыртта үйлөр өрттөлүп, алоолоп от күчөп турса, анын ичинде дал ошондой жалын каптап жатты. Үйдөн чыга албай, беш убак намазын үзбөй окуп, теспесин тартып, төшөктө күңгүрөнүп олтуруп алды. Кудайга жалынып, миң кайталап жалынып, элдин тынчышын, оттун өчүшүн тилеп турду. Бир күн өттү, эки күн,үч күн. Башчылардан дайын жоктой. Эл ичинен чыккан уулдары болбогондо атаганат, бу жалын оо көпкө созулмак беле балким. Олтурган жеринде үн чыгарбай, көзүнөн жашын төгүп, сыздап ыйлады. Анын карт жүрөгү жабыгып жатты. Кат-кат бырыш баскан жүзүнөн ылдый аккан жашын аарчууга буямасы да келбеди. Анысын балдарына көрсөтүүдөн жүрөгү үшүп турду. Дүкөндөр, базарлар жабылып, унаа жүрбөй эл эртеңки күнүн элестете албай түйшөлүп турду.» Нан жапкыла»,-деди келиндерине. Күндө жыйырма-отуздап нан жаап, ач калган адамдарга тараттырып турду. Буйрук берип алып, өзү үйдө тезирээк жакшылыктын болушун тиленип отурду. Мурдагыдай жай жашоо уланышын көксөдү.Шаар тынчы?,- деп сурайт каттаган балдарынан. «Тынчый элек»,-деген жоопту угат. Ан сайын карт жүрөгү сыздайт, эки эмчеги зыркырап, кудум наристеси ач калгандай жабыкты кары. Анын энелик көз жашы, энелик тилеги кудайга жеткен белем, эл тынчыды.

Күлүмкан байбиче эл башына түшкөн ушул апаатты көрдү. Элдин уучу кур эмес экен, башчылары болбосо эл башчы боло турган уулдары бар тура. Ошолордун күчү, ошолордун акылы менен, ошолордун духу менен кайрадан тынччылык заман келди. Түгөнбөс кыргыз, төгүлбөс кыргыз, түбөлүк жашайт экен. Ушунун өзү от чыгаргандарга, журт башындагыларга, анан элге сабак болгусу бардыр. Эне ушинтип тиледи. Ушул тапта Алай ханышка-

сы Курманжанды эстеди. « Орус бийлиги кыргыз жерине чейин жетип, көтөрүлгөн кыргызды аеосуз жазалап, эл чочулап,үркүп турган мезгилде ошончо кыргызды, кыргыз деген улуу журтту сактап калып, орус башчылары менен шаратнаамага кол коюп, ошол кол коердо да өзүнүн талабын коркпой айтып,  мурда да баскынчылардан кырылып, андан кийин да өз башынан канча кыргынды көрүп, бирок майышпай келаткан  дагы кордук көрөрдө элди коргоп калган Курманжан болбогондо балким, Кыргыз мамлекети курулмак эместир эле. Журттун журт болуп, өлкө болуп куралышынын башаты да мына ушул Курманжан энебизден башталган эмес беле. Ошондой акылман, даанышман,  намыска бек,эл-жерим деген Курманжан датканын ошондогу улуулугун дале бийикке көтөрө албай жатабыз. «Курманжан даткадай», деп кээде айрым аялдарды теңеп да коебуз. «Биздей Курманжан даткалар көп болсо», дешет кээси айрымдар айткан пикирге кошулуп. Ал кишидей болуш кайда, өткүр экен, өжөр экен, акылы тунук, келечекти көрө билген даанышман экен. Андан мурда Манастай, акырында Курманжандай улуу инсандар бар үчүн кыргыз кыргыз бойдон сакталып келатат. Өткөн күндү  эске албай, сабак болсун дебей кээде чекилик иш кетип баратат».

Күлүмкан байбичкенин жүрөгү дагы ооруду. «Журт башындагылар кимиси келбесин биринчи убадасы толук ишке ашпай, эл кыйналып, акырында сабыр күтпөй, а эли башчыларын качырып…  бул кылымдар бою каада-салтынан тартып, муундан муунга сакталып келаткан, улуу тарыхы бар, санжыралуу кыргыз эли үчүн болбой турган нерсе,деп алды ичинен. «Эл байлык, а мамлекет башкарган падыша Жараткан колдоп,  журт башына келген адам. Элге сабыр, журт ээсине ыйман берсин, кыргыз оңолоор, кыргыз байый турган кез келер ». Күлүмкан эне ичинен

күңгүрөнүп алды.

Кыргыз көчү баягыдай өз жолуна түштү. Көчмөн калк болуп жашап, канча баскынчылардан таланып, талкаланып, кырылса да биротоло жок болуп кетпей, оо бир убакта Баатырлары дүйнө кезген мына эми тиричиликтин айынан дейлиби, кантсе да уул-кыздары аалам кезип, орус жеринде, андан ары канчалаган чет элде жашоо кечирип келет. Кыргыз тентиди деп, канчалык кейигенибиз менен бүгүнкү күндө да улуттун балдары эл таанып, жер көрүп, бир кезде өзүнүн ата-бабалары жердеген жерлерде байыр алып калышты. Бул да жашоо көчү. Демек, мына ушинтип, мурункулардын көчүн кийинкилери улап келет. Кебелбес кыргыз элинин башында көч башкарган башчысы бар.

# Жоогазын гүлүн ачканда

Ушул жаз Касымга эңсеп күткөн жакшы бир кабар жеткирчүүдөй сезилди. Мурда жаздын келишин байкабай да калчу. Эмнегедир жерге көктөм келгенден тарта, жүрөгү элеп-желеп болуп, бир башкача таризге туш келип жүрдү. Уулу эртең менен эрте институтка, кызы мектебине кеткен. Үйдө аялдын жоктугунан күн сайын эртең менен турганда бактардын өсүшүнө бир сыйра көз жүгүртө, эми гана гүлүн түйө баштаган гүлдөргө суу тарайт. Анан эшиктин алдына түтүктөгү суудан алып чачып, бир топко чейин короодо алаксып жүрөт. Бүгүн да күндөгү жумушун жасай баштады. Жамгырдын көп жаап, жаздын кечигибирээк келгениненби, айтор быйыл жоогазындары кечирээк гүлдөдү. Ошентсе да, баары тегиз гүл ача баштаптыр. Ушул үйдү салып бүткөндө мындан үч жыл мурда базардын картошкасын сатып келип, өз колу менен олтургузган. Алгачкы жылы гүлдөп бүткөндө, майдын этегинде баарын казып алып, кургатып, кышында үшүк албай турган жайга сактап койчу. Кийинки жылдан тартып, бул убарагерчиликтен тажап, жеринде калтырып үстүнө күйгөн кык таштап, анан тактайдын кырындысы менен жаап салчу болду. Биринчи жылы сейрегирээк эле. Быйыл катарынан тегиз жайнап чыгып, бою да бирдей өсүп, бажырайып ачыла баштады. Ушул жоогазындар короонун көркү сымал, бир башкача ажайып,сулуу көрүндү. Эркек болсо да табиятынан гүлдү жакшы көрөт. Бир үйдө тогуз кыздын арасынан жалгыз эркек болуп чоңоюп, эжелери короонун астына кыр-катар ар кыл гүлдөрдү эгишип, алар ачылганда жайнап ачылып, жаз-жай айларында алар жашаган үйдүн айланасында жыпар жыт аңкып,кудум эле кол менен жасап койгондой ажайып көрккө бөлөнчү.Балалыгындагы ушул көрүнүш өзү олтургузган гүлдөрүн карап жатканда дайыма көз алдына келе калганда кудум эле

бала сымал өзүнчө мулуңдап алчу. Аны чанып, балдарын да көзүнө илбей таштап кеткен аялы гүл өстүрчү эмес, аял болуп кээде олтургузуп койгон саналуу гүлдөрүн да кароону унутуп койчу, анын пейилин билген Касым өзү түптөрүн жумшартып, суу куюп, бапестеп карап турар эле. Бир саамга тиктеп турду да, эмнегедир бир кездеги керемет учурду эстегендей улутунуп алды. Ушул жоогазындарга байланышкан бир сулуу кызды жактырган, анын да жигитте көңүлү бар эле, бирок экөөнүн жолу эки айрылыш болду. Азыр кайда, эмне кылып жүргөнү ага белгисиз. Алгачкы жылдары кат жазышып, бир биринен кабар алып турушкан. Кийин таптакыр байланыш үзүлдү. Унутулуп бараткан сезими кайра козголгондой, негедир эсине түшүп кетти. Ар жылы жоогазындар гүл ачканда бир кездеги сүйгөнүн эстеп, бир топко тунжурап олтурмайы бар. Жоогазындар гүлүн төгүп, жалбырактары куурап жок болмоюнча көргөн сайын эсине ошол айжамалдуу кыз түшө берет.

X X X

Экөө тең курултайга барышкан. Филармониянын залына кире берип, алдыңкы орундукта олтурган жылдыздуу аялды көрүп, денесин калтырак басты. Жаштыктагы сулуулугу дале кетпептир. Карагаттай жайнаган сурмалуу көздөрү да ошондой моймолжуп, адамды өзүнө тартып турат. Турна мойну койкойуп, тик жакалуу көйнөк кийип алыптыр. Кол сумкасын тизесине коюп, эки колу менен таяна негедир ойлуу олтуруптур. Ошол олтурушу да жарашыктуу. Кез-кезде эсине түшкөнү болбосо унутуп да бараткан. Кайрадан албуут жаштыктагы ышкысы жангандай өзүн бир башкача сезди. Жүрөгү туйлап, бир жерде тура албай титирегени басыла бербеди. Бири чыкса, экинчиси кирип, топураган адамдардын арасынан бул жылдыздуу аял аны байкаган жок. Кимдир бирөө кире

берип, чыканагы менен катуу түртүп алды. Эркин тургандыктан, теңселе калып оңолду. Тигил аялдын жанына баруудан айбыкты да, анын артындагы орундуктардын экинчисинен кийинки катарга барып олтурду. Эми анын ак жуумал сулуу жүзүн көрбөй калды. Чогултуп, төбөсүнө түйүп алган чачы артынан да жарашып турду. Башын өйдө көтөрө койкое олтурушу да салабаттуу. Аңгыча уюштуруучулар кирішти да, төрдөгү кыр катар орундуктарга олтурушуп, курултай башталды. Эки көзү тигил аялда болгондуктан, ою-дарты да ошол тарапка бөлүнүп, кимдин эмне туурасында сүйлөгөнү кулагына кирбеди. Акырында баары ордунан туруп, сыртка жөнөй беришкенде, аял да турду. Кериле басып, адамдардын ортосунда баратты. Анын артынан күзөтүп, жүрүп олтурду. Сыртка чыга бергенде капыстан таппай калды. Элеңдей көп адамдардын арасынан издеп жатты. Күн кечтеп бараткан. Азыр эле бет алдында болчу, кайда кетти? Залга кире бергенде эле жанына барып олтурса болмок. Көп жылдар таппай жүргөндө, капыстан тууруна конгон куш сыяктуу пайда болгондо дагы өзү учуруп жиберип олтурат. Алдастай түшүп, издеп жатты. Көзүнө көрүнсө гана. Жүрөгү элеп-желеп, жаш баладай делдектеп, жолдон өткөндөрдү телмире тиктеп, издей берди. Карааны көзгө илешпейт. Ээринин кырча тиштеп, аргасы кетип турду. Аңгыча жамгырдын тамчылары бириндеп түшө баштады. Көчөдө башка жүрүүгө болбойт эле.Жеңил кийинип алган. Мейманканага карай жөнөдү. Баратып да, эки-жагын элеңдеп баратты. Мейманкана алыс эмес болчу. Бат эле жете келди. Экинчи кабатка көтөрүлө берип, бөлмөсүнүн эшигин ачып кирди. Жамгырдын тамчыларынан кийимдери бир аз нымдашып калыптыр. Ваннага кирип, жуунуп алгысы келди. Түтүктөн ысык-муздак сууну агызып, өзүнө ылайыкташтырып алды да, жуунду. Денеси сергип

калды. Аарчынып, кийимдерин кийип, жасанып-түзөнүп сыртка чыгып, эшигин бекитип жатып, жүрөгү дагы туйлап кетти. Ачкыч менен кошуна бөлмөнүн эшигин ачып жаткан аялга көзү түштү. Жанатан бери делдектеп таппай жүргөн аял анын жанындагы кошуна бөлмөдө экен. Эшикти ачып, туткасын кармай берип, ал да бир карап алып, тынымга токтой калды.Телмире тиктеп саамга экөө тең үнсүз турушту. Бири-бирин көргөнүнө ичтеринен ишене албагандай.

-Сен белең?-деди эркек.

-Менмин, а сен…

-Ооба, мен.

-Касымсынбы?

-Мен Касым, а  сен Күмүш.- Бөлмөнүн эшигин бекиттиби, же жокпу, айтор Касым Күмүшкө карай басты. Аял бери бурулду. Айжамал жүзү өзгөрбөгөн. Бир кездеги сулуу көздөрү дале жанып турат. Кыз кездеги сеңселген кыска чачтары өсүп, төбөсүнө чогултуп түйүп алыптыр. Анысы жарашып калыптыр. Баягы  уяң мүнөзү калган сыягы. Касым жанына келип, колун аста кармады, кыз кездегидей эле ысык экен. Титиреп кетти, денесин ошол жалын каптап кеткендей алдастады. Күмүш кирпиктерин ирмей, аста гана ылдый карады. Боек сүртүлбөгөн капкара кирпиктери ошол учурдагыдай төгүлүп турду.

-Сен кайдан? –Сөздү аял баштады. Чечкиндүүлүк кылды. Өзүнүн бошошо түшкөнүнө ыңгайсыздана Касым оңоло калды да, анын суроосуна суроо менен жооп берди.

-А сенчи? Мен курултайга келгенмин.

-Мен да. Күмүш  кайра эшикти бекитти да, алдыга басты. Эркек ага удаа басып, анан теңеле калды. Экөө тең сыртка карай бет алышты. Жамгыр басылып, аба тазарып, сергий түшүптүр. Ортодо жымжырттык. Сейил багын аралай,жай басып баратышты.  Куштар сайрап, бир

укмуш болуп кетти, кудум эле алардын үнү музыка чалынып жаткандай сезилди. Өз ичтеринен ойго баткандай.

-Кел олтуралы,-деди Касым Күмүштүн колунан аста кармап, дале баягы жылуулукту сезди.

- Сүйлө Касым, азыр кайдасын?- Күмүш ага суроолуу карады, сулуу көздөрү күлүңдөп турду. «Жаштыгы кетпептир, дале суктанаарлык, мени эстейт бекен, мен аны эмдигиче унута элек болчумун, дале сүйчүүмүн». –Дароо оюнан арыла түшүп, Күмүштүн суроосуна жооп берди.

-Шаардамын. Азыр өзүмдүн менчик басмаканам бар. кудайга шүгүр, ишим жакшы, кардарлар көп.

-Мен да шаарга жаңы эле келгенмин. Орто-Сайдан там сатып алдым.

« Там сатып алдым дегени эмнеси, жалгызбы?», деп алды ичинен Касым.

«Эмне үй-бүлөсү туурасында айткан жок»,-деди ичинен Күмүш.

-Үй-бүлөң туурасында айтпайсыңбы? –Күмүштүн сөзүнө күлө карады.

-Сен чанып кеткенден кийин көпкө жүрүп, сендейди таба албай, акыры бул ааламда сага окшогон кыз жок экенине өзүмдү ынандырып мени сүйгөн кызга баш коштум. Экөөбүздүн беш балабыз бар, үч уул, эки кыз. Алдын турмушка берип, келин алдым. Балдарымдын апасы мектепте иштейт. А сенчи? Күмүшкө суроо узатып жатып, анын жообун чыдамсыздык менен күттү.

- Мен министрликке орноштум. Эки уул, эки кызым бар. Сен айтмакчы, улууларымдын экөө өз жашоосу менен. Кийинкилери менин карамагымда Жолдошум бизнесте.

« Жашоосуна нааразы эмес экен»,-деп алды ичинен Касым. « Мени унутуптур, мен көргөндө дале элеп-желеп болуп турсам, мунун иши жок, мейли унутканы жакшы,

экөөбүздүн эки башка жашообуз бар, эми  жаш белек».

Жаштыгындагы сүйгөнүн жолуктурганда Күмүш кубанганы менен анын жашоосу өз нугунда жүрүп, бактылуу турмуш кечирип жатканына ичи ачыша түштү. Ал калп эле жолдошум бизнесте деп койду. Аны менен балдары жаш кезде эле ажырашып кеткен. Уул-кыздарын өзү тарбиялап, өзү окутту, кызын турмушка берип, уулун үйлөндүрдү. Бактысына балдары жакшы окуп, жакшы адам болушту. Тун кызы Асылгүл  жолдошу менен азыр Кытайда жашап, иштейт. Уулу Турат менен келини үй-бүлөсү менен  Москвада. Шаардан да үйдү мына ошол уулу алып берип, апасын көчүрүп келди да, өздөрү кайра иштегени кетишти. Алар Россиянын атуулу болуп алышкан. Эки уулу да ошол жакта төрөлдү. Балдарынын шарапаты менен аларга  пособие үчүн берилген акчага кошуп, Москва шаарынын көп алыс эмес жеринен үй сатып алышкан. Өз үйү болсо,  иштеп тапкан каражаты да өзүндө калат. Деги бул уулунан көңүлү тынчып калган, апасына каражат жөнөтүп турган да  ушунусу, кой дегенине көнбөйт. Кийинки уулу Мирлан мектепте жакшы окуп, теске катышып, өзү өтүп, Америкада окуп жатат. Заңгыраган үйдө эми 11-класстагы кызы Жайнагүл экөө гана жашайт. Министрликке жумушка орношкону чындык. Мектепти, университетти артыкчылык менен бүткөн. Акыркы мезгилде райондо акимдин орун басары болуп иштеп жаткан. Бул жерге бөлүмдүн башчылыгын беришти. Өзү менен бирге окуган группалашы  министр болуп калган. Экөөнүн байланышы эмдигиче бар, анан анын турмушун билгендиктен, « билимиң бар, тажрыйба жетиштүү, кел чогуу иштейли»,- деген ошол. Ага кошумча болуп, уулу там сатып алып, шаарда жашоону  айтып калбаспы. Эки сунуш бирге келип, борборго келгени да ошондон. Айылда деле турмушу жаман эмес болчу. Азырынча ал жердеги үйүн

калтырышты, туугандары карап турат. Эки уулунун бири буюрса жашайт, болбосо неберелеримдин бири барат, деген ою бар, же кийин өзү, эмнеси болсо да зыяны тийбейт. Кийинки уулу Америкадан окуусун бүтүп келсе, ал кайда иштейт өзү билет. Жаштайынан балдарын өз эркине койду. Аларга ишенет, анткени апасын уят кылышпады. Кудай колдоп, эми деле ыйманын берсин.

Ушуларды ойлоп олтурган Күмүштү Касым эркине койду.

-Күмүш мейманканадан жай алдыңбы?-деди Касым.

-Жок, үйүм ушерде турса, мейманканага мага эмне бар, айылдаш курбум менин дарегимди билбей, бөлмө алган экен, табышып алдык, ал азыр үйдө, кагаздары калып кетиптир, ошону алып, анан ачкычын тапшырып коеюн дегенмин. Анан сен учурап, баарын унутуппун да. Азыр кайра барып, алып кетейин, ал үйдө күтүп жаткан чыгар, курултайда көпкө олтурбасам керек дегенмин, ал да узарып кетти.

-Жолугушуп калдык, чогуу тамактаналы, анан үйүңө барарсың. Шаардын четинде тургандыктан, мен мейманканага жайгашканмын. Буюрса эртең менен курултайга катышып, анан кетемин.

-Башка күнү жолугалы, кененирээк сүйлөшөбүз. -Күмүштүн турпатынан шашылып жатканы байкалды. Касым аны кармагысы келбеди. Арттарына бурулуп кайра экөө мейманканага чогуу келишти. Аны менен жанаша басып баратып да, аны тапканына ишене албай жатты. Курбусунун бөлмөсүнөн кагаздарын алып, эшигин бекитип, Күмүш жөнөй берди. Анын кыймыл-аракетине назар салып турган Касым канчалык жакшы көрсө да, эмнегедир ага жакындоодон айбыкты. Көп убакытка көрүшпөй калгандыктанбы же жашы өтүппбү, Күмүш деле бул жолугушуудан алгач денесин калтырак басып, өзүн бир баш-

кача сезсе, азыр бир аз көнүп калды. Касым аны узатып, дагы кошо чыкты. Сыртка чыгары менен экөө кантсе да кыйылып  коштошушту. Шашып жатып, бири-биринин телефон номерин алганды да унутушуптур.

X X X

... Жумушунан жолдомо беришип,көлгө эс алууга келишти. Жанында шериги чогуу иштеген аял, бир чети экөө бир бирине жакын эже-сиңдидей болуп калышкан. Күмүш бойго жеткен кыз. А эжеси Сейил, эки баласы менен турмуштан жолу болбой күйөөсүнөн ажырашып кеткен. Айтымында жолдошу борбордо окуп, өзү жаш балдары менен айылда кайын-энеси менен кайын атасын карап калган. Кээ-кээде гана кабарын билдирип койгону менен жылына бир келгенде да аялына үзүлүп-түшүп, көңүл бура бербеген жолдошу бир күнү  «келиниңерди энесине жөнөтүп койгула», деп куш  тилиндей кат жазып, айылга каттаган  жолдош баласынан берип жибериптир. Ал кезде азыркыдай кол телефон келе элек мезгил. Баласынын эси жоктугуна кейиген ата-эне ымандуу келинине анын бул жоругун айтууга тилдери барбады. Ал тил катты бир күнү кайын энесинин кемселин тазалап жатып, чөнтөгүнөн таап алгандан кийин көңүлү иренжип, карыларга ыраазычылыгын билдирип, эки баласын бирин жетелеп, экинчисин көтөрүп, төркүнүнө кетип калган. Барганы менен «чыккан кыз чийден тышкары» болуп агасынын  аялы кабагын чытый бергендиктен, өзүмчө тиричилигимди кылайын деп, райондун борборуна келип, жумушка орношуп алды. Кесиби болбогондуктан, сырттан окууга кирип, иштеп жүрүп, аны да бүтүргөн. Райондук гезитте  башкы эсепчи болуп иштеп, ал жерде иштеп жаткан Күмүш менен мүнөздөрү келишип, эже-сиңди тутунуп калышкан. Балдары чоңоюп, бири бешинчи, экинчиси жетинчи  классга окушат.  Күмүш экөө чогуу эмгек өргүүсүнө чыгып, беш-

он күн эс алмакчы болуп көлгө келишкен. Бул жерде эч ким менен таанышпай, алагды болбой иш туурасында ойлобой бир гана эс алууну чечишкен.

Таңкы төрт-бештерде көлгө барышат. Бул убак эң сонун мезгил. Бүгүн да адаттагыдай Күмүш уйкудан сергек турду. Сейил уктап жатыптыр. Ордунан туруп,спорт кийимин кийип жатып эжекесин ойготту. Ал уйкулуу көзүн ушалап, керилип-чоюла ордунан араң козголду.

-Эрте го.

-Кайдан эрте, таң агарганы качан. Батыраак баралы. Суунун таза экендигинде, эч ким жокто киринип алалы. Анын үстүнө жөтөлүп жүрөсүз сизге абдан пайда.

Эжекеси ыкшоо тартып, анын артына чыкты. Бул учурда Күмүш көлдүн жээгине келип калган. Суу шарпылдап, бирде жээке, бирде ичкери карай атырылып жатты. Күч менен келгенде бутун сууга салып турган Күмүштү теңселте коет. Биринчи ичиркене түштү эле, азыр көнүп калды. Суунун жылуулугун сезе, магдырай, суу кечке калыбында жээктеп басты. Көңүлү көтөрүлүп, ырдагысы келди. Аста үн чыгара «Даныярдын» ырын эми гана баштап… « Мен көлгө жалгыз келдим…» Негедир үнүн бошошуп, жүрөгү эзилди. Жүрөгү менен жалбырттап сүйүп жүрсө да алыс деп, жигиттин сунушун четке кагып, аны да томсортуп, турмушка чыкпай койгон жигити Нур эсине түшө калып, ыйлагысы келди. Үн буулугуп, добушу да жакшы чыкпады. Бир кезде анын ысмын атап үн салган Сейил эжесинин добушу угулаары менен көз жашымды жууп салсын деп, көлгө боюн таштап жиберди. Күмүш сууда жакшы сүзчү. Балыктай чабак уруп, тээ ортолоп баратты. Артынан Сейилдин үнү угулуп жатты: -Күмүш алыс кетпе, чөгүп кетесиң, бери кайрыл.

Күмүш ыйлап, буулуккан калыбында, бирок мээлүүн сууга денеси жибий ырахаттанып сүзүп баратты. Бир кез-

де токтой калып, жээктен бир топ узап кеткенин көрүп, кайрадан артына кайрылып, жээке карай сүзүп келди. Эжекеси бутун сууга салып, кайра тартып алып, түшө албай туруптур. Жетери менен белинен шарт кармады да, сууга карай күч менен сүйрөп келип, кошо боюн таштады. Күмүштүн жан-дүйнөсүн эзген эмелеки ой дароо унутулуп кетти да, сууга кайра чумуду. Дене жазылып, көңүл кири тарап, суу тийген чачтары кундуздай жалтырап, суу үстүндө бир пери калкып бараткандай суу бетинде узатасынан жатып жай калкыды. Аны туурап, Сейил канча ирет оозу-мурдуна суу кирип чакады. Кантсе да, калкып тура албай жадаганынан, эки колу менен чапкылап чабак урган болуп, түшүп жатты. Сыртка чыгышса денелери үшүй түшүп, улам кайрадан сууга кирип, эки сааттай жүрүшкөн соң, жээке чыгып, кийимдерин алмаштырып, жатуучу жайларына карай жөнөштү. Таңкы салкын жел, көлдүн суусуна сергиген жаш денени ан сайын магдыратты.

Бөтөн эч ким менен сүйлөшпөй, жигиттер менен таанышпай, өздөрү эркин гана эс алалы дешкен. Жаш кызга кимдин гана көзү түшпөйт дейсиз. Болгондо да толукшуган айдай жетилип турган, суйкайган сулууга көз кырын таштагандар канча. Көлдөн келишип, кийимдерин алмаштырып, тамактанууга баратышканда арттарынан эки жигит жете келишти.

-Перилер тамактанууга бараткансыңар го, таанышып албайлыбы? –Тийишкен жигиттерди жактыра бербегендей Сейил жооп узатты.

-Ооба, тамакка. Таанышууга убакыт жок.

-Атайын көлгө эс алганы келип, тааныш таппай кетсеңер ичиңер ачышат чыгар.

Жигиттер да жөн жигиттер эмес сыягы.Көздөрү ойноктоп, шоктоно сөз катышты. Дароо экөө эки тарапка өтүп,

экөөнөн жооп күтүшкөн сыяктуу.

-Тааанышпай кеттик деп, ичи ачышканды биле элекпиз. Күмүш үнсүз гана жай басат, аларга жооп берген Сейил. Жигиттердин бирөөсү үн катпай кыздарды сырдуу тигилип, шоктонгону экинчиси.

-Тааныштын көптүгү жакшы го. Келгиле кыздар таанышып алалы. Шок жигит алдыга өтө жол тосо колун узатты.

-Момун,-деди Сейилге карай. Ал каткырып күлүп жиберди.

-Атыңызды да койгон экен. Момун дегени менен момундай эмессиз го.

-Кандай экенмин?

-Бир жерде тура албайсыз. Шакылдаган келиндей тил тилиңизге, эрин эриниңизге тийбейт экен. Атыңызды ата-энеңиз башкачараак койсо болмок. Алар момун болсун деп тилешкен го.

-Менин атымдын тарыхын не кыласыз, ысмыңызды айтпайсызбы?

-Мынча демиттиңиз?- Экөөнүн кайым-айтышуусуна кызыга карап турган шериги күлө Күмүштү тиктеп алып, мөлтүрөгөн капкара көздөрү менен чийилген капкара каштарын көрдү. Көрдү да ичи тыз дей түштү.- Менин атым Сейил,-деди келин атымды айтпасам жанымды койчуудай эмес дегендей таризде Күмүштү карай.- Бул periштедей болгон кыздын аты Күмүш. Болду чыгар, жолду бошотуп койгула.

-Менин досумчу, анын атын билгиңер келбейби,уккуңар келбесе да айтып коеюн. Аты Касым, республикалык эсептөө палатасында текшерүүчү. Жаш болгону менен анын алдынча канча менменсиген жетекчилер кол куушурушат.

-Охоо, силер жөн жигиттер эмессиңер го,-деди Сейил күлө карап турган сулууча жигитти карай берип. Биздин

Күмүштүн деле мансабы бийик. Гезиттин башкы редактору, а мен анын башкы эсепчисимин.

-Жапжаш туруп, башкы редактор. Сыймыктанса болот.- Алаканын шак уруп, Момун жолдош жигитинин жанына жакындай, кайрадан жол улашты. – Биз да эс алганы келгенбиз, бүгүн бешинчи күн. А силерге экинчи күн болсо керек.

-Кайдан билдиңер?

-Кантип билбейбиз, келгенден бери жакшы кыздар болсо таанышалы, балким өмүр шерик болобу деп баарына байкоо салып жүрөбүз.

-Жакшы оюңар бар экен? –Сейил Момунду кубаттап койду. Касым дале алмак-салмак тигилгени болбосо унчукпайт. Күмүш өз ойлору менен башка жакта жүргөн сыяктуу бет алдын телмире, кээде кадам санап, жай басат.

-Жүргүлө чогуу тамактаналы,-деди Момун. Муну каалабай турушса да Күмүштөр алардын сунушун эрксизден кабыл алышты.

… Көлдүн керемети, кызыктуу ирмемдер көңүлдүү эс алууга шарт түздү. Күн сайын таң эртең менен киринип, бой жазмай… Жээктен жээке урунуп, ак көбүк чачкан толкундар, шарпылдаган көлдүн шоокуму, дегиси мындай керемет анын көз алдында күн сайын кайталанбай турганын эстеп, убакытты бошко кетирбей, таңкы төртбештерге сууга түшүүнү бир күн да калтырышкан жок. Жигиттердин убактысы бүтүп калса да, кыздарга илешип, калып кетишти. Жүзүнөн нур төгүлгөн токтоо жигит, бир караганда муңайым сезилген айжамалдуу селкини кыя албай жүрдү. Акыркы күндөрү көлдөгү убакытты өткөрүү үчүн эмес, ушул кызды өмүрлүк жар деп тандап алгысы келди. Жанынан карыш жыла албай, анын элесине чырмалды да калды. Күмүш Ош шаарынан, Касым Нарындан.Студент кезинде да кыналышып басышып, жылдыз

санашкан тунгуч сүйүүсү Нур да Нарындан болчу. Аны жан оту менен каалап, жүрөгү элеп-желеп болуп турса да, ата-энесин таштай албай арзып сүйгөн жигитин таштаган болчу. «Эмне менин бешенеме Нарындык жигиттер туш болот. Неге? Атайын мени сыноо үчүнбү? Же менин эркимди майтаруу үчүнбү, жаштыгымды алаксытуугабы? Неге?»,- деп кыз ичинен буулукту. Канчалык макул дегиси келип турганы менен ушул жолу да кызга ашыктык сезимин айтканы менен ичинен көңүлү каалап турса да, жолдун алыстыгынан жигиттин аны жактырып калдым деген сөзүн көңүл сыртынан кетиргиси келди. Бирок ал да, ажырашаар убакыттын аралыгы жакындаган сайын жүрөгү зиркилдеп, кийин таптакыр көрүшпөстөй ичи ачышып турду. Кетээрден бир күн мурда түнү бою укташпай көл жээгинде ары бери басып, чарчаганда кум үстүндө олтуруп, таң атырышты. Уйкудан калышканы менен экөөнүн тең жүздөрүнөн уйкусуздуктун белгиси сезилген жок. Экөөнүн жүктөрүн көтөрүшө, эки жигит Бишкекке чейин чогуу келип, Манас аэропортунан кыздарды учакка салышты. Коштошордо Касым сыртында жоогазындардын сүрөтү бар китебин кызга белекке берди. Кесиби башка болгону менен анын адабиятка кызыгып, чыгарма да жазарын, кала берсе китеби да чыкканынан кабары жок болгондуктан, бул да кызга жаңылык болду. Көрсө жан-дүйнөсү да бир бирине жакын тура. Азыр китептин сыртын назик колдору менен сылап кадимки өсүп тургандай жоогазындарды жактыра тигилген кыз, талanttуу жигитке таазим этип тургандай жалооруй бир тиктеп алып, ууртунан жарашыктуу жылмайып койду. Ушул тапта жигитте кызды кое бергиси келбегендей аянычтуу сезим пайда болуп, макул деген эле белги болсо, закымдаган күлүк сымал жонуна олтургузуп алып,Нарынды карай алып учууга даяр эле. Бирок, ал ойлогондой, ал

көксөгөндөй болбогондугу ичин ачыштырып, эрксизден коштошууга туура келди. «Кайрылып бир күн жолугаарбыз» деген үмүттө аяр коштошуп, экөө эки тарапка сапар алышты.

Ашыктык каттар, махабат ырлары канчалык сүйүү отун алоолонтуп жандырганы менен өзүн бекем кармаган кыздын эркин бошото албады. Оорулуу апасын таштай албай Касымдын сунушун четке кага берди. Жигит айлап, жылдап күттү. Бара-бара көлдөгү кыздын сезимдери да өчкөн сыяктуу. Анткени, апасы, анан жумушу менен алпурушуп олтуруп, бир күнү артынан көптөн бери калбай жүргөн, өзү сүйбөгөн жигит ала качып кетти. Ал айылдашы болчу. Суз жашоого багынганы менен түбөлүк болбоду. Эки уул, эки кыздуу болушканда ажырашып кетишти.Жолдошун сүйбөсө да карыган кайын атасы менен кайын энеси жакшы адамдар болгондуктан, экөөн сыйлап жашап жүрүп, катарынан уул-кыздарды төрөдү. Ичкич күйөө жакшы аялдын баркына жетпеди.Зулумдугу менен зордук көрсөттү. Каалагандай басмырлады.Ичкич арында өтө кызганчаак эле. «Ким менен жүрдүң, кайсыл ойношуңа бардың, деги сен соо эмессиң»- деп сөөмөйү менен көзүнө кезей, сайып жиберчүүдөй обдула берчү. Ичинен жаны эзилип, куру жалаага жабыгып турса да, сыртына чыгарбай араккеч күйөөсүн тынчтандырууга аракеттенчү. «Бир аз эс алсаң, соолугуп каласың, эс ала койчу», деген анын сөзүнө ого бетер эээлигип кетчү: «Эмне мени уктатып коюп, ойношуңа кеткиң барбы, ага убада бергенсиң да». Алгач шапалак менен урса, кийин башы-көзүнө карабай тепкилегенин койчу эмес. Чырылдап ортого түшө калган балдарын желкесинен көтөрүп, ыргытаар эле. Баласынын жоругун көргөн кайын ата таягы менен уулун чапкылап, сыртка айдап чыкчу. Келининин бешенесинен аккан канын аарчый кайын эне, күнөөлүү адамдай бөйпөлөктөп

калчу. Коргоп турчу карылардын көзү өткөндөн кийин, күйөөсүнүн запкысына чыдабай, жолдошу чыр чыгарган бир күнү бир учук жип албай, түн бир оокумда балдарын жетелеп, бөтөн бир айылга кетип калды. Адистиги болгону менен кесибин таштап, бирөөнүн үйүндө башпаанек алып, балдарынын бактысы үчүн айылдык мектепте иштеп жатты. Ошол бойдон араң кутулганына шүгүрчүлүк келтирип, араккеч күйөөсүнө дайынын билдирбеди. Анысы ан сайын бөтөлкөнүн ичине түшүп, ата-энесинен калган тамын сатып, көчөдө калып, бир күнү суука тоңуп калыптыр. Балдарынын атасы үчүн боору ооруп, жерге жашырганы менен андан көргөн запкысы үчүн өлгөнүнө анчейин деле кейиген жок. Балдарынын бактысы, келечеги үчүн жалгыз өзүнөн башка күйөөр адам жоктугуна эми биротоло көзү жетти. Күмүш аталык да, энелик да милдетти бирдей аткарып, уул-кыздарын эл катарына кошту. Райондун борборуна көчүп келип, өз кесиби боюнча иштеп, андан соң, анын эмгегин билген жетекчилердин колдоосу менен мамлекеттик бийликке аралашып кетти.

Борбор деген борбор да. Көчөгө чыксаң да, кечинде үйдө олтурсаң да, унаалардын кымгуут- добушунан кулак тунуп, тынчтык аз.Ошого карабастан, Күмүш да көнүп кетти. Эми шаардык болуп калды. Күн сайын кызы Жайнагүл мектебине, өзү министрликтеги жумушуна кетет. Колумдан келбейт го деген, көнүп кетти. Шаардан окуп, жеткилең билим алып, иштеп жүргөндүктөн, иштин ыгын да жакшы билет эмеспи. Иш кагаздары менен таанышып, маалымат алып, өзүнүн негизги милдетин бат эле билип алды. Жумушу көңүлдүү болчу. Баарынан жумушка эртке келип, үйүнө кеч кайтат. Ал келгенче кызы тамагын жасап, баарын белендеп коет. Бири жумушундагы, экинчиси мектебиндеги жаңылыктарды айтып, зерикпей олтуруп кечки тамак ичишет. Анан апасы идиш-аягын жууп-таза-

лап, бир азга үй жумуштары менен алаксып, анан гезиттерди барактап, бир аз телевизор көрүп, чарчагандыктан, жатканга камынат. Кызы бир учурга чейин сабагы менен убара. Буюрса бюджетке өтөм деп даярданып жүргөн кези.1-классынан жалаң бешке окуйт. Шаарда деле жакшы окуп жатат. Тилегин берсин деп коет Күмүш кызынын аракетине кубанып.

Жумуштан чыга келип, министрликтин тушунда машинасынын жанында турган Касымды көрүп, денеси калтырай түштү. «Эмне болуп баратам»,-деп алды ичинен. «Ушул жигитти  дале жакшы көрөм сыягы. Баякүнү да ушундай болгон». Аны көрөрү менен Касым жаркылдай күлүп, алдынан тосуп чыкты.

-Кайдан таптың?

-Баякүнү айтпадың беле, министрликтемин деп. –Экөө кудум жаш кездегидей бирин-бири көргүсү келип, эңсеп жолуккандай сезилди. –Жүр бир ресторанга барып, тамактанганча сүйлөшөлү.

-Эмнени сүйлөшөбүз. Анын үстүнө үйдө кызым  жалгыз.

«Жолукканда жолдошум бизнесмен дебеди беле, калп айттыбы, же анысы бир жакка жумуштап кеткен чыгар». –Касымдын оюна ушулар келди. «Чынын эле айтып койсом бекен, баары бир бир күнү билип алса, уят болбоюн. Барса барайын да өзүм тууралуу чындыкты айтып берейин». –Күмүш өз ичинен ойлоп, ушундай бүтүмгө келип, Касым кабинасын ачып, анын унаасына олтурду. Жигиттин сунушун кабыл албай, алыстап, дайынсыз кеткен Күмүштү таап алганы үчүн Касым кубанычтуу. Жаш кезде туш болгон бакыт кушун өз тууруна кондура албай жандалбастаган жигит көпкө кыйналган. Акыры өзүнчө үй-бүлө күтүп, бир уул, бир кыздуу  болгондо элчилеп Россияга иштеп кеткен келинчеги келбей койду. Акчанын

артынан сая түшүп алып, уул-кызын да унутту. Акыры бир күнү келди да, ажырашаарын билдирди. Айтымында акчалуу бир улуту башка кишиге турмушка чыгып калыптыр. Анысынын өзүнүн кафеси бар экен. Ошондо иштеп жатыптыр. Кыска шым, үстүнө кыска кофта кийип, чачтарын сапсары кылып боеп алган аялын өзүнүн алмончоктой болгон балдарынын апасы экенин биле албай эси эңгиреди. Ал балдарын да унуткан сыягы, мээрими калбай калыптыр. «Силер атаңар менен калгыла, мен акча жөнөтүп турам»,-деди да эне сыяктуу бетинен өппөй, бооруна кыспай сыртта токтоп турган унаага түшүп кете берди. Ушул көрүнүштү көрүп өз көзүнө ишенбей турду Касым. Аялынын өз балдарына болгон мерездиги аны таң калтырса, балдарын аяп туруп, ичи ачышты.Ошондо уул-кызынын аралыгы үч жаштан, улуусу сегиз, кичине кызы беш башта болчу. Экөөнө тең аталык мээримин төгүп чоңойтту. Аялдан көңүлү калган жаны эч кимге көңүл бурбады. Туугандары канча ирет турмушка чыкпаган, күйөөсүнөн ажырашкан кыздар менен келиндерди көрсөтүштү. Бирөөнө да дит багып, көңүлү түшпөдү. Кеч үйлөнүп, өзү курдууларга караганда кеч балалуу болгондуктан, уулу эми гана университетке өтүп, кызы мектепте окуп жаткан учуру. Балдарынын окуусуна каражат төлөбөйт. Анын бактысына уулу өз бешене тери менен окуп жатат. Алар чоңойгончо мешке нан жаап, кирлерин жууп, үйдү өзү тазалап жүрдү. Балдары да тетик чыгышты. Чоңойгондо атасына жардамчы болуп, иш арага жарап, кийин ага жумуш жасатпай коюшту. Бешене тери менен иштеп, каражат топтоп, мамлекеттен алган жерине алгач пайдубалын куруп, анан дубалын, кийин чатырын жаап, актап, сырдап дегендей элчилеп, эки кабат, турак жай салып, андан кийин өзү айтмакчы басмакана ачып алды. Иши жакшы. Көңүлү тынч. Үйлөнүү тууралуу ою

жок, көңүлү жайланып, жашоосу бир калыпта өтүп жаткан кезде жаштыгында жоготкон Күмүштү жолуктурду. Ал да өз турмушун жашырды. Бирок, экөөнө тең чындыгын айтаар кез келди. Шаар четине чыгып, чакан, бирок өтө таза кафеге келип,четирээкте орундукка келип олтурушту. Касым эркектик кылып, биринчи сөз баштап, аялы башкага кеткенин, уул-кызы үчөө аялсыз жашоо кечирип жатканын айтып, Күмүштөн чекилик иши үчүн кечирим сурады. Күмүш да өзү туурасында ырасын айтты. Кудай тилегин берип, өз жүрөгү сезгендей бир кездеги арзуусу бир кызы Жайнагүл менен калганын угуп, буга кубанып, ичинен бактысын кайра кайрып берген Жаратканга ыраазы болуп жатты Касым. Көл жээгинде өткөргөн бактылуу ирмемдерди эске салып, ошол жаштык кайра кайрылып келгендей бир башкача сезимдер келди экөөнө тең. Касым Күмүштүн жүзүнө тигилип, сулуулугу кетпеген жароокерликти, көздөрүндөгү мээримди, нурду көрдү. Анын тиктей бергенине тайсалдап, кудум жаш кездегидей көздөрүн ала качты.Аялдын стол четине койгон эки колун бириктире кармап, Касым суроо катты:

-Күмүш эми менден качпайт чыгарсың.

-Балдарга күлкү болбойлу?

-Эмнеге күлкү, алар өз жашоолору менен, баарын түшүндүрүп беребиз. Билимдүү балдар, алар бизди колдошооруна ишенем.

-Ошондой болсо да, эми карыганда... -Күмүш дале жалтактап тургандай.

-Неге, али карый элекпиз. Болгону сен эми гана кыркка чукулдап , а мен кырк бирдемин, кары бекенбиз.

-Жашың кыркка келгенде улгайганыңды билесиң.

-Жоок Күмүшүм, сен мен үчүн селкилдеген кызсың, мындан ары кечиксе да өз бактыбызды учурбайлы.

Күмүш жаштыгы арта калганы менен дале сүйүүнүн

назыбы,анын эркине койгусу келди, макул деп, жар болууну самады, арзышып, арзуусуна жете албай, асмандан канат жайып учуп келген бүркүт сымал, өзү атайылап, торуна илиндирсе деп эңседи. Мурда оорулуу апасын аяп жүргөн, бир чети жаштык кылган, эми аял болгонуна карабастан Касымды колунан чыгаргысы келбеди. Дале кыз кезиндегидей сүрдөнүп, ичинен ушуну каалап турганы менен сыртына чыгара албай тайсалдады. Катарлашып келатып эле күтүлбөгөн жерден катуу кыйкырып жибергенин өзү да байкабай калды. Касым чочуп кетти, Күмүш кыз кезиндегидей жалжылдаган көздөрүн бакырайтып, жол боюнда үч идишке жык салынган түрдүү түстөгү жоогазындарга сугу арта телмирди. Жаш бала оюнчукту көргөндө алгысы келип, кызыгы артып, кумарлана түшкөндөй ал да ушул жоогазындарды бир кучак кылып алгысы келди.Жоогазындардын жибектей сарысы, чоктой кыпкызылы, анан ошол кызыл-сары аралашын да көрдү, анын гүлдөрдү тиктеп турганын сезген Касым аялдын жанына тездик менен басып келди да, чоктой кызылынан жана кызыл-сары аралашынан ого эле көп сатып алып, Күмүштүн колуна карматты, жоогазындар эки колуна тең батпай кучагына толду.

- Ого эле көп го.

- Сен ушунчалык көптү кааладың беле?

-Аны сен кайдан билдиң?

-Кантип билбейм, унута элекмин. Экөөбүз көлдөн кайтканда көп өтпөй Бишкекте жолукпадык беле. Ошондо апрель айынын этеги эле. Бир үйдүн жанынан өтө бергенде дал ушундай жоогазындардын гүлдөп турганын көрүп, суктангансың, ошондо да көздөрүң жайнап, бир башкача сулуу болуп кеткенсиң, азыркы турушуңду ошол кыз кезиңе салыштырдым, мага ошол кыз кезиндегидей жароокер, назик, уялчаак сезилдиң,дале ошол сапатта-

рың калбаптыр. Үйдүн короосуна да сен үчүн кыпкызыл жоогазындарды олтургузуп койгонмун, эми кызыл-сары гүлдөй турган жоогазындарды экөөлөп тигебиз. Жоогазындар гүлдөгөн ушул кез, биздин бактыбызга шерик болсун,-деди Касым гүл кучактап турган Күмүштүн эки желкесине колун кое көздөрүн тиктей берип.Көрсө сүйүү жаш-карыны ылгабайт тура, сүйүү улуу-кичүүгө карабай тайсалдатып, кээде сөз таптырбай алдастатат экен. Ушул кезде Күмүш кыз кезиндей назданып, уяң тартса, Касым сөз таппай карбаластап жатты.

Күмүш күлкү менен жооп бергендей  көздөрү менен эркекти тигиле карап, бир гана сөз айтты: « мейли сен айткандай болсун». Ушул бир сөз  кайрылып кайра табышкан эки адамдын турмуш тагдырын чечкендей болду.

Ошол  аптада  Касым эки досу, эки аяшы менен Күмүштү үйүнө алып кетти. Москвадан агасы, жеңеси менен келип Жайнагүл убактылуу үйдө калды. Муну туура көрбөгөн   Касым ала кетүүгө камынганы менен «башка күнү барсын, деген Күмүштүн сөзү менен кызы шаардагы үйүндө калды.Буга Жайнагүл таарынган жок. Ага чейин агасы жеңеси экөөлөп, айта берип, апасынын бул кадамын туура көрдү.  « Ушул кезге чейин балдарым деп жашадыңыз, бизге атасы бардан да артыгыраак кылып камкордук көрдүңүз.Биз сизге ыраазыбыз апа,бирок сизге  сиз бизге кам көргөндөй камкордук көрө албадык, ар кимибиз өз турмушубуз менен алекпиз. Иним менен карындашымды эми өзүм окутуп,  аларга өзүм камкордук көрөм. Сиздер бизге кеңешчи гана болуп, дайыма төрүбүздө жүрүңүздөр. Эми өзүңүз үчүн да жашап,  Касым ага менен бактылуу болуңуз. Ал жакшы адам экен», деп айткан уулу Тураттын сөзүнө бирде ыраазы болсо, бирде көзүнөн жашын кылгыртып, акылдуу  уул өстүргөнүнө кубанганы менен улгайганда турмушка чыгып жатканы үчүн өзүн ыңгайсыз

сезип турду.

Айлананы караңгылык каптаган маалда бир биринен сап кууган эки унаа кудум эле жаңы келин күткөндөй дарбазасы кенен ачылган короого күү менен келип токтогондо аларды бир нече аял күтүп алды. Сыртта ар кайсыл жерде орнотулган жарык жаркырап күйүп, короонун ичине күндүзгүдөй жарык берип турду. Күмүш жаш кездегидей ыңгайсыздана түшүп, Касымды бир карап алды. Анын жүзүнөн көптөн күткөн бакыт кушу тууруна конгонуна толкундануу ачык байкалып турду. Күмүштү аста карады да билинер-билинбес башын ийкеп койду. Колуна ак жибек жоолукту жая салган орто жаштагы аял момурап турган келиндин башына салып бүтүп, маңдайынан өөп, « бактылуу болгула, ак жолтой келин бол», деп айтты да, жанындагы келиндин колундагы пасноско салынган боорсокту пияладагы сары майга сүртүп, Күмүштүн оозуна салды, анан эки колу менен жанында турган аялдарды жол бошоткула дегендей таризде белги берип, үйгө кирүүгө ишарат кылды. Кудум эле жаш кыздай жүзү албыра түшкөн Күмүш тайсалдай түшкөндө Касым чыканагынан ала ичкери карай жетеледи.Босогодон бутун коердо жерге салынган аппак кыжымды көрдү да, кыргыздын салтын билген Күмүш эки колун бооруна алып, ылдый карай ийилип, ичкери жакта жардана карап турушкан аялдарга жүгүндү. «Кудай жалгасын, кошконуң менен кошо кары»,- деп айтылган сөздөн кийин боюн түзөй кенен дал ортосунда узатасынан коюлган стол үстүндөгү жайнаган тамак-аштарды көрүп, булар даярданып олтурушканын сезди. Бул жерге саналуу гана адамдар чогулушкан.Алар Касымдын үйлөнүшүнө тилектеш болгон жакын санаалаштары болчу.Эки жаштын үйлөнүү тоюндай дүркүрөтүп той берүүнү Касым каалаган жок, антүү Күмүшкө да жакмак эмес. Ал гана эмес, аз гана

адамдар чогулган ушул кеч да ага бир башкача таасир берип, орунсуз иштей сезилди. Касымдын коштоосу менен аста басып келип. өздөрүнө даярдалган эки орундуктун бирине олтуруп, башын ылдый салган калыбында үйүндө калган кызы Жайнагүлгө ичи ачыша башын ылдый салган калыбында үнсүз мелтиреди.

Кыргыздын салт-санаасы жасалып, коноктор түн бир оокумда тараашты. Кеч жатышканы менен дайыма эрте турганга көнгөн Күмүш уйкудан сергек ойгонду. Куш уйкуда жаткан Касым анын ордунан туруп, кийинип сыртка чыкканын сезген жок. Топурагы көрүнбөгөн кенен короого асфальт бастырылып, короодогу иреттүүлүктү көрдү,жазгы желге бир аз ичиркене түшкөнү болбосо көңүлү ачылды. Үйдүн тушунан көчөгө карай,жыйырма-отуз метрдей узатасынан кудум эле сызгыч менен чийгендей тептегиз роза гүлдөрү өсүп турат. Эми гана түйүп,бирин-серин ачыла баштаптыр. Анын кызыкканы үйдүн жанында бир тешедей жердин баарына жайнаган кыпкызыл жоогазындар болчу, көрүп, көздөрү жайнап кетти. Үйүндө аял болбосо да, бакчаны гүлгө ороп салыптыр. Бул мезгил жоогазындар тегиз ачылган апрелдин этеги эле.Ушул кооздукка тамшанып, Касымга түбөлүк жар болгонуна ишене албай кетти. «Чын эле жаштыктагы аруу сүйүмдү таптымбы?»,-деди ичинен күбүрөй. Түтүктөгү сууну агызып, эки колуна толтура жүзүн жууп, сергий түштү. Эми гана өйдө боло бергенде эшиктин ачылган добуш угулуп, карай берип, мойнуна аппак сүлгүнү арта салып өзүн көздөй күлмүңдөп келаткан Касымды көрө сала нурданган жүзү менен тигилди. «Аппак таңың менен»,деди Касым. «Сенин да агарып аткан таңың кут болсун». Ичинен бирде туура кылдым десе, бирде балдары чоңойгондо кайрадан турмушка чыкканын эп көрбөй, дале акылы бир жер-

де болбой, алагды болуп турган Күмүш бул оюн сыртка чыгарбай,Касымдын эркине багынды.

# Мазмуну

**Насыя...............................................**
**Көч......................................................**
**Жоогазын гүлүн ачканда..............**

Адабий көркөм чыгармалар
Абдилатипова Мубара

# Жоогазын гүлүн ачканда

Редактору М.Закирова.
Техникалык редактору Ж.Кадыров.
Корректору Г.Токтогулова
Жасалгалоочу Т.Маткалыкова.

«Улуу тоолор» басмасы.
720040. Бишкек шаары.
Ю.Абдрахманов көчөсү 170 а.

